КҮБӨЛҮК КАТТОО № 10342, 29.05.2024

ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ

МАТЕМАТИКА, ФИЗИКА, ТЕХНИКА ЖАНА ИНФОРМАЦИЯЛЫК ТЕХНОЛОГИЯЛАР ИНСТИТУТУНУН

# ЖАШ ОКУМУШТУУ

## илимий журналы




## НАУЧНЫЙ ЖУРНАЛ

# МОЛОДОЙ УЧЕНЫЙ

ИНСТИТУТА МАТЕМАТИКИ, ФИЗИКИ, ТЕХНИКИ И ИНФОРМАЦИОННЫХ ТЕХНОЛОГИЙ

№1 (2024)

**РЕДАКЦИОННАЯ КОЛЛЕГИЯ НАУЧНОГО ЖУРНАЛА “МОЛОДОЙ УЧЕНЫЙ” ИНСТИТУТА МАТЕМАТИКИ, ФИЗИКИ, ТЕХНИКИ И ИНФОРМАЦИОННЫХ ТЕХНОЛОГИЙ**

***Главный редактор:*** **Азимов Бектур Абдырахманович** – кандидат физ.-мат. наук, доцент, azimov@oshsu.kg.

***Заместитель главного редактора:*** **Абдирайимова Назигай Абдинабиевна** – кандидат физ.-мат. наук, доцент, nabdiraiimova@oshsu.kg.

***Члены редакционной коллегии:*** **Кожобеков Кудайберди Гапаралиевич** – доктор физ.-мат. наук, профессор; **Матиева Гулбадан Матиевна** – доктор физ.-мат. наук, профессор; **Сопуев Адахимжан Сопуевич** – доктор физ.-мат. наук, профессор; **Ташполотов Ысламидин Ташполотович** – доктор физ.-мат. наук, профессор; **Келдибекова Аида Осконовна** – доктор пед. наук, профессор; **Турсунов Дилмурат Абдиллажанович** – доктор физ.-мат. наук, профессор; **Каримов Салы** – доктор физ.-мат. наук, профессор; **Саипбекова Анара Мурадовна** – доктор физ.-мат. наук, профессор; **Кенжаев Идирисбек Гуламович** – доктор техн. наук, профессор; **Арапбаев Руслан Нурмаматович** – кандидат физ.-мат. наук, доцент; **Алтыбаева Мейликан** кандидат пед. наук, доцент; **Абдувалиев Абдыганы Осмонович** – кандидат физ.-мат. наук, доцент; **Осконбаев Маралбек Чотоевич** – кандидат физ.-мат. наук, доцент; **Айдарбеков Зарипбек Шарипович** – кандидат тех. наук, доцент; **Борбоева Гулниса Маматкановна** – кандидат физ.-мат. наук, доцент; **Сопуев Уланбек Адахимжанович** – кандидат физ.-мат. наук, доцент; **Калбекова Махпурат Жамшитовна** – кандидат физ.-мат. наук, доцент; **Кудуев Алтын Жалилбекович** – кандидат тех. наук, доцент; **Жолдошов Толкун Мамытович** – кандидат тех. наук, доцент; **Токторбаев Айбек Мамадалиевич** – кандидат физ.-мат. наук, доцент; **Эркебаев Улукбек Зайирбекович** – кандидат физ.-мат. наук, доцент; **Акматов Абдилазиз Алиевич** – старший преподаватель.

# СОДЕРЖАНИЕ

**Акматов А.А., Каламбай кызы Ш., Мамаджанова К.М.** Математикалык моделдөөнүн маселелери........................................................................................ 6

**Акматов А.А., Курбаналиев А.Д.** Жалпы республикалык тестирлөөдөгү колдонмо математиканын маселелери........................................................................ 15

**Акматов А.А., Акылбек кызы А.** Эстетикалык тарбиялоо жараянындагы математиканын орду …..................................................................................... 21

**Акматов А.А., Худайбердиева У.А.** Дифференциалдык теңдеменин чечиминин жалпыланган функциялар мейкиндигиндеги аныкталышы........................ 28

**Атакулов С., Уланбек кызы А., Бакирова Н.А.** Болочоктогу мугалимдин маалыматтык-коммуникациялык технологиялар каражаттары менен кесиптик-педагогикалык жактан өзүн-өзү өнүктүрүү.................................................. 35

**Баястан уулу Б, Жалил уулу Ж., Кенжекулов З.Б.** WEB - сайт түзүү үчүн колдонуулучу каражаттар........................................................................................ 40

**Бектемирова А.К. Эсен кызы С.** SWIFT программалоо тилинде мобилдик тиркемелерди даярдоодогу өзгөчөлүктөр.................................................... 50

**Жаанбаева К. Ч. Исломов Б.И., Ахмадов И.А.** Учет поступления и расходования материальных запасов мчс кр, по городу узген....................................... 58

**Жолдошбаев М. П., Таникулов Т.К.** Ишкердүүлүк натыйжаларын оптималдаштыруу мисалдары аркылуу, окуучуларда математикалык моделдерди колдонуу көндүмдөрүн калыптандыруу боюнча айрым сунуштар ........................................................................................................................ 63

**Жолдошов Т.М., Аманова Н.Ж., Гадоев С.С.** Интернет дүкөндөрүнүн маалыматтык системаларынын пайда болуусу жана өнүгүүсү.................................... 73

**Жолдошов Т.М., Аширали кызы Э.** Графикалык дизайнда түс теориясынын колдонулуштары........................................................................................................ 81

**Камалидинова Б. К., Мамадалиева М. А., Токтомушева Э.А.** $E_4$ мейкиндигин бөлүктөп чагылтуунун кубулбаган болушунун зарыл жана жетиштүү шарттары............................................................................................................... 89

**Комили М.А.** Некоторые аспекты обучения решению показательных и логарифмических уравнений.............................................................................. 96

**Осконбаев М.Ч., Курбанбекова Т.Ж.** Энтропиянын маалыматтык аныкталышы............................................................................................................ 100

**Макамбаева Ж.А., Салиева Б.** Окуучулардын таанып билүү жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүү жолдору........ 105

**Мамытов Э.А.** Основы автоматизации работы аптеки на примере Кара-Кульджинского района........ 111

**Мелисов А.Н., Шардаева А.А., Орозбекова А.Н.** Интернет магазин түзүүнүн методологиясы........ 120

**Нуранов А.Ш., Курбаналиев А.Д.** Логикага негизделген маселелерди чыгаруу ыкмалары........ 124

**Нуранов Б.Ш., Сражидин уулу Н.** Жалпыланган функциялардын туундусу........ 131

**Нурмуханбет кызы Х., Сазанова А.К., Рустамова Н.** $E_5$ мейкиндигин бөлүктөп чагылтууда ($\Delta_{(1345)}$, $\Delta'_{(1345)}$) түгөйүнүн квазикошмок сызыктарынын жашашынын зарыл жана жетиштүү шарттары........ 137

**Оморов Ш.Д., Урустемов М. Э.** Математика мугалиминин коммуникативдик компетенттүүлүгү........ 144

**Оморов Ш.Д., Уланбек кызы А., Ураимова А.** Математика сабагында мотивацияны жогорулатуу ыкмалары ........ 148

**Орозали кызы А., Сырбек кызы Э., Хашимова Г.** Корреляциялык - регрессиялык моделдердин негизинде экономикалык кубулуштарды прогноздоо........ 154

**Садиева А.С., Акылбек кызы А.** Функциянын үзгүлтүксүздүгүн аныктоонун ыкмалары........ 164

**Сайипбекова А.М., Исмаилов М. М., Акназар кызы К.** Преимущества цифровых технологий в повышении точности сейсмологических исследований........ 169

**Токтобаева З.М., Асамидинова Д.Ж.** Бир тектүү эмес бөлүгү сингулярдык функция болгон дифференциалдык теңдемелерди чыгаруу........ 177

**Торогельдиева К.М., Оморов Ш.Д., Абдималикова Ж.** Математикалык түшүнүктөрдү түзүү боюнча ишти уюштуруу........ 184

**Турсунов Д.А, Турсунбаева Р.Б., Абрасим кызы Н.** Жалпыланган чектик функциялар усулу жана анын колдонулушу........ 190

**Турсунов Д.А., Мамасидиков Э., Турсунбаева Р.Б.** Кадимки дифференциалдык теңдемелерди maple пакетинде анализдөө........ 196

**Турсунов Д.А., Мамасидиков Э., Турсунбаева Р.Б.** Бөлчөк тартиптеги дифференциалдык теңдемелер........ 202

**Чамашев М.К., Абдыраимов Ж.А.** Anylogic имитациялык моделдөө чөйрөсүндө сорттоочунун моделин иштеп чыгуу.......................................................... **209**

**Чамашев М.К., Равшанбеков И.** MICROSOFT SHAREPOINT негизинде ишкананын берилиштеринин башкаруу системасын талдоо......................................... **221**

**Шамшиева Г.А., Гаипова С.А.** Мобилдик тиркемелер жана аларды окуу процессинде колдонуу........................................................................................... **235**

**Эркебаев Ж., Тажибаев А., Насиров А.С., Кочконбаева Б.О.** Применение гис технологий в противопожарной службе......................................................................... **244**

**Эркинов А, Кулчинова Г.А.** Санариптик технологияларды юридикалык ишмердүүлүктө колдонуунун преспективалары............................................................ **248**

## МАТЕМАТИКА

УДК 517.928

# МАТЕМАТИКАЛЫК МОДЕЛДӨӨНҮН МАСЕЛЕЛЕРИ

Акматов Абдилазиз Алиевич
улук окутуучу ОшМУ
aakmatov@oshsu.kg,
Каламбай кызы Ширин
магистрант ОшМУ
Shirin.kalambaeva@gmail.com,
Мамаджанова Кылымгүл Маматовна
магистрант ОшМУ
kylymm.01@gmail.com

**Аннотация:** Макалада математикалык модели дифференциалдык теңдеме болгон текстүү маселелер каралат. Маселенин математикалык моделин түзүүдөн кийин, ал модел аркылуу ошол текстүү маселеде кездешүүчү кубулушту так мүнөздөөгө болот. Математикалык моделдөө кубулушту изилдөөнүн эң оптималдуу жолу болуп саналат. Макалада текстүү маселелер каралып, алардын математикалык модели катары биринчи даражадагы дифференциалдык теңдемелер алынат.

**Ачкыч сөздөр:** математикалык модел, дифференциалдык теңдеме, чечим, катар, текстүү маселе.

# ЗАДАЧИ МАТЕМАТИЧЕСКОГО МОДЕЛИРОВАНИЯ

Акматов Абдилазиз Алиевич
старший преподаватель ОшГУ
aakmatov@oshsu.kg,
Каламбай кызы Ширин
магистрант ОшГУ
Shirin.kalambaeva@gmail.com,
Мамаджанова Кылымгүл Маматовна
магистрант ОшГУ
kylymm.01@gmail.com

**Аннотация:** В статье рассматриваются текстовые задачи, математической моделью которых является дифференциальное уравнение. После создания математической модели задачи, можно точно

охарактеризовать явление, происходящее в этой текстовой задаче. Математическое моделирование – является наиболее оптимальный способ изучения явлению. В статье рассматриваются текстовые задачи, в качестве их математической модели получаестся дифференциальные уравнения первого порядка.

**Ключевые слова:** математический модель, дифференциальные уравнения, решение, ряд, текстовые задачи

*Киришүү.* Макалада биринчи тартиптеги дифференциалдык теңдемелерге келүүчү текстүү маселелер каралат.

*Маселенин коюлушу***.** Төмөнкү теңдеме

$$y'(x)+a(x)y(x)=b(x), \tag{1}$$

карайлы. Мында $a(x),b(x)$-белгилүү функциялар, ал эми $y(x)$-изделүүчү белгисиз функция, $y'(x)$-изделүүчү белгисиз функциянын биринчи тартиптеги туундусу. Белгилей кетчү нерсе $y(x)$ -изделүүчү белгисиз функция биринчи тартипте катышса, (1) барабардыгы менен аныкталган теңдеме бир тектүү эмес кадимки биринчи тартиптеги дифференциалдык теңдеме деп аталат.

Мына ошол себептүү жумушта туруктуулук маселесине келүүчү механикалык маселени карайбыз. Маселе кидимки биринчи тартиптеги бир тектүү эмес дифференциалдык теңдеме болуп саналат.

*Маселе 1.* Баштапкы алдамдыгы $\vartheta_0$ болгон “Локомотив” аттуу поездин ылдамдануусу тартуу күчү $F$ - ке түз, ал эми поездин массасы $m$ - ге тескери проворциялаш. Локомотивдин тартуу күчү $F=b-k\vartheta(t)$ . Мында $\vartheta(t)$ поездин ылдамдыгы, $b,k$ - турактуу чоңдуктар. Эгерде баштапкы момент $t_0=0$ болсо, $F=F_0=b-k\vartheta_0(t_0)$ экендигин эске алуу менен убакыттын өтүшүндө поездин тартуу күчүн тапкыла.

*Чыгаруу.* Локомотивдин ылдамдыгы $\vartheta$, убакыттан функция болот. тактап айтканда $\vartheta=\vartheta(t)$. Ньютондун экинчи мыйзамы боюнча

$$F=ma.$$

Маселенин шарты боюнча поездин массасына тескери тартуу күчүнө түз пропорциялаш. Анда

$$a=\frac{F}{m}.$$

Тартуу күчүнүн маанисин эске алуу менен

$$a=\frac{b-k\vartheta(t)}{m}.$$

Ылдамдануу бул ылдамдыктан алынган биринчи тартиптеги туунду болот $a = \frac{d\vartheta(t)}{dt}$

.

Демек, түзүлгөн теңдеме

$$\frac{d\vartheta(t)}{dt} + \frac{k}{m}\vartheta(t) = \frac{b}{m}.$$

Теңдеме турактуу коэффициенттүү биринчи тартиптеги бир тектүү эмес дифференциалдык теңдеме. Себеби $k$ - ченемсиз турактуу чоңдук, $m$ - поездин массасы ал да турактуу чоңдук, ошондой эле $b$ - поездин тартуу күчү, ал да турактуу чоңдук. Теңдемени Лагранждын варияцияло усулу менен чыгарабыз. Анда чечим

$$F(t) = F_0 \exp\left(-\frac{k}{m}t\right).$$

Алынган чечим $\vartheta(0) = \vartheta_0$, баштапкы шартын эске алуу менен жазылды.

Эгерде поезд чексиз убакытка дейре жүрсө б.а. убакыт чексизге умтулганда поездин ылдамдыгы нөлгө барабар болуп калат. Тактап айтканда

$$\lim_{t\to+\infty} F(t) = \lim_{t\to+\infty} F_0 \exp\left(-\frac{k}{m}t\right) = 0.$$

Бул барабардык поезд эч качан чексиз убакыт кыймылда боло албастыгынан кабар берет. Ага анын техникалык мүмкүнчүлүгү жана күйүүчү майы да жетпейт.

*Маселе 2.* Биринчи тартиптеги химиялык реакциянын жүрүү тартибинин ылдамдануу турактуусун аныктагыла.

*Чыгаруу.* Химиялык реакциялардын тартиби теңдеменин сол жагындагы бардык малекулалардын санына барабар. Тактап айтканда

$RaB \to RaC$,

реакциясы биринчи тартиптеги реакция болот.

Теңдеменин сол жагына катышкан компоненталардын теңдеменин оң жагына катышкан компоненталарга айлануу ылдамдыгы $\vartheta$ реакциянын ылдамдыгы деп аталат.Демек, $A$ бирдик көлөмдөгү реакцияга кирүүчү заттардын концентрациясы же аракеттеги массасы болсун.

Аракеттеги массанын мыйзамы боюнча убакыттын учурдагы моментинде аракеттеги масса реакциянын ылдамдыгы деп аталат.

Математикалык жактан алып караганда биринчи тартиптеги реакция төмөнкүчө болот:

$A \to$ реакциянын даяр продукциясы.

Эгерде $A$ затынын баштапкы концентрациясы $a$, ал эми $x$ убакыттын $t$ аралыгындагы реакция жүргөнгө дейре болгон литрге туура келүүчү моль болсун. Анда ал учурга туура келүүчү аракеттеги масса $a-x$ болот.

Демек, реакция ылдамдыгы $\frac{dx}{dt}$ төмөнкү туюнтмага барабар болот:

$$\frac{dx}{dt}=k(a-x). \tag{2}$$

Мында $k$ пропоционалдуулук коэффициенти же тактап айтсак ылдамдыктын турактуусу болот. Ал коэффициент химиялык жараяндын шартынан көз каранды болот.

Жогорку аныкталган (2) теңдеме өзгөрүлмөлөрү бөлүктөнүүчү теңдемеге келет. Анда өзгөрүлмөлөрүн бөлүктөп

$$\frac{dx}{a-x}=kdt. \tag{3}$$

Анык интегралды (3) барабардыктан тапсак

$$\ln\left(\frac{C}{a-x}\right)=kt. \tag{4}$$

Бул жерде $C=a-x_0,\ \ t_0=0$.

Убакыттын баштапкы моментинде б.а. $t_0=0$болуп, химиялык реакция жүрө элек болот. Демек, $x=0$. Айтылгандарды эске алуу менен (2) теңдеме үчүн төмөнкүчө баштапкы шартты коюуга болот:

$$x(0)=0. \tag{5}$$

Мына ошондуктан (2) теңдеме жекече чечимге ээ болот. Ал үчүн

$$\ln\left(\frac{C}{a-0}\right)=k\times 0,$$

$$\frac{C}{a-0}=e^0,\ \ \frac{C}{a}=1,$$

$$C=a, \tag{6}$$

келип чыгат. Аныкталган (6) барабардыктагы турактуунун маанисин (4) жалпы чечимге коюп:

$$\ln\left(\frac{a}{a-x}\right)=kt, \tag{7}$$

$$\frac{a}{a-x}=e^{kt},$$

$$a=e^{kt}(a-x),$$

$$e^{kt}x=e^{kt}a-a,$$

$$x=a\left(1-e^{-kt}\right). \tag{9}$$

Аныкталган (8) чечим (5) Кошинин баштапкы шарттарына туура келүүчү жекече чечим деп аталат. Мындай чечимдер тууралуу жумуштун биринчи бөлүгүндө маалымат берилген.

Маселенин шарты боюнча биз $k$ -коэффициентин тактап айтканда ылдамдык турактуусун табуубуз керек. Анда (7) барабардыктан

$$k = \frac{1}{t}\ln\left(\frac{a}{a-x}\right). \tag{10}$$

*Маселе 3.* Радиоактивдүү $RaB$ элементи 26.7 минута ичинде жарымына чейин ажырап $RaC$ радиоактивдүү элементин пайда кылат. Эгерде $RaB$ радиоактивдүү элементинин 0.2 бөлүгүнүн ажыроо убактысын тапкыла.

Чыгаруу. Бул учурда биринчи тартиптеги химиялык реакция жүрөт. Мына ошол себептүү

$RaB \to RaC$.

Мына ошондуктан химиялык реакциянын дифференциалдык теңдемеси

$$\frac{dx}{dt} = k(a-x). \tag{2}$$

Өзгөрүлмөлөрүн бөлүктөп

$$\frac{dx}{a-x} = kdt. \tag{3}$$

Акыркы теңдемени интегралдап

$$t = \frac{1}{k}\ln\left(\frac{C}{a-x}\right). \tag{4}$$

Бул жерде убакыттын баштапкы моментинде $t_0 = 0$ болгондо химиялык реакция жүрбөйт. Демек, баштапкы шарт катары

$$x(0) = 0. \tag{5}$$

Аны текшерип алсак, анда

$$0 = \frac{1}{k}\ln\left(\frac{C}{a-0}\right),$$

$$\ln\left(\frac{C}{a-0}\right) = 0, \quad \frac{C}{a} = 1,$$

$$C = a. \tag{11}$$

Аныкталган (11) турактууну (4) жалпы чечимге коюп,

$$t = \frac{1}{k}\ln\left(\frac{a}{a-x}\right). \tag{12}$$

Кошумча алсак маселеде берилген шарттарды эске алып, $t = 26.7$ минутада $RaB$ радиактивдүү заты жарымына чейин ажырап $RaC$ радиоактавдүү элементин пайда кылган. Демек, $x = \frac{a}{2}$, болуп (12) барабардык

$$26.7 = \frac{1}{k}\ln\left(\frac{a}{a - \frac{a}{2}}\right) = \frac{1}{k}\ln 2,$$

же

$$k = \frac{\ln 2}{26.7},$$

$$k = \frac{0.6931471806}{26.7},$$

$$k \approx 0.026. \tag{13}$$

Маселенин шарты боюнча $RaB$ радиоактивдүү элементинин 0.2 бөлүгү канча убакытта $RaC$ радиоактивдүү затка айланырын аныктоо болчу. Ал үчүн (13) барабардыкты (12) барабардыкка коюп:

$$t = \frac{1}{0.026}\ln\left(\frac{a}{a - 0.2}\right) = \frac{1}{0.026}\ln\left(\frac{5}{4}\right) \approx 8.6 \text{ минута.} \tag{14}$$

Жогору (14) барабардыгынан көрүнгөндөй 8.6 минута убакытта ишке ашары келип чыкты.

*Маселе 4.* Маселенин шарты боюнча $A$ заты $B$ затына айланат. Арадан бир саат өткөндөн соң реакциянын натыйжасында 44.8 грамм $A$ заты калган. Ал эми арадан үч саат өткөндөн соң 11.2 грамм $A$ заты калган. Анда $A$ затынын баштапкы бөлүгүнүн $\frac{1}{64}$ бөлүгү калуучу убакытты жана заттын баштапкы $a$ санын тапкыла.

*Чыгаруу.* Каралуучу реакция биринчи тартиптеги реакция болгондуктан

$A \to B$.

Биринчи тартиптеги химиялык реакциянын дифференциалдык теңдемеси

$$\frac{dx}{dt} = k(a - x),$$

өзгөрүлмөлөрүн бөлүктөө менен

$$\frac{dx}{a - x} = kdt. \tag{3}$$

Алынган (3) барабардыкты интегралдоо менен

$$-\int \frac{d(a - x)}{a - x} = kt + C_1,$$

мындан

$$\ln(a-x)=-(kt+C_1). \qquad (15)$$

Акыркы барабардыкты потенцирлөө менен

$e^{\ln(a-x)}=e^{-(kt+C_1)}=e^{-kt}e^{C_1}$,

же

$$a-x=Ce^{-kt}, \qquad (16)$$

мында

$C=e^{C_1}$.

Баштапкы шарттарды текшерели. Анда $t_0=0$болуусунан

$$x(0)=0. \qquad (5)$$

Текшерели

$a-0=Ce^{-k\times 0}$,

же

$C=a$.

Аныкталган турактуунун маанисин (16) жалпы чечимге коюп:

$a-x=ae^{-kt}$,

же

$-x=ae^{-kt}-a$.

Мындан

$$x=a(1-e^{-kt}). \qquad (17)$$

Маселенин шартынан кошумча шарттарды алалы. Анда

$t=1$ болсо, $x-44.8$;

$t=3$ болсо, $x-11.2$.

Демек,

$$\begin{cases} a-44.8=a(1-e^{-k\times 1}), \\ a-11.2=a(1-e^{-k\times 3}). \end{cases}$$

Кыскартуулардан кийин

$$\begin{cases} \dfrac{a}{e^h}=44.8, \\ \dfrac{a}{\left(e^h\right)^3}=11.2. \end{cases} \qquad (18)$$

Системаны чечип алалы:

$a=44.8e^h$,

$$\frac{44.8e^h}{\left(e^h\right)^3} = 11.2,$$

мындан

$e^h = 2$,

келип чыгат. Демек,

$a = 44.8 \times 2 = 89.6$.

Аныкталган маанилерди (17) барабардыкка коюп

$x = 89.6(1 - 2^{-t})$,

мындан

$$2^t = \frac{89.6}{89.6 - x}. \qquad (18)$$

Маселенин шарты боюнча изилденүүчү убакыттын $t$ моменти

$$x = \frac{1}{64} \times a = \frac{89.6}{64}.$$

Аныкталган маанини (18) барбардыкка коюу менен

$$2^t = \frac{89.6}{89.6 - \frac{89.6}{64}},$$

же

$2^t = 64$.

Изделүүчү убакыт

$t = 6$ саат.

*Корутунду.* Математикалык моделдөөнүн жардамында ар түрдүү текстүү маселелердин аналитикалык жазылуусун дайыма жазып алууга дайыма болот. Эгерде математиканы окуп үйрөнүүдө, ар дайым моделдөөнү пайдаланып келип чыккан теңдеменин чечимин изилдөөнү баштасак жасаган жумушубуздун жыйынтыгын көрүүгө болот. Айтылгандарды жогоруда келтирилген үч мисал далидейт. Математикалык моделдөөнүн эң жогорку формасы катары дифференциалдык теңдемелерди[1-3] айтууга болот.

## АДАБИЯТТАР


1. Понтрягин, Л.С. Обыкновенные дифференциальные уравнения. [Текст] / Л.С. Понтрягин // – Москва: Наука, 1982. – 332 с.

2. Понтрягин, Л.С. Некоторые вопросы теории дифференциальных уравнений с малым параметром.[Текст] / Л.С. Понтрягин, Е.Ф. Мищенко // Труды МИАН. – 1985. –Т. 169. – С. 99-188.

3. Понтрягин, Л.С.Периодическое решение одной системы обыкновенных дифференциальных уравнений с малым параметром.[Текст] / Л.С. Понтрягин, Л. В Родыгин // Док. АН СССР. – 1960. –Т. 132. – С. 537-560.

## МАТЕМАТИКА

УДК 37.036

# ЖАЛПЫ РЕСПУБЛИКАЛЫК ТЕСТИРЛӨӨДӨГҮ КОЛДОНМО МАТЕМАТИКАНЫН МАСЕЛЕЛЕРИ

Акматов Абдилазиз Алиевич
улук окутуучу ОшМУ
aakmatov@oshsu.kg,
Курбаналиев Абдижапар Данярович
магистрант ОшМУ
chonalaik@gmail.com

**Аннотация:** Макалада окуучуларды жалпы Республикалык тестирлөөгө даярдоодо кездешүүчү колдонмо маселелерди чыгаруунун ыкмалары каралат. Колдонмо маселелерди чыгаруудагы ыкмалар жана алардын негизделиштери берилет. Ошону менен бирге маселени чыгарууга сунуштар да берилет.

**Ачкыч сөздөр:** мугалим, окутуу, логика, тестирлөө, салыштыруу, критикалык ой жүгүртүү, колдонмо математика.

# ЗАДАЧИ ПРИКЛАДНОЙ МАТЕМАТИКИ В ОБЩЕРЕСПУБЛИКАНСКОЙ ТЕСТИРОВАНИИ

Акматов Абдилазиз Алиевич
старший преподователь ОшГУ
aakmatov@oshsu.kg
Курбаналиев Абдижапар Данярович
магистрант ОшГУ
chonalaik@gmail.com

**Аннотация:** В статье рассмотрены прикладные задачи и их способы решения при подготовке студентов к общереспубликанскому тестированию. Приведены методы решения прикладных задач и их обоснование. При этом вносятся предложения по решению задачи.

**Ключевые слова:** учитель, обучения, логика, тестирования, сравнения, критическое мышления, прикладная математика.

*Киришүү.* Макалада жалпы Республикалык тестирлөөдө кездешүүчү колдонмо математиканын элементтери каралат. Ошону менен бирге аларды чечүү окутуу ыкмалары

келтирилет. Колдонмо математиканын маселелерин чечүүдө окуучунун логикалык ой жүгүртүүсүнө өзгөчө басым жасалат.

*Маселенин коюлушу.* Окуялар өз учурунда үчкө бөлүнөт. Алар жалган окуя, чын окуя, кокустук окуя. Окуя бул сыноолордун жыйынтыгы болуп саналат. Бир окуянын пайда болуусу экинчи бир окуянын пайда болуусун жокко чыгарбаса анда ал эки окуя биргелешпеген окуялар деп аталышат. Тескери учурда болсо, биргелешпеген деп аталышат.

Комбинаторика – чектүү көптүктөгү жаратылышы ар түрдүү болгон элементтердин анык бир шартка баш ийген комбинацияларынын санын изилдөөчү илим.

*Орундаштыруу*-деп $n$ ар түрдүү элементтердин жайгашуу тартиби боюнча айырмаланган комбинациялардын санын айтабыз. Бардык мүмкүн болгон орундаштыруулардын саны

$$P_n = n!, \tag{1}$$

мында $n! = 1\times 2\times ...\times n$.

*Мисал.* Ар бир цифраны бир жолудан алуу менен $1,2,3$ цифраларынын жардамында канча үч орундуу сан жазууга болот?

*Чыгаруу.* Изделүүчү үч орунду сандардын саны $P_3 = 3! = 6$.

*Орун алмаштыруу*-деп $n$ ар түрдүү элементтерден $m$ элементтер боюнча элементтердин курамы же тартиби боюнча айырмалаган комбинациялардын санын айтабыз. Бардык мүмкүн болгон орун талмаштыруулардын саны

$$A_n^m = n(n-1)(n-2)...(n-m+1). \tag{2}$$

*Мисал.* Ар түрдүү түстөгү $6$ желекчеден эки экиден алуу менен канча сандагы маалымат берүүгө болот.

*Чыгаруу.* Изделүүчү маалымат берүүнүн сандары $A_6^2 = 6\times 5 = 30$ болот.

*Топтоштуруу*-деп $n$ ар түрдүү элементтерден $m$ элементтери боюнча жок дегенде бир элементтен айырмаланган комбинациялардын санын айтабыз. Бардык мүмкүн болгон топтоштуруулардын саны

$$C_n^m = \frac{n!}{m!(n-m)!}. \tag{3}$$

*Мисал.* Кутуда $10$ шар бар. Эки шарды кутудан канча жол менен тандоого болот.

*Чыгаруу***.** Изделүүчү тандоолордун жолу

$$C_{10}^2 = \frac{10!}{2!(10-2)!} = 45.$$

Ыктымалдуулуктун классикалык аныктамасы боюнча окуянын ыктымалдуулугу

$$P(A) = m/n, \tag{4}$$

барабардыгы менен аныкталат. Мында m- А окуясынын пайда кылуучу элементардык сыноолор, n- мүмкүн болгон элементардык сыноолор, элементардык сыноолор толук группаны түзүшөт жана бирдей мүмкүнчүлүктүү болушат.

Ал эми салыштырма жыштык болсо

$$W(A) = m / n, \qquad (5)$$

барабардыгы менен аныкталат. Мында m - А окуясынын пайда болуу саны, n- болсо, жалпы жүргүзүлгөн сыноолордун саны.

Мейли l кесиндиси L кесиндисинин бир бөлүгүн түзсүн. Ал эми L кесиндисине кандайдыр бир чекит түшүрүлгөн. Эгерде түшүрүлгөн чекит l кесиндисине таандык болушунун ыктымалдуулугу L кесиндисинин узундугуна барабар болсо, анда ал ыктымалдуулук :

$$P = l\ узундук / L\ узундук\ , \qquad (6)$$

барабардыгы менен аныкталат.

Мейли g жалпак фигурасы G жалпак фигурасынын кандайдыр бир бөлүгүн түзсүн. G жалпак фигурасына кандайдыр бир чекит түшүрүлгөн. Эгерде түшүрүлгөн чекиттин g жалпак фигурасына таандык болушунун ыктымалдуулугу G жалпак фигурасынын аянтына пропорционалдуу болсо, анда ал ыктымалдуулук

$$P = \frac{g\ аянт}{G\ аянт}\ , \qquad (7)$$

барабардыгы менен аныкталат.

Ушундай эле жол менен мейкиндиктеги $V$ фигурасына түшүрүлгөн чекит $v$ фигурасынын бөлүкчө фигурасы болсо, анда ал ыктымалдуулук

$$P = V\ колом / v\ колом\ . \qquad (8)$$

*Теорема 1.* Кайсыл окуянын пайда болуусу мааниге ээ болбогон, биргелешпеген эки окуянын биреөсүнүн пайда болуу ыктымалдуулугу ал окуялардын ыктымалдуулуктарынын суммасына барабар б.а.

$$P(A+B) = P(A) + P(B).$$

*Натыйжа 1.* Кайсыл окуянын пайда болуусу мааниге ээ болбогон эки экиден биргелешпеген бир канча окуялардын биреөсүнүн пайда болуу ыктымалдуулугу ал окуялардын ыктымалдуулуктарынын суммасына барабар б.а.

$$P(A_1 + A_2 + ... + A_n) = P(A_1) + P(A_2) + ... + P(A_n).$$

*Теорема 2.* (Биргелешкен окуялардын ыктымалдуулуктарын кошуу теоремасы). Эки биргелешкен окуянын биреөсүнүн пайда болуу ыктымалдуулугу ал окуялардын ыктымалдуулуктарынын суммасы жана эки окуянын биргеликте пайда болуу ыктымалдуулугу катышпаган учурга барабар б.а.

$$P(A+B)=P(A)+P(B)-P(AB).$$

Ошону менен бирге бул теорема каалаган сандагы чектүү биргелешкен окуялар үчүн жалпыланат. Мисалга алсак, үч биргелешкен окуялар үчүн

$$P(A+B+C)=P(A)+P(B)+P(C)-P(AB)-P(AC)-P(BC)-P(ABC).$$

*Теорема 3***.** (Ыктымалдуулуктарды көбөйтүү теоремасы). Эки окуянын биргеликте пайда болуусу бир окуя пайда болуп өттү деп божомолдоодон алынган шарттуу ыктымалдуулукка экинчи окуянын ыктымалдуулугун көбөйткөнгө барабар б.а.

$$P(AB)=P(A)P_A(B).$$

Көз каранды эмес окуялар үчүн

$$P(AB)=P(A)P(B),$$

же көз каранды эмес эки окуянын биргеликте пайда болуу ыктымалдуулугу, ал окуялардын ыктымалдуулуктарынын көбөйтүндүсүнө барабар.

*Натыйжа 2.* Бир канча биргелешкен окуялардын биргеликте пайда болуусу, улам мурда келүүчү окуя пайда болду деп божомолдоп, ал окуялардын бирөөсүнүн ыктымалдуулугуна калган окуялардын шарттуу ыктымалдуулуктарын көбөйтүүгө барабар б.а.

$$P(A_1A_2...A_n)=P(A_1)P_{A_1}(A_2)P_{A_1A_2}(A_3)...P_{A_1A_2...A_{n-1}}(A_n),$$

мында $P_{A_1A_2...A_{n-1}}(A_n)$ - $A_n$ окуясынын $A_1,A_2,...A_{n-1}$ окуялары болуп өттү деп божомолдоодогу ыктымалдуулугу.

Кээ бир учурда көз каранды эмес окуялардын биргеликте пайда болуу ыктымалдуулугу,ал окуялардын ыктымалдуулуктарынын көбөйтүндүсүнө барабар б.а.

$$P(A_1A_2...A_n)=P(A_1)P(A_2)...P(A_n).$$

*Мисал.* Ишканада алты эркек жана үч аял киши эмгектенишет. Табельдик номери боюнча үч адам тандалып алынган. Тандалып алынган жумушчулар эркек кишилер болуусунун ыктымалдуулугун тапкыла.

*Чыгаруу.* Белгилөөлөрдү кийирели: $A$ окуясы аркылуу биринчи адам эркек болуусун белгилейли, $B$ окуясы экинчи эркек адам, $C$ окуясы үчүнчү эркек адамдын аланышын белгилейли. Биринчи алынган адамдын эркек болуу ыктымалдуулугу $P(A)=7/10$. Ал эми $B$ окуясынын ыктымалдуулугу шарттуу ыктымалдуулук боюнча $P_A(B)=6/9=2/3$. Ошондой эле $C$ окуясынын ыктымалдуулугу шарттуу ктымалдуулук боюнча $P_{AB}(C)=5/8$. Изделүүчү ыктымалдуулук

$$P(A\times B\times C)=P(A)P_A(B)P_{AB}(C)=(7/10)\times(2/3)\times(5/8)=7/24.$$

Мейли $A_1, A_2,..., A_n$ окуяларынын жыйындысы көз каранды эмес окуялардын жыйындысы болсун. Ал окуялардын ыктымалдуулуктары тиешелүү түрдө $P(A_1) = p_1$, $P(A_2) = p_2,..., P(A_n) = p_n$. Сыноолордун натыйжасында бардык окуялар же ал окуялардын кээ бирлери же алардын бирөөсү пайда болсун.

Демек, $A_1, A_2,..., A_n$ көз каранды окуяларынын бирөөсү болгон $A$ окуясынын пайда болуу ыктымалдуулугу бир санынан $\overline{A_1}, \overline{A_2},..., \overline{A_n}$ окуяларынын ыктымалдуулуктарынын көбөйтүндүсүн кемиткенге барабар б.а.

$$P(A) = 1 - q_1 q_2 ... q_n.$$

Кээ бир учурларда $n$ окуялары бирдей ыктымалдуулукка ээ болсо, анда бир окуянын пайда болуу ыктымалдуулугу

$$P(A) = 1 - q^n,$$

барабардыгы менен аныкталат.

*Мисал.* Бири биринен көз карандысыз иштеген үч элемент электр чынжырына удаалаш туташтырылган. Элементтердин иштебей калуу ыктымалдуулугу биринчи, экинчи жана үчүнчү элементтер үчүн тиешелүү түрдө $p_1 = 0{,}1;\ p_2 = 0{,}15;\ \ p_3 = 0{,}2$. Электр чынжырында токтун болбоосунун ыктымалдуулугун тапкыла.

*Чыгаруу.* Электр чынжырында токтун болбой калышын $A$ окуясы катары кабыл алабыз. Анда бир элеметтин иштебей калуусу электр чынжырында токтун жок болушун туюндурат. Демек, изделүүчү ыктымалдуулук

$$P(A) = 1 - q_1 q_2 q_3 = 1 - (1 - p_1)(1 - p_2)(1 - p_3) = 1 - (1 - 0{,}1)(1 - 0{,}15)(1 - 0{,}2) = 0{,}388.$$

*Бернулли формуласы.* Эгерде сыноолор жүргүзүлгөн учурда $A$ окуясынын пайда болуу ыктымалдуулугу башка сыноолордун ар биринен көз каранды болбосо, анда мындай сыноолор $A$ окуясына салыштырмалуу көз каранды эмес деп аталат.

*Бернуллинин формуласы.* Жалпы жүргүзүлгөн $n$ көз каранды сыноолордун ар биринде окуянын пайда болуу ыктымалдуулугу $p$ $(0 < p < 1)$ барабар. Ар кандай удаалаштыкта окуя $k$ жолу пайда болот. Ал ыктымалдуулук

$$P_n(k) = C_n^k p^k q^{n-k}$$

же

$$P_n(k) = (n!/k!(n-k)!) p^k q^{n-k},$$

барабар. Мында $q = 1 - p$. Жалпы $n$ сыноодо окуянын $k$ жолудан аз пайда болуусунун ыктымалдуулугу $P_n(0) + P_n(1) + ... + P_n(k-1)$, ал эми $k$ жолудан көп жолу

пайда болуу ыктымалдуулугу $P_n(k+1)+P_n(k+2)+...+P_n(n)$. Ошондой эле $k$ жолудан кем эмес пайда болуусу $P_n(k)+P_n(k+1)+...+P_n(n)$.

Демек окуянын $n$ сыноодон $k$ жолудан көп эмес жолу пайда болуусу $P_n(0)+P_n(1)+...+P_n(k)$ болот.

*Мисал.* Эки тең күчтүү шахматистер шахмат ойношот. Эгерде тең чыгуулар эске алынбаса төмөнкү окуялардын кимиси ыктымалдуу: төрт партия оюндан эки партия утуубу же алты партиядан үч партия утуубу?

*Чыгаруу.* Маселенин шарты боюнча тең күчтүү шахматистер шахмат ойношот. Демек ыктымалдуулук $p=1/2, q=1-p=1/2$. Анда Бернуллинин барабардыгы боюнча төрт партиядан эки партия утуу

$$P_4(2)=C_4^2(1/2)^2(1/2)^2=(12/6)(1/16)=3/8.$$

Андан кийин алты партиядан үч партияны утуу ыктымалдуулугу

$$P_6(3)=C_6^3(1/2)^3(1/2)^3=5/16.$$

Демек эки алынган ыктымалдуулукту салыштырсак: $P_4(2)>P_6(3)$ болот. Жыйынтыктап айтканда төрт партиядан эки партияны утуу алты партиядан үч партияны утууга караганда ыктымалдуу.

*Корутунду.* Макалада жалпы Республикалык тестирлөөдө кездешүүчү колдонмо математиканын маселелери [1-3], ага байланышкан теориялык маалыматтар берилди. Окуучулар, мугалимдер жана каалоочулар үчүн макаладагы окуу материалдарын тестирлөөгө даярданууда колдонуу сунушталат.

## АДАБИЯТТАР

1. Гмурман В. Е. Теория вероятностей и математическая статистика.- М.: Высшая школа, 1981.

2. Л.Г.Бирюкова, Г.И. Бобрик и др. Теориявероятностей и математическая статистика, М. 2004, 286 с.

3. . Гмурман В. Е. Руководство к решению задач по теории вероятностей и математической статистике.- М.: Высшая школа, 1981.

МАТЕМАТИКА

УДК 37.036

# ЭСТЕТИКАЛЫК ТАРБИЯЛОО ЖАРАЯНЫНДАГЫ МАТЕМАТИКАНЫН ОРДУ

Акматов Абдилазиз Алиевич
улук окутуучу ОшМУ
aakmatov@oshsu.kg,
Акылбек кызы Акбермет
магистрант ОшМУ
Akbermetakylbekova84@gmail.com

**Аннотация:** Макалада адамзат келечеги болгон жаштарды тарбиялоо жараянында маанилүү орунга ээ болуучу эстетикалык тарбия жөнүндө сөз болот. Анда так илим болгон математиканын орду көрсөтүлөт. Ошол аркылуу окуучулардын чыгармачылык жөндөмүн өнүктүрүү методикасынын элементтери берилип, эстетикалык тарбиялоонун өзгөчөлүктөрү аныкталат. Эстетикалык тарбия аркылуу окуучулардын математика предметин окуп үйрөнүүгө болгон кызыгуусун арттыруу эң башкы маселе болуп саналат.

**Ачкыч сөздөр:** мугалим, окутуу, эстетика, тарбиялоо, анализ, инсан, математика.

# РОЛЬ МАТЕМАТИКИ В ПРОЦЕССЕ ЭСТЕТИЧЕСКОГО ВОСПИТАНИЯ

Акматов Абдилазиз Алиевич
старший преподователь ОшГУ
aakmatov@oshsu.kg,
Акылбек кызы Акбермет
магистрант ОшГУ
Akbermetakylbekova84@gmail.com

**Аннотация:** В статье гововрится об эстетическом воспитании, которое занимает важное место в процессе воспитания молодежи, которая является будущим человечества. Указано роль и место математики, которая является точной наукой. Через него определяются элементы метода развития творческих способностей учащихся, определяюься особенности эстетического воспитания. Основная задача заключается в повышении интереса учащихся к изучению математики посредством эстетического воспитания.

**Ключевые слова:** учитель, обучения, эстетика, воспитания, анализ, личность, математика.

*Киришүү.* Инсандын калыптануу жараяны эки бөлүктөн турат. Биринчиси тарбия, ал эми экинчиси окутуу. Бул эки жараян бири менен тыгыз байланышта болгон учурда гана адамзаттын келечеги болгон жаш муундан, ар тараптуу өнүккөн инсанды тарбиялоо мүмкүн болот. Эгерде окутуу менен алек болуп, тарбиялоого көңүл бурулбаса анда биринчиден адамдык сапатка ээ болбогон робот сыяктуу инсанды тарбиялап калабыз. Коомчулукка мындай инсандын тийгизген пайдасынан зыяны көп болот. Кыскача айтканда окутуу жараяны менен эле алек болуу туура эмес.

Ал эми окутуу жараянын экинчи орунга коюп, каада-салт, үрп адат, дин менен тарбиялоо жараянына басым жасасак, анда гуманист инсанды тарбиялашыбыз мүмкүн. Жакшы эле дейли. Бирок ааламдашуу жараяны өтө тез жүрүп жаткан учурда биз ага туруштук бере алчу, ал жараянга жок дегенде кошулуп, мамлекеттин ар тараптуу өнүгүүсүн камсыз кыла албайбыз. Бул да өз учурунда өтө чоң кемчилик болот.

Демек, тарбиялоо жараянын окутуу жараяны менен бөлүп кароо мүмкүн эмес.

Заманбап окутуу ар бир окуучу менен индивидуалдуу карым катнашты орнотууну талап кылат. Тактап айтканда ошол аркылуу коомдо ар тараптан өнүккөн инсанды тарбиялап чыгат.

Математиканын эстетикалык ордун пайдаланып, окуучунун математикага болгон кызыгуусун арттыруу, калыптандыруу негизги маселе болуп саналат.

Окутуу жараянында математика предметин окутуп үйрөтүүдө пайда болгон тоскоолдуктарды жеңил өтүү үчүн, предметте кандайдыр бир баланы өзүнө тартып туруучу коооздуктун болуусу зарыл. Ошол аркылуу баланын математка предметин окуп үйрөнүүгө болгон каалоосун арттырып, шыктандыруу мүмкүнчүлүгү болот.

Окутуу жараяны ийгиликтүү болуусу үчүн мугалим жана окуучуга коюлуучу минималдуу талаптарга токтололу.

Ар бир педагог болом деп чечим кабыл алган инсан өз кесибин ардактап, аны бул жашоодогу өзүнүн миссиясы катары кабылдоосу абзел деп эсептеймин. Өз кесибине берилгендик, башка ар түрдүү кесип ээлерине да таандык. Мына ушул жерде мектептердеги кесиптик багыт берүүнүн жыйынтыгы жатат. Эгерде убактылуу материалдык кызыкчылыктуу көздөө менен, өзүнүн кесибине берилгендик жок, өзү окутуучу предметти да жакшы талдай албай туруп, ушул кесипти аркалоо туура эмес. Мында чон жоопкерчилик турат. Мугалим келечек ээлерин тарбиялайт, аны эске алсак, кесибине берилгендик болбосо, келечек ээлеринин алдында, коомчулук алдында жана өз абийиринин алдында моралдык жоопкерчилиги болот.

Окуучу да өз убактысын, мугалиминин эмгегин жана ата-энесинин ишеничин актоо үмүтү менен ар бир сабакты өз эрки менен окуп үйрөнүүсү абзел. Ушул талаптарды мугалим жана окуучуга коюлган минималдуу талаптар деп айталы.

*Маселенин коюлушу.* Жогоруда келтирилген минималдуу талаптардын аткарылуусу болсун деп эсептейли. Анда математика предметин окутуп үйрөтүүдө эстетикалык тарбиялоонун каражатын пайдалануу менен математиканы окутууну **негизги маселе** деп айталы. Тагыраак айтканда, математика предметин окутуп жатканда, окуучулар маданияттын бир бөлүгү катары математиканы эсептеп, эстетиканы математикадагы тактыктан алып, предметти өздөштүрүүгө болгон кызыгуусун, ушул жол аркылуу арттыруусун негизги маселе катары алалы.

Мындай жол менен окуучулардын математика предметин өздөштүрүүгө болгон кызыгуусун арттырууга болот деп айтууга негиз бар. Аларга төмөндө кеңири токтолобуз. Математиканы өздөштүрүүдө эстетикалык элементтерди издөө математикада кеңири кездешет. Себеби математика так илим, андагы ойлонулуп табылган, формула жана тыянактарда ашыкча да кем да болгон бөлүктөр жок. Математиканын эстетикасы ушул жерде жатат. Мисалга алсак, курамы 620 пробада болгон 3 кг күмүш менен курамы 730 пробада болгон 2 кг күмүштү ээритип кошсок, алынган 5 кг күмүштүн пробасы кандай болот. Маселе математикалык жактан так чечилет. Бирок бул жараянды аткарууда тактык сакталабы? Себеби метал эритилгенде буулануу, илешимдүүлүк, жана башка ушул сыяктуу жараяндар болуп өтөт. Бирок математикасы өтө так. Эстетикасы мына ушул жерде жатат. Окуучуларга математиканын ушундай так болуусун түшүндүрүү менен эстетикалык тарбия берүү керек. Себеби тактык адамзат жашоосунда ар дайым керек. Аны түшүнүп жеткен окуучунун математика предметин окуп үйрөнүүгө болгон кызыгуусу жогорулоосу күмөнсүз. Кыскача айтканда окуучу билим алууда, өзүнүн келечегинде, жашоосунда математиканын пайдасы чоң экендигин аңдап жетүүсү керек. Мисалдагы ар түрдүү пробада куюлган күмүштү эритүү жараяны физикалык жана механикалык мааниге ээ болгон жумуш. Күмүштү эритүү жараянында металдын суюк абалга келүүсү үчүн кандайдыр бир көлөмдөгү жумуш аткарылат. Жыйынтыгында буулаануу жараяны орун алат. Суюк абалга келген күмүштүн салмагы анча чоң эмес өлчөмдө өзгөрөт. Андан сырткары күмүштү эритүү үчүн суюк абалга өтүү жараяны жогорку температурада болуучу металдан жасалган эмерек колдонулат. Демек, бул учурда физикадан белгилүү болгон эмеректин бетинде пайда болуучу илешимдүүлүк жараяны орун алат. Бул жараян да өз учурунда 5 кг болгон күмүш эритмесинин салмагынын азаюсуна алып келет. Азыр айтылган механикалык жана физикалык жараяндар сөзсүз орун алат. Бул жараяндарды орун алуусун окуучуга түшүндүрүү анча кыйынчылык жаратпайт. Ал жараяндар материалдык нерсе, аны

эксперимент аркылуу да түшүндүрүп коюуга болот. Же болбосо окуучу өзү да элестетип түшүнө алат.

*Маселенин чечилиши.* Эң оболу маселени чечим алалы. Анда 3 кг күмүш 3000 гр болот. Анын 620 пробада экендигин эске алсак 3000 гр күмүштү 100% деп алсак, анда 620 проба анын 62% пайызы күмүш, калган 38 пайызы башка кошулма метал дегенди билдирет. Демек, 3000 грамм күмүштүн 62% табабыз. Математикалык эсептөө менен аныктап, 3000 грамм аралашманын 62% күмүш болсо, анын салмагы 1860 грамм болору келип чыгат. Алынган 1860 грамм күмүштүн пробасы 100 пробада болот. Ал эми 2000 грамм болгон 720 пробадагы күмүштүн аралашмасында, канча 100 пробадагы күмүш бар экендигин аныктап алалы. Анда 2000 грамм аралашманын 72%, 1440 грамм болуп, ал 100 пробадагы күмүш болот. Эки аралашманын кошуудан кандай пробадагы күмүштүн аралашмасы алынарын билүү үчүн, аныкталган 1860 грамм менен 1440 грамм 100 пробадагы таза күмүштүн салмагы жалпы 5000 грамм аралашманын канча пайызын түзөрүн аныктообуз керек. Анда 3300 грамм салмактагы таза 100 пробалуу күмүш, 5000 грамм аралашмада канча пробаны түзөрүн аныктайлы. Демек,

$$\begin{array}{ccc} 5000\,гр & - & 100\% \\ 3300\,гр & - & x\% \end{array}.$$

Эсептөөнү жүргүзүү менен 66 пробадагы күмүштүн аралашмасына ээ болорубузду аныктайбыз. Бул эсептөө математикалык жактан так жүргүзүлдү.

Андан соң 66 пробаны алуу жараянында болуп өткөн, механикалык жана физикалык жараяндардын тийгизген таасирлерине токтололу. Мына ушул жерден математиканын тактыгын далидөөбүз керек. Мына ошол аркылуу мугалим эстетиканы аныктайт. Ал аркылуу окуучунун математикага болгон кызыгуусун арттыра алат.

Мектеп физикасынан белгилүү болгондой, металдардын суюк абалга өткөндөгү буулаануусу анын муздап, кайрадан катуу абалга өтүү жараянында баштапкы салмагынын өзгөрүүсүз калары белгилүү болот. Себеби металдардын суюк абалдагы бууланнудай болгон көрүнүшү, анын жылуулукту өткөрүүсү болот. Ал эми эмеректин бетинде калган, илешимдүүлүктөгү калдыкты да бөлүп алуунун өзүнчө усулу бар. Жыйынтыгында, математиканын тактыгына келебиз.

Окуучулардын математиканы өздөштүрүүгө болгон кызыгуусун мына ушундай жол менен калыптандырууга болот.

Төмөндө математика предметин өздөштүрүүгө окуучунун кызыгуусун арттыруучу бир канча мисалдарды келтиребиз.

1). Окуучулардын логикалык ой жүгүртүүсүн өнүктүрүү заман талабы. Логикалык амалга байланышкан чыныгы деп эсептелген $x$, $y$ чоңдуктарын салыштыруу маселесин карайлы.

Маселени чыгарууда окуучунун логикалык ой жүгүртүүсүн өнүктүрүүчү маселе берилгендигин окуучу аңдап жетүүсү керек. Аны менен катар маселенин берилишиндеги чыныгы деген сөзгө басым жасоосу абзел. Мына ошол жерден окуучу берилген $x$ жана $y$ өзгөрүлмөлөрүн салыштырууну негиздей алат. Негиздөөгө таянуу менен чыңгы болгон бул эки өзгөрүлмө бири бирине барабар, чоң же кичине болгон учурлары болот деген божомолдоо келип чыгат. Демек, жыйынтыгында берилген маселеде коюлган шарттар жетишсиз деген тыянакка келүү менен бул эки чоңдук салыштырылбайт деген тыянакка келишет.

2). Эгерде $\lim\limits_{x\to 3}(4x-1)=11$ пределдик барабардыгы аткарылса, аны пределдердеги "$\varepsilon-\delta$" тилиндеги аныктамада көрсөткүлө деген тапшырманы берели.

Пределди эсептөөдө функциянын үзгүлтүксүздүгүнө байланышкан, [1] адабияттан белгилүү болгон

$$\lim_{x\to x_0} f(x)=f(x_0), \tag{1}$$

пределдик барабардыгын эске алсак, анда предел астындагы $f(x)$ функциясы $x=x_0$ чекитинде үзгүлтүксүз деген тыянакты пайдаланып эсептелгенин көрүүгө болот. Бирок "$\varepsilon-\delta$" тилиндеги аныктаманы пайдаланып эсептейли. Тагыраак айтканда далилдейли. Анда

$$\forall\varepsilon,\ \exists\delta>0:\ 0<|x-a|<\delta\ \Rightarrow\ |f(x)-L|<\varepsilon$$

көрсөтүүбүз керек.

Жогорку аныктаманы пайдаланып,

$\forall\varepsilon>0$, $\exists\delta>0$ болсо, мындан $0<|x-3|<\delta$ $\Rightarrow$ $|(4x-1)-11|<\varepsilon$, же арифметикалык амалдарды аткаруу менен төмөнкүгө ээ болобуз:

$$|4x-12|<\varepsilon.$$

Бул жерден пределге умтулган функцияга тууралап, кашаа сыртына чыгаруу менен

$$|4(x-3)|<\varepsilon.$$

Мындан $|4|=4$ экендигин эске алсак,

$|x-3| < \frac{\varepsilon}{4}$.

Демек, $\delta = \frac{\varepsilon}{4}$ болорун көрүүгө болот.

Предел астындагы функцияны өзгөртүү менен

$$|(4x-1)-11| = |4x-12| = |4(x-3)| = 4 \times |x-3| < 4\delta.$$

Аныкталган $\delta = \frac{\varepsilon}{4}$ коюу менен

$$|(4x-1)-11| < 4\frac{\varepsilon}{4} = \varepsilon,$$

же

$$|4x-12| < \varepsilon,$$

ээ болобуз.

Жогорку мисалды графикалык да талкуулайлы. Ал үчүн прел астындагы функциянын графигин тургузалы. Анда $f(x) = 4x-11$ же $y = 4x-11$.

Графикти тургузуу үчүн

$y=0$ болсо, $4x-11=0$, мындан $x = \frac{11}{4}$, $x=0$ болсо, $y=-11$.

Анда




1-сүрөт. Предел астындагы функциянын графиги

Эгерде функциянын графигинин каалаган чекитинде жаныма жүргүзүүгө мүмкүн болсо, анда ал функция дифференцирленүүчү болот. Белгилүү болгондой, дифференцирленүүчү функция дайыма үзгүлтүксүз функция. Бирок сызыктуу функция

үчүн жаныма, ал бурчтук коэффициент болуп калат.Мына ошол жогорку айтылгандарга таянуу менен, $x_0 = 3$ чекитинде, $f(x) = 4x - 11$ функциясы үзгүлтүксүз деп айтууга негиз бар.

3). Эгерде $\lim\limits_{x \to 3} 4 = 4$ болсо, анда "$\varepsilon - \delta$" тилиндеги аныктама кандай көрүнүштө болот.

Пределди эсептөөдө предел астындагы функция турактуу экендигин эске алсак, анда "$\varepsilon - \delta$" тилиндеги аныктама ушул учурду сүрөттөй алабы деген табигый суроо келип чыгат. Анын кандай формада орун аларын көрсөтөлү. Анда $\forall \varepsilon > 0$, $\exists \delta > 0$ болсо, мындан $0 < |x - 3| < \delta \quad \Rightarrow \quad |4 - 4| < \varepsilon$, же $|0| < \varepsilon$. Аралыктар тилиндеги аныктаманы пайдалануу үчүн, $|0(x - 3)| < \varepsilon$. Мында $0 \times |x - 3| < \varepsilon$. Демек, $|x - 3| < \frac{\varepsilon}{0}$ болуп, бул жерден $\delta$ чексиз болорун алабыз.

Жогорудагы акыркы эки мисал аркылуу, математикадагы функциянын үзгүлтүксүздүгү түшүнүгүнө токтолдук. Анын негизинде ал жерде үзгүлтүксүздүк түшүнүгүн аныктоодогу тактыкты, эстетика катары кабылдап, математика предметин окутууда окуучулардын кызыгуусун арттыруу керек деп эсептейбиз

*Корутунду.* Мектеп окуучуларынын арасында кеңири жайылган математика бул татаал предмет, аны өздөштүрүү маселе жаратат деген терс түшүнүктөн окуучуларды арылтуунун бирден бир жолу катары, математика предметиндеги кездешкен эстетикалык элементтерди пайдалануу керек деп ушул макаланын авторлору тыянак чыгарабыз. Ошону менен бирге, окуучуларды предметти жакшы өздөштүрүүгө тартуучу негизги элементтер катары - мугалимдин педагогикалык тактын, кесибине берилгендигин, предмет боюнча терең билимин, ошону менен бирге келечек муундарды тарбиялоо жараянында өз абийиринин, коомчулук алдындагы моралдык жоопкерчилигин билүү менен мамиле жасоосун айтар элек. Мугалим ар бир сабакты өтөөр алдында мыкты даярданып, өтүүчү окуу материалдарында кездешүүчү эстетиканын элементтерин өтө кеңири пайдалануусу керек.

## АДАБИЯТТАР

1). Г. М. Фихтенгольц. Курс дифференциального и интегрального исчисления . Том 1. – М. С. 144.

## МАТЕМАТИКА

УДК 517.928

# ДИФФЕРЕНЦИАЛДЫК ТЕҢДЕМЕНИН ЧЕЧИМИНИН ЖАЛПЫЛАНГАН ФУНКЦИЯЛАР МЕЙКИНДИГИНДЕГИ АНЫКТАЛЫШЫ

Акматов Абдилазиз Алиевич
улук окутуучу ОшМУ
aakmatov@oshsu.kg,
Худайбердиева Улжан Абдусамадовна
магистрант ОшМУ
Samarkandek00@gmail.com

**Аннотация:** Биринчи тартиптеги бир тектүү эмес кадимки дифференциалдык теңдеменин бир тектүү эмес бөлүгү сингулярдык фунция болгон учурда чечимди аныктоо маселеси макалада каралат. Ошону менен бирге сингулярдык функция катары эсептелген Дирак функциясынын аргументи да функция болгон учурдагы биринчи тартиптеги кадимки бир тектүү эмес дифференциалдык теңдемелерди чыгаруу жолдору каралат. Жалпыланган функциялар мейкиндигинде биринчи тартиптеги кадимки бир тектүү эмес дифференциалдык теңдеменин чечүү үчүн Ланранждын вариациялоо методун колдонуп чыгарууга болору көрсөтүлөт.

**Ачкыч сөздөр:** Дирак функциясы, дифференциалдык теңдеме, жалпыланган функциялар, метод, аргумент.

# ОПРЕДЕЛЕНИЯ РЕШЕНИЕ ДИФФЕРЕНЦИАЛЬНОГО УРАВНЕНИЯ В ПРОСТРАНСТВЕ ОБОБЩЕННЫХ ФУНКЦИЙ

Акматов Абдилазиз Алиевич
старший преподователь, ОшГУ,
aakmatov@oshsu.kg
Худайбердиева Улжан Абдусамадовна
магистрант, ОшГУ
Samarkandek00@gmail.com

**Аннотация:** В статье рассмотрена задача нахождения решения, когда неоднородная часть обыкновенного дифференциального уравнения первого порядка является сингулярной функцией. При этом рассматриваются способы решения неоднородных дифференциальных уравнений первого порядка когда аргументами функции Дирака является функция, рассматриваемой как сингулярная функция. Показано, что метод вариации Лагранжа можно использовать для решения неоднородного обыкновенного дифференциального уравнения первого порядка в пространстве обобщенных функций.

**Ключевые слова:** функция Дирака, дифференциальные уравнения, обобщенная функция, метод, аргумент.

*Киришүү.* Макалада жалпыланган функциялардын мейкиндигинде, бир тектүү эмес бөлүгү катары сингулярдык функция болгон учур каралган. Дирак функциясынын аргументи да функция болгон учур изилденет. Макалада биринчи таритиптеги кадимки дифференциалдык теңдеменин чечиминин аныкталышына Дирак функциясынын тийгизген таасири изилденет. Дирак функциясынын аргументи сан болгон учур башка макалада каралды. Бул учурда Дирак функциясынын аргументи да функция бболгон учур изилденип, чечимди аныктоонун өзгөчөлүктөрү көрсөтүлөт.

*Маселенин коюлушу.* Төмөнкү биринчи тартиптеги бир тектүү эмес кадимки дифференциалдык теңдемени карайлы

$$y'(x) = a(t)y(x) + \delta(g(x)), \tag{1}$$

$$y(x_0) = y^0. \tag{2}$$

Мында $a(x)$ - үзгүлтүксүз функция, ал эми $\delta(g(x))$ - $g(x)$ функциясынан гана көз каранды болгон жалпыланган функциялардын мейкиндигинде аныкталуучу сингулярдык функция же Дирак функциясы. Ал эми $y(x)$ - функциясы изделүүчү белгисиз функция, $y^0 - const$.

Дифференциалдык теңдемелер теориясынан белгилүү болгондой лагранждын вариациялоо методун, жалпыланган функция каышкан дифференциалдык теңдемелер үчүн да колдонууга болот. Себеби жалпыланган функциялардын мейкиндигинде, дифференциалдык теңдемелердин чечимин аныктоочу айкын бир иштелип чыккан методдор жок.

Анда, окурмандарга түшүнүктүү болсун үчүн бир тектүү эмес бөлүктү $b(x)$ деп формалдуу түрдө алып туралы. Тактап айтканда $\delta(g(x))$ ордуна $b(x)$ алып жатабыз. Дал келүүчү бир тектүү бөлүгүн бөлүп алабыз:

$$y'(x) + a(x)y(x) = 0. \tag{2}$$

Бул учурда $b(x) \equiv 0$. Теңдемени чыгарып [1]

$$\frac{dy(x)}{dx} = -a(x)y(x),$$

$$y(x) = y_0(x)\exp\left(-\int_{x_0}^{x} a(s)ds\right), \tag{3}$$

мында $y_0(x), x_0$ -турактуу сандар. Алынган функция (2) дифференциалдык теңдемесинин жалпы чечими деп аталат.

Бул жерден $y_0(x) = C$ деп белгилөө менен (3) барабардыгынан

$$y(x) = C\exp\left(-\int_{x_0}^{x} a(s)ds\right). \tag{4}$$

Мындан $C = C(x)$ деп вариациялап алсак, анда (4) барабардыгы

$$y(x) = C(x)\exp\left(-\int_{x_0}^{x} a(s)ds\right). \tag{5}$$

Демек,

$$y(x) = C\exp\left(-\int_{x_0}^{x} a(s)ds\right) + \exp\left(-\int_{x_0}^{x} a(s)ds\right)\int_{x_0}^{x} b(\tau)\exp\left(\int_{x_0}^{\tau} a(s)ds\right)d\tau$$

Же

$$y(x) = C\exp\left(-\int_{x_0}^{x} a(s)ds\right) + \int_{x_0}^{x} b(\tau)\exp\left(\int_{x}^{\tau} a(s)ds\right)d\tau. \tag{6}$$

Демек, (6) барабардыктан баштапкы шартты эске алуу менен аныкталган чечим

$$y(x) = y^0\exp\left(-\int_{x_0}^{x} a(s)ds\right) + \int_{x_0}^{x} b(\tau)\exp\left(\int_{x}^{\tau} a(s)ds\right)d\tau. \tag{7}$$

(7) барабардыктын экинчи кошулуучусу

$$\int_{x_0}^{x} b(\tau)\exp\left(\int_{x}^{\tau} a(s)ds\right)d\tau,$$

формалдуу алмаштырган функцияны коюп алсак, тактап айтканда $b(x)$ функциясын $\delta(x-d)$ функциясы менен алмаштырсак, анда

$$\int_{x_0}^{x} \delta(\tau - d)\exp\left(\int_{x}^{\tau} a(s)ds\right)d\tau = \exp\left(\int_{d}^{\tau} a(s)ds\right). \tag{8}$$

Демек, (7) барабардык менен аныкталган чечимди (8) барабардыктагы интегралдын маанисин пайдаланып

$$y(x) = y^0\exp\left(-\int_{x_0}^{x} a(s)ds\right) + \exp\left(\int_{d}^{\tau} a(s)ds\right).$$

Эгерде Дирак функциясы $\delta(g(x))$ - болуп, $g(x)$ функциясынан көз каранды болсо, анда чечим кандай болот. Мына ошол жерге токтолобуз. Бул макаланын башка ушул типте жазылган макалалардан өзгөчөлүгү болуп ушуну айтууга болот.

Анда (7) чечим кандай көрүнүштө болот. Мына ушул суроого жооп издейли. Ал үчүн Дирак функциясы функциядан көз каранды болгон учурдагы анык интегралдын эсептелинишине токтололу. Мисалы, Дирак функциясынын аргументи болгон $g(x)$ функциясы сызыктуу функция болсун. Башкача, айтканда $g(x) = ax + b,\ \ a, b \in R$. Анда

$$\int_c^d f(x)\delta(g(x))dx = \int_c^d f(x)\delta(ax+b)dx.$$

Мындан

$$\delta(ax+b) = \frac{1}{|a|}\delta\left(x + \frac{b}{a}\right).$$

Жыйынтыгында

$$\int_c^d f(x)\delta(g(x))dx = \int_c^d f(x)\delta(ax+b)dx = \frac{1}{|a|}\int_c^d f(x)\delta(x+\frac{b}{a})dx = \frac{1}{|a|}f\left(\frac{b}{a}\right).$$

Бул жерде $a \neq 0$.

*Мисалы,*

$$\int_{-1}^{1} x^2\delta(3x+1)dx,$$

болсун.

*Чыгаруу.* Дирак функциясын өзгөртүп алалы. Анда

$$\delta(3x+1) = \frac{1}{|3|}\delta\left(x + \frac{1}{3}\right).$$

Демек, интеграл

$$\int_{-1}^{1} x^2\delta(3x+1)dx = \frac{1}{|3|}\int_{-1}^{1} x^2\delta\left(x+\frac{1}{3}\right)dx = \frac{1}{3}x^2\Big|_{x=-\frac{1}{3}} = \frac{1}{27}.$$

Экинчи *мисал* катары бир тектүү эместиги Дирактын функциясы болгон дифференциалдык теңдемени карайлы.

$$y'(x) = 2x + \delta(3x+1).$$

*Чыгаруу.* Дирак функциясынын аргументи сызыктуу функция. Демек, аны өзгөртүп

*Киришүү.* Баарыбызга белгилиүү болгондой эле азыркы күндө дүйнө жүзүндө бизнес чөйрөсү болобу, мамлекеттик мекемелер болобу баардыгы өзгөчөлөнгөн криативдүү дизайнга суроо-талабы чоң болуп келүүдө. Андыктан дүйнө дизайнерлерге, жана графикалык дизайнерлерге муктаж болуп турат. Графикалык дизайнердин милдети биринчи кезекте туура түстүү чечимдерди тандоо болуп саналат. Графикалык дизайндагы түстөрдүн туура айкалышы адамдын маалыматты кабыл алуусуна түздөн-түз таасирин тийгизери илимий жана практикалык жактан тастыкталган. Кээ бир айкалыштар позитивдүү эмоцияларды жана жактырууларды жаратса, кээ бирлери тескерисинче көңүл иренжитип, кызыкчылыкты жоготушу мүмкүн [1]. Ошондой эле ыкмалар маркетингде дагы колдонулат, анткени эң ийгиликтүү комбинацияларды аныктоо үчүн графикалык дизайнер маркетологдун милдетин дагы аткарышы керек.

***Изилдөөнүн каражаттары жана ыкмалары.*** Адамдардын реакциясын туудурган веб-сайттардын жана башка веб-тиркемелердин дизайнында бир нече негизги түстөр бар. Бул психологиялык кабылдоо менен шартталган. Мисал катары алсак, дайыма экологиялык тазалыкты, жаратылышка жакындыкты жана бекем ден-соолукту билдирген жашыл түс болуп саналат. Андыктан экологиялык продуктуларды жана товарларды өндүрүүчүлөр, кээ бир фитнес залдары, арыктоо курстары, вегетариандык жамааттар ж.б. ушул сыяктуу мекемелер тарабынан көп колдонулат. Түс психологиясын изилдөөдө биз түстөр теориясын жана түстүү дөңгөлөк жөнүндө билип алышыбыз абдан маанилүү.

*Түс теориясы деген эмне?* Түс теориясы адамдардын түстү кабылдоо жана өз ара аракеттенүү жолдорун изилдейт. Түс теориясына бир нече түрдүү моделдер жана ыкмалар бар, алардын ар бири түс кубулуштарын ар кандай көз караштан түшүндүрөт. Негизги моделдердин бири *кошумча түс* модели болуп саналат. Анда түстөр жарыктын түрдүү түстөрүн аралаштыруу менен жаралат деп айтылат. Бул компьютерде же сыналгы экранында сыяктуу жарыктын ар кандай түстөрүн аралаштырганда ушундай болот. Бул моделде негизги түстөр кызыл, жашыл жана көк болуп саналат.

Көпчүлүк адамдар билүүчү кызыктуу бир факт - сүрөтчүлөр түстөр теориясын жүздөгөн жылдар бою колдонуп келишкен. Түс теориясынын алгачкы заманбап чечмелөөлөрүнүн бири болжол менен бир кылым мурун Альберт Манселл тарабынан жазылган [2-3]. Манселл түстүү касиеттерди сүрөттөө үчүн үч компоненттүү моделди ойлоп тапкан, анда түс үч түшүнүктүн жардамы менен аныкталат – *мааниси* (баалуулугу), *өңү* жана *каныккандыгы* (жарыктыгы). Акыркы бир нече он жылдыкта түс теориясын колдонуу интернет -маркетингге да келди. Веб-дизайнерлер санариптик контекстте адамдын мээси түстөрдү кантип кабыл аларын түшүнүүнү сүрөттөө үчүн көп иштерди жасашты. Түс теориясы - ар бир түс адамдын психикасына өзүнүн таасирин тийгизерин, дизайнга туура түстөрдү кантип тандоо керек жана "түстүү дөңгөлөк" деген эмне – экендигин Калифорния университетинин бүтүрүүчүсү Ник Роджас (Nick Rojas) өзүнүн

макаласында жазып кеткен [4]. Ал белгилүү бир түстөрдүн адамдарда кандайдыр бир сезимдерди, эмоцияларды же жүрүм - турумду пайда кылуу жөндөмү бар экени аныктаган. Түс теориясы ар кандай тармактарда, анын ичинде искусство, дизайн, психология, физика жана медицинада чоң мааниге ээ. Бул түс адамдардын эмоцияларына, кабылдоолоруна жана жүрүм-турумуна кандай таасир этээрин жана аны белгилүү бир максаттарга жетүү үчүн кантип колдонсо болорун түшүнүүгө жардам берет.

*Түстүү дөңгөлөк деген эмне?* Түстөр ортосундагы мамилелерди сүрөттөгөн түс дөңгөлөк модели да бар. Түстүү дөңгөлөк – бул бардык түстөр гармониялуу кабылдоону камсыз кылган тартипте тизилген тегерек. Ал - негизги, экинчи, үчүнчү- деп үчкө бөлүнөт. (1-сүрөт).

1) Үч гана негизги түстөр бар: сары, көк, кызыл. Аларды эч кандай түстөрдү бириктирип түзүү мүмкүн эмес.

2) Экинчи түстөр. Алар 3 негизги түстөрдүн каалаганын 2ден айкалыштыруу менен пайда болот. 3 гана экинчи түстөр бар: кызгылт сары, кызгылт көк жана жашыл. Алар төмөнкүдөй айкалыштан жаратылган:

- жашыл = сары + көк;
- кызгылт көк = көк + кызыл;
- кызгылт сары = кызыл + сары;



1-сүрөт. Түстүү дөңгөлөк.

3) Үчүнчү түстөр. Алар түс дөңгөлөгүндө анын жанындагы экинчи түс менен негизги түстү айкалыштыруу аркылуу жаратылган. Үчүнчү түстөр болсо 6 түстөн турат

*Жыйынтыктар жана талкуулар.* Ак жарык шооланы призмадан өткөрүү менен спектрден уникалдуу, кооз түстөрү көрө алабыз (2-сүрөт). Бирок ошол түстөр бир эле учурда алардын ар бири адамдын маанайына жана эмоцияларына өз алдынча таасир этет. Эми бир рече түстөргө анализ жасап көрөлү [5].




2-сүрөт. Ак жарыкты призмадан өткөрүү.

*Ак* – түс, тазалыктын, жөнөкөйлүктүн жана сергектиктин символу. Бул нейтралдуу түс жана көп учурда башка түстөрдү бөлүп көрсөтүү үчүн фон катары колдонулат. Мындан тышкары, ак түс саламаттыкты сактоодо, технологияда жана кымбат бренддерде популярдуу. Акыркы убакта интерфейстерди иштеп чыгуучулардын арасында барган сайын популярдуу болуп калды. Мисалга ала турган болсок бренд фирмалар ак түстөгү монитор, клавиатура, макбууктар көп чыгара башташты. Мунун себеби түстүн түзүлүшүндө. Ак жарык шооласы жаратылыштагы башка бардык түстөрдү камтыйт. Аны призмадан өткөрүү менен көрдүк (2-сүрөт). Демек, ал уникалдуу жана өзгөчө нерсенин башталышын, төрөлүшүн, ошондой эле абсолюттук тазалыкты билдирет. Дүйнө жүзүндөгү элдер ак түскө өзгөчө ишенимдүү басым жасайт. Дүйнөлүк статистика боюнча дагы алып карасак ак түстөгү автомобилдерге суроо-талап көп болуп, эң көп сатылаары дагы мисал болуп бере алат.

*Жашыл* - абдан жөнөкөй түс. Жогоруда айтылгандай, жашыл өсүү, ден-соолук жана жаратылыш менен байланыштуу. Жашыл логотиптин дизайны, адатта, компания экологиялык жактан таза экенин, анын азыктары жаңы жана органикалык экенин көрсөтөт. Кээде акчаны дагы символдоштурат жана ошондой эле финансылык компаниялар менен банктар үчүн логотип дизайнында колдонулат. Жашыл түс ислам мамлекеттеринде өзгөчө мааниге ээ. Кыргыз элибизде дагы жаздын келиши жашоонун башталышы катары жашыл түскө маани берилет. Жашыл түстү веб-сайтка колдонсоңуз, эгерде сиз кардарыңызга ишенүү сезимин жараткыңыз келсе, эң сонун тандоо болот.

*Кызыл* –кумарды, күчтү, жаштыкты, энергияны жана ишенимди билдирет. Тамак-аш компаниялары да бул түстү колдонушат. Көрсө, кызыл түс табитти ачуу, ачкалыкты ойготуу ролун аткарып, өзүнө тартат. Ал эми сары ылдамдыкты жана шашылыштыкты жаратат. Буга классикалык мисал болуп McDonald's, KFC, Stardog!S (3-сүрөт), ж.б.у.с. брендтерди караса болот. Бирок көбүнчө бул түс колдонуучулар көңүл бурушу керек

болгон жагдайлар бар. Кызыл түс агресивдүү жана кандын түсү болуп эсептелет. Мисалы Индия өлкөсүндө сүйүүнүн, тазалыктын символу болсо, Африка өлкөлөрүндө агрессиянын, өлүмдүн символу катары кабылдашат.




3-сүрөт. Кызыл түстөгү тез тамактануусу жайлардын логотиптери.

*Сары* - дайыма ак, кара же башка түстөрдөн тышкары, кошумча түс катары колдонулат. Сары бакыт менен кубанычтын түсү. Сары аудиторияңыздын көңүлүн буруу үчүн жана аларды иш-аракет кылууга үндөө үчүн колдонулушу мүмкүн. Сары логотиптер көбүнчө тамак-аш жана унаа өнөр жайында колдонулат. Психологияда сары шашылууну, энергияны билдирет. Бул спорттук кийимдерди чыгарган компаниялардын веб-сайттарын долбоорлоодо дагы көп колдонулат. Ошондой эле, кээ бир жаңылык сайттары аны кыя өтүшпөй, негизги бөлүмдөрдү сары түстөгү көлөкө менен бөлүп көрсөтүүдө. Сары - коюу түс. Ал агрессивдүү эмес, бирок абдан байкалат.

*Кара* түс - ишенимди жана туруктуулукту билдирген, классикалык, татаал, олуттуу жана люкс түс болуп эсептелет. Татыктуу жана көрктүүлүктү баалаган аудиторияга багытталган бренддер көбүнчө кара логотипти тандашат. Кара көбүнчө фон катары же монохромдуу логотиптерде колдонулат (4-сүрөт). Сайттарда көбүнчө логистикалык компаниялар, юридикалык фирмалар, юристтер колдонушат. Ошондой эле, кара түс менен графикалык дизайнда көптөгөн модалуу түстөрдүн айкалышы бар: кара менен сары, кара менен ак, кара менен кызгылт сары. Кара түстү колдонууда дагы этият болуш шарт, себеби кара түс дүйнө элдеринин көпчүлүгүндө аза күтүү түс болуп саналат [6].




4-сүрөт. Кара түстө жасалган логотиптер.

Түс теориясы графикалык дизайнда маанилүү роль ойнойт, анткени түс визуалдык байланыштын негизги элементтеринин бири болуп саналат. Бул жерде түс теориясын графикалык дизайнга колдонуунун бир нече жолдору бар:

*Маанайды жана эмоцияны түзүү:* Ар кандай түстөр көрүүчүлөрдө ар кандай эмоционалдык жоопторду жаратышы мүмкүн. Мисалы, кызыл энергия жана кумарлануу менен, көк тынч жана ишенимдүүлүк менен, жашыл болсо жаратылыш жана сергектик менен байланыштырылышы мүмкүн. Графикалык дизайнер бул билимди дизайн аркылуу белгилүү бир эмоцияны же маанайды жеткирүү үчүн колдоно алат.

*Көңүл буруу:* Түстөр айрым дизайн элементтерине көңүл буруу үчүн колдонулушу мүмкүн. Жаркыраган жана карама-каршы түстөр өзгөчөлөнүп, көздү өзүнө тартат, ал эми өңү өчүп калган түстөр фон элементтери үчүн же атмосфераны түзүү үчүн колдонулушу мүмкүн.

*Биримдикти жана гармонияны түзүү:* түс схемалары жана айкалыштары дизайнда бирдиктүү визуалдык таасирди жана гармонияны түзүүгө жардам берет. Графикалык дизайнер гармониянын эффектине жетүү үчүн окшош түстөрдү (түс дөңгөлөкүндө жанаша), кошумча түстөрдү (түс дөңгөлөкүнүн карама-каршы тарабында) же түстөрдүн үчилтиктерин (түс дөңгөлөкүндөгү үч түстүн бирдей аралыктары) колдоно алат.

*Окуу мүмкүнчүлүгүн жана жеткиликтүүлүгүн жогорулатуу:* Туура түс айкалыштары тексттин окулушун жана дизайндын жалпы жеткиликтүүлүгүн камсыз кылууга жардам берет. Мисалы, тексттин түсү менен фондун ортосундагы контраст көрүү мүмкүнчүлүгү чектелген адамдар үчүн окууну жакшыртат.

*Брендинг жана идентификация:* Түстөр көбүнчө бренд же продукт үчүн уникалдуу идентификацияны түзүү үчүн колдонулат. Кээ бир түс схемалары айырмаланып, керектөөчүлөргө башкалардын арасында брендди оңой таанууга жардам берет.

Жалпысынан алганда, түс теориясын түшүнүү жана колдонуу графикалык дизайнерлерге эффективдүү жана таасирдүү визуалдык билдирүүлөрдү түзүүгө жардам берет.

*Графикалык дизайнда түстү тандоодо сизге кеңеш***.** Веб-сайтка же графикалык дизайнга татаал түс схемасын тандоодон мурун бир нече кеңештерди аткарыңыз [7, 8]:

1. Атаандаштарыңызды изилдеп, жалпы концепциядан тайбаганга аракет кылыңыз;

2. Дизайнда 3төн ашык эмес түстөрдү колдонуңуз;

3. Колдонуучунун же коноктун эсинде сакталууга тийиш болгон блокторду жана элементтерди бөлүп көрсөтүүнү унутпаңыз (алар көзгө визуалдык түрдө тартылат);

4. Түстөр менен көп көнүгүүлөрдү аткарыңыз (көпчүлүк түс схемалары тондор колдонулгандыктан жакшыраак көрүнөт. Мисалы, моха түсү күрөңгө караганда жагымдуураак көрүнөт, ал эми ачык көк түс көккө караганда жагымдуураак).

5. Түстөр менен иштөөдө эң негизгиси – интуицияңызды угуп, өзүңүздү колдонуучунун ордуна коюуп көрүңүз. Бир нерсе дайыма эсиңизде болсун, сизге жаккан түс башкаларга жагаар-жакпасын эске алыңыз.

6. 60-30-10 эрежесин колдонуңуз: дизайндын 60%үчүн негизги түс, 30%үчүн экинчи түс жана 10%үчүн басым түсү.

7. Бир нече дизайнды түзүп, кайсынысы өзгөчө экенин көрүңүз. Андан кийин бир нече күн күтө туруңуз жана каалоолоруңуз өзгөргөнүн кайра текшериңиз.

8. Түс контексти жана түстөрдүн кантип карама-каршы пайда болорун карап көрүңүз. Төмөндөгү сүрөткө көңүл бөлүңүз (5-сүрөт). Ар бир форманын ортосу бирдей өлчөмдө, бирдей формада жана бирдей түстө. Фондун түсү ар түрдүү. Бирок кээ бир чөйрөлөр артындагы фондун түсүнө жараша жумшак, жарык болуп көрүнөт.



5-сүрөт.

*Корутунду.* Жогорудагы изилдөөлөрдүн жыйынтыгында веб-сайтыңыздын дизайнын иштеп чыгууда түстөр теориясынын негизги эрежелерин колдонуу сиздин конокторуңузга анын жагымдуулугун жогорулатууга жардам берет. Түстү башкаруунун компетенттүү стратегиясын колдонуп, ийгиликтен ийгиликсиздикке чейин бир нече секунд талап кылынган аймакта, сиз коноктун көңүлүн буруп алууга кыйла мүмкүнчүлү ала аласыз. Түс схемалары - бул веб-сайтыңыздын конокторунун көз алдында жагымдуулугуна таасир

этүүчү эң сонун жолдордун бири. Түс теориясын колдонуп, адамдардын психологиясына жакшы маанай тартуулай турган түстөрдү тандоо менен веб-дизайнда дагы графикалык дизайнда дагы сиз өзүңүз каалаган натыйжага жете аласыз.

## АДАБИЯТТАР

1. Кидд, Ч.А. Go! Самая простая книга по графическому дизайну / Ч.А. Кидд. - М.: Питер, 2014.
2. Берман Д. Do Good Design: как дизайнеры могут изменить мир / Д. Берман. — М.: Символ, 2015. — 200 с.
3. https://natural-colours.livejournal.com/26840.html.
4. https://habr.com/ru/company/redhelper/blog/298508/
5. Адамс Ш. Словарь цвета для дизайнеров / Ш. Адамс. — М.: КоЛибри, 2018.
6. Жолдошов, Т., Курманбек кызы Г. (2022). Психология цвета в компьютерном графическом дизайне. Вестник Ошского государственного университета, (4), 252–258. https://doi.org/10.52754/16947452_2022_4_252
7. Аллен Motion 3. Дизайн и анимация графики в Final Cut Studio 2 (+ DVD-ROM) / Аллен, Дамиан. - М.: ЭКОМ Паблишерз, 2018.
8. Филь, Ш. Графический дизайн в XXI веке / Ш. Филь. - М.: АСТ, 2015.

МАТЕМАТИКА

УДК 514.75

# $E_4$ МЕЙКИНДИГИН БӨЛҮКТӨП ЧАГЫЛТУУНУН КУБУЛБАГАН БОЛУШУНУН ЗАРЫЛ ЖАНА ЖЕТИШТҮҮ ШАРТТАРЫ

Камалидинова Бузинаткан Камалдиновна
магистрант ОшМУ,
Мамадалиева Мафтунахон Абсоломовна
магистрант ОшМУ,
Токтомушева Элиза Абдилкадыровна,
магистрант ОшМУ

# НЕОБХОДИМОС И ДОСТАТОЧНОЕ УСЛОВИЯ НЕВЫРОЖДЕННОСТИ ЧАСТИЧНОГО ОТОБРОЖЕНИЯ ПРОСТРАНСВА $E_4$

Камалидинова Бузинаткан Камалдиновна
магистрант ОшГУ,
Мамадалиева Мафтунахон Абсоломовна
магистрант ОшГУ,
Токтомушева Элиза Абдилкадыровна
магистрант ОшГУ

**Аннотация.** Төрт ченемдүү евклиддик мейкиндимктин $\Omega$ аймагында жылма сызыктардын көптүгү берилген: ар бир $X \in \Omega$ чекити аркылуу берилген сызыктардын көптүгүнүн бир гана сызыгы $\omega^1$ өтөт. $E_4$ мейкиндигинин кыймылдуу реперин ушул $\omega^1$ сызыгы үчүн Френенин репери боло тургандай тандап алабыз. Бул репердин координаталык векторлорунун интегралдык сызыктары Френенин $E_4$ торчосун түзүшөт. Бул торчонун $\omega^4$ сызыгынын жанымасында инварианттык түрдө $f_4^3$ чекити аныкталат.

$X$ чекити $\Omega$ аймагында кыймылга келгенде $f_4^3$ чекити өзүнүн $\Omega_4^3 \subset E_5$ аймагын сызып чыгат. Натыйжада $X$ чекитине өткөрө тургандай $f_4^3$ бөлүктөп чагылтуусуна ээ болобуз. Ушундайча аныкталган бөлүктөп чагылтуунун кубулбаган болушунун зарыл жана жетиштүү шарттары изилденген.

Изилдөөнүн предмети катары төрт ченемдүү евклиддик $E_4$ мейкиндикти бөлүктөп чагылтуунун кубулбаган болушунун зарыл жана жетиштүү шарттарын табуу эсептелинет. Изилдөөдө Картандын сырткы формалар методу жана кыймылдуу репер методу колдонулду. Изилдөөнүн жыйынтыгында $E_4$ мейкиндигин бөлүктөп чагылтуунун кубулбаган болушунун зарыл жана жетиштүү шарттары далилденген.

**Ачкыч сөздөр:** евклиддик мейкиндик, Френенин торчосу, Френенин репери, бөлүктөп чагылтуу, кубулбаган чагылтуу

**Аннотация.** В области $\Omega$ четырехмерного евклидово пространства $E_4$ задано семейство гладких линий так, что через каждую точку $X \in \Omega$ проходит одна линия $\omega^1$ заданного семейства. Подвиженой репер пространства выбе рем таким образом, чтобы он являся репером Френе для линии $\omega^1$заданно ссемейства. Интегральные линии координатные векторов этого репера образуют сеть Френе $\sum_4$. На касателной к линии $\omega^4$ этой сети инвариантным образом определяется точка $f_4^3$. Когда точка $X$ смещается в области $\Omega$ точка $f_4^3$ описывает своюу облать $\Omega_4^3 \subset E_5$. В результате получим частичное отображение $f_4^3$ пространства $E_4$, которое переводит точку $X$ в точку $f_4^3$. Исследованы необходимые и достаточные условия невырожденности этого частичного отображения.

Предметом исследования является частичное отображение евклидова пространства $E_4$.

Целью исследования является нахождения необходимого и достаточного условий невырожденности рассматриваемого частичного отображения пространства $E_4$.

В исследовании использованы метод внешних форм Картана и метод подвижного репера.

В результате исследования доказаны необходимое и достаточное условия невырожденности рассматриваемого частичного отображения $f_4^3$ евклидова пространства $E_4$.

**Ключевые слова:** евклидово пространсво, сеть Френе, репер Френе, частичное отображение, невырожденное отображение.

*Киришүү.* $E_4$ мейкиндигинин $\Omega$ аймагында ушундай жылма сызыктардын көптүгү берилген:

ар бир $X \in \Omega$ чекити аркылуу берилген көптүктүн бирден гана сызыгы өтөт. Ортонормаланган, $R = (X, \vec{e}_{i,})(i, j, k = \overline{1,4})$ реперин $\Omega$ аймагында бул репер берилген көптүктүн $\omega^1$ сызыгы үчүн Френенин репери [5], [6] боло тургандай тандап алабыз. $\mathfrak{R}$ реперинин деривациондук формулалары төмөнкүдөй көрүнүштө болушат:

$$d\overrightarrow{X} = \omega^i \overrightarrow{e_i},\ d\overrightarrow{e_i} = \omega_i^k \overrightarrow{e_k}\ . \tag{1}$$

Мындагы $\omega^i$, $\omega_i^k$ дифференциалдык формалары евклиддик мейкиндиктин структуралык теӊдемелерин канаатандырышат:

$$D\omega^i = \omega^k \wedge \omega_k^i,\ D\omega_i^k = \omega_i^j \wedge \omega_j^k,\ \omega_i^j + \omega_j^i = 0. \tag{2}$$

$\overrightarrow{e_i}$ вектордук талааларынын интегралдык сызыктары берилген көптүктүн $\omega^1$ сызыгы үчун Френенин торчосун [1] $\Sigma_5$ түзүшөт. $\mathfrak{R}$ репери $\Sigma_5$ , торчосунун

сызыктарынын жанымаларына тургузулгандыктан, $\omega_i^k$ формалары башкы формалар болушат, б.а.

$$\omega_i^k = \Lambda_{ij}^k \omega^j . \qquad (3)$$

(2) формулалардын акыркы барабардыгын эске алсак, анда төмөндөгү келип чыгат:

$$\Lambda_{ij}^k = -\Lambda_{kj}^i . \qquad (4)$$

(3) барабардыкты сырттан дифференцирлеп төмөндөгүнү алабыз:

$$D\omega_i^k = d\Lambda_{ij}^k \wedge \omega^j + \Lambda_{ij}^k D\omega^j .$$

Мындан, (2) формуланы колдонсок, төмөндөгү келип чыгат:

$$\omega_i^j \wedge \omega_j^k = d\Lambda_{ij}^k \wedge \omega^j + \Lambda_{ij}^k \wedge \omega^\ell \wedge \omega_\ell^j .$$

(3) формуланын негизинде акыркы барабардык төмөндөгүдөй көрүнүшкө келет:

$$\omega_i^j \wedge \Lambda_{j\ell}^k \omega^\ell = d\Lambda_{ij}^k \wedge \omega^j - \Lambda_{ij}^k \omega_\ell^j \wedge \omega^\ell$$

же

$$\Lambda_{j\ell}^k \omega_i^j \wedge \omega^\ell = d\Lambda_{ij}^k \wedge \omega^j - \Lambda_{ij}^k \wedge \omega_\ell^j \wedge \omega^\ell .$$

(барабардыктын оң жагындагы экинчи мүчөдө жана индекстеринин ордун алмаштырдык). Мындан төмөндөгүнү алабыз:

$$d\Lambda_{ij}^k \wedge \omega^j - \Lambda_{i\ell}^k \omega_j^\ell \wedge \omega^j - \Lambda_{j\ell}^k \omega_i^j \wedge \omega^\ell = 0$$

же

$$\left( d\Lambda_{ij}^k - \Lambda_{i\ell}^k \omega_j^\ell - \Lambda_{\ell j}^k \omega_i^\ell \right) \wedge \omega^j = 0.$$

Акыркы барабардыкка Картандын леммасын [3] колдонуп төмөндөгүгө ээ болобуз:

$$d\Lambda_{ij}^k - \Lambda_{i\ell}^k \omega_j^\ell - \Lambda_{\ell j}^k \omega_i^\ell = \Lambda_{ijm}^k \omega^m$$

же

$$d\Lambda_{ij}^k = \left( \Lambda_{ijm}^k + \Lambda_{il}^k \Lambda_{jm}^l + \Lambda_{lj}^k \Lambda_{im}^l \right) \omega^m . \qquad (5)$$

Чоңдуктардын $\left\{ \Lambda_{ij}^k , \Lambda_{ijm}^k \right\}$ системасы экинчи тартиптеги геометриялык обьектти түзүшөт.

Берилген көптүктүн $\omega^1$ сызыгы үчүн Френенин формулалары төмөндөгүдөй көрүнүштө болушат:

$$d_1 \overrightarrow{e_1} = \Lambda_{11}^2 \overrightarrow{e_2},$$

$$d_1\overrightarrow{e_2} = \Lambda_{21}^1\overrightarrow{e_1} + \Lambda_{21}^3\overrightarrow{e_3},$$

$$d_1\overrightarrow{e_3} = \Lambda_{31}^2\overrightarrow{e_2} + \Lambda_{31}^4\overrightarrow{e_4},$$

$$d_1\overrightarrow{e_4} = \Lambda_{41}^3\overrightarrow{e_3}$$

жана $$\Lambda_{11}^3 = -\Lambda_{11}^3 = 0, \Lambda_{11}^4 = -\Lambda_{41}^1 = 0, \qquad (6)$$

$$\Lambda_{21}^4 = -\Lambda_{41}^2 = 0 \qquad (7)$$

мындагы $k_1^1 = \Lambda_{11}^2$, $k_2^1 = \Lambda_{21}^3$, $k_3^1 = \Lambda_{31}^4$, - $\omega^1$ сызыгынын биринчи, экинчи, үчүнчү ийриликтери (тиешелеш түрдө), $d_1$ – $\omega^1$ сызыгы боюнча дифференцирлөөнүн символу .

$\Sigma_4$ торчосунун $\omega^i$ сызыгынын жанымасындагы $F_i^j$ $(i \neq j)$ псевдофокусу төмөндөгүдөй радиус – вектор менен аныкталат:

$$\vec{F}_i^j = \vec{X} - \frac{1}{\Lambda_{ij}^j}\vec{e}_i = \vec{X} + \frac{1}{\Lambda_{jj}^i}\vec{e}_i. \qquad (8)$$

Ар бир $(X, \vec{e}_i)$ жанымасында үчтөн псевдофокус жашайт:

$(X, \vec{e}_1)$ жанымасында – $F_1^2, F_1^3, F_1^4$,

$(X, \vec{e}_2)$ жанымасында – $F_2^1, F_2^3, F_2^4$,

$(X, \vec{e}_3)$ жанымасында – $F_3^1, F_3^2, F_3^4$,

$(X, \vec{e}_4)$ жанымасында – $F_4^1, F_4^2, F_4^3$,

$(X, \vec{e}_5)$ жанымасында – $F_5^1, F_5^2, F_5^3$.

$\Omega \subset E_4$ аймагындагы $\Sigma_4$ торчосу Френенин циклдик торчосу деп аталат, эгерде төмөндөгү реперлер бир учурда $\omega^1$, $\omega^2$, $\omega^3$, $\omega^4$ сызыктары үчүн (тиешелеш түрдө ) Френенин реперлери болушса: $R_1 = (X, \vec{e}_1, \vec{e}_2, \vec{e}_3, \vec{e}_4)$ , $R_2 = (X, \vec{e}_2, \vec{e}_3, \vec{e}_4, \vec{e}_1)$ , $R_3 = (X, \vec{e}_3, \vec{e}_4, \vec{e}_1, \vec{e}_2)$, $R_4 = (X, \vec{e}_4, \vec{e}_1, \vec{e}_2, \vec{e}_3)$,.

$\Sigma_4$ торчосу Френенин циклдик торчосу болсун деп эсептейли жана аны $\tilde{\Sigma}_4$ көрүнүшүндө белгилейбиз.

$F_4^3 \in (X, \vec{e}_4)$ псевдофокусу төмөндөгүдөй радиус – вектор менен аныкталат:

$$\overrightarrow{F_4^3} = \vec{X} - \frac{1}{\Lambda_{43}^3}\vec{e}_4 = \vec{X} + \frac{1}{\Lambda_{33}^4}\vec{e}_4. \tag{9}$$

$X$ чекити $\Omega \subset E_4$ аймагында кыймылга келгенде $F_4^3$ псевдофокусу өзүнүн $\Omega_4^3 \subset E_4$ аймагын "сызып" чыгат. Натыйжада $f_4^3(X) = F_4^3$ боло тургандай $f_4^3 : \Omega \to \Omega_4^3$ бөлүктөп чагылтуусуна ээ болобуз.

(9) барабардыкты дифференцирлеп, төмөндөгүнү алабыз:

$$d\overrightarrow{F_4^3} = d\vec{X} - d\left(\frac{1}{\Lambda_{43}^3}\right)\vec{e}_4 - \frac{1}{\Lambda_{43}^3}\vec{e}_4.$$

Мындан, (1), (2) формулаларды эске алсак, төмөндөгү келип чыгат:

$$d\overrightarrow{F_4^3} = \omega^i\vec{e}_i + \frac{d\Lambda_{43}^3}{(\Lambda_{43}^3)^2}\vec{e}_4 - \frac{1}{\Lambda_{43}^3}\omega^i\vec{e}_i$$

(3), (4) формулаларды колдонуу менен акыркы бараабардыктан томөнндөгүнү алабыз.

$$d\vec{F}_4^3 = \omega^i\vec{e}_i + \frac{B_{43m}^3\omega^m}{\left(\Lambda_{43}^3\right)^2}\vec{e}_4 - \frac{\Lambda_{4m}^k\omega^m}{\Lambda_{43}^3}\vec{e}_k = \left[\vec{e}_1 + \frac{B_{431}^3}{\left(\Lambda_{43}^3\right)^2}\vec{e}_4 - \frac{\Lambda_{41}^k}{\Lambda_{43}^3}\vec{e}_k\right]\omega^1 +$$

$$+\left[\vec{e}_2 + \frac{B_{432}^3}{\left(\Lambda_{43}^3\right)^2}\vec{e}_4 - \frac{\Lambda_{42}^k}{\Lambda_{43}^3}\vec{e}_k\right]\omega^2 + \left[\vec{e}_3 + \frac{B_{433}^3}{\left(\Lambda_{43}^3\right)^2}\vec{e}_4 - \frac{\Lambda_{43}^k}{\Lambda_{43}^3}\vec{e}_k\right]\omega^3 +$$

$$+\left[\vec{e}_4 + \frac{B_{434}^3}{\left(\Lambda_{43}^3\right)^2}\vec{e}_4 - \frac{\Lambda_{44}^k}{\Lambda_{43}^3}\vec{e}_k\right]\omega^4,$$

$$B_{43m}^3 = \Lambda_{43m}^3 + \Lambda_{4\ell}^3\Lambda_{3m}^\ell + \Lambda_{\ell 3}^3\Lambda_{4m}^\ell,\ d\Lambda_{43m}^3 = \left(\Lambda_{43m}^3 + \Lambda_{4\ell}^3\Lambda_{3m}^\ell + \Lambda_{\ell 3}^3\Lambda_{4m}^\ell\right)\omega^m.$$

Төмөндөгүдөй белгилөөлөрдү киргизебиз:

$$\vec{c}_1 = \vec{e}_1 + \frac{B_{431}^3}{\left(\Lambda_{43}^3\right)^2}\vec{e}_4 - \frac{\Lambda_{41}^k}{\Lambda_{43}^3}\vec{e}_k; \qquad \vec{c}_2 = \vec{e}_2 + \frac{B_{432}^3}{\left(\Lambda_{43}^3\right)^2}\vec{e}_4 - \frac{\Lambda_{42}^k}{\Lambda_{43}^3}\vec{e}_k;$$

$$\vec{c}_3 = \vec{e}_3 + \frac{B_{433}^3}{\left(\Lambda_{43}^3\right)^2}\vec{e}_4 - \frac{\Lambda_{43}^k}{\Lambda_{43}^3}\vec{e}_k; \qquad \vec{c}_4 = \vec{e}_4 + \frac{B_{434}^3}{\left(\Lambda_{43}^3\right)^2}\vec{e}_4 - \frac{\Lambda_{44}^k}{\Lambda_{43}^3}\vec{e}_k,$$

Анда төмөндөгүнү алабыз:

$$d\vec{F}_4^3 = \omega^1\vec{c}_1 + \omega^2\vec{c}_2 + \omega^3\vec{c}_3 + \omega^4\vec{c}_4.$$

$\Omega_4^3$ аймагында $\Re' = (F_4^3, \vec{c}_1, \vec{c}_2, \vec{c}_3, \vec{c}_4)$ реперине ээ болдук. $\Sigma_4$ торчосун Френенин циклдик торчосу болун деп алсак, анда $\vec{C}_i$ векторлору төмөндөгүдөй көрүнүшкө келишет:

$$\vec{c}_1 = \vec{e}_1 - \frac{\Lambda^3_{41}}{\Lambda^3_{43}}\vec{e}_3 + \frac{B^3_{431}}{\left(\Lambda^3_{43}\right)^2}\vec{e}_4; \qquad \vec{c}_2 = -\frac{\Lambda^1_{42}}{\Lambda^3_{43}}\vec{e}_1 + \vec{e}_2 - \frac{\Lambda^3_{42}}{\Lambda^3_{43}}\vec{e}_3 + \frac{B^3_{432}}{\left(\Lambda^3_{43}\right)^2}\vec{e}_4;$$

$$\vec{c}_3 = -\frac{\Lambda^1_{43}}{\Lambda^3_{43}}\vec{e}_1 + \frac{B^3_{433}}{\left(\Lambda^3_{43}\right)^2}\vec{e}_4; \qquad \vec{c}_4 = -\frac{\Lambda^1_{44}}{\Lambda^3_{43}}\vec{e}_1 + \left(1 + \frac{B^3_{434}}{\left(\Lambda^3_{43}\right)^2}\right)\vec{e}_4. \qquad (10)$$

$\overrightarrow{C_i}$ векторлорунун координаталарынан түзүлгөн аныктагычты эсептейли:

$$\Delta = \begin{vmatrix} C_1^1 & C_1^2 & C_1^3 & C_1^4 \\ C_2^1 & C_2^2 & C_2^3 & C_2^4 \\ C_3^1 & C_3^2 & C_3^3 & C_3^4 \\ C_4^1 & C_4^2 & C_4^3 & C_4^4 \end{vmatrix}$$

Мында $C_i^j - \overrightarrow{C_i}$ векторунун $j$ −координаталары.

(10) барабардыктарды эске алып, аныктагычты төмөндөгүдөй жазууга болот:

$$\Delta = \begin{vmatrix} 1 & 0 & C_1^3 & C_1^4 \\ C_2^1 & 1 & C_2^3 & C_2^4 \\ C_3^1 & 0 & 0 & C_3^4 \\ C_4^1 & 0 & 0 & C_4^4 \end{vmatrix}$$

Мындан $\Delta = \begin{vmatrix} 1 & C_1^3 & C_1^4 \\ C_3^1 & 0 & C_3^4 \\ C_4^1 & 0 & C_4^4 \end{vmatrix}$

Келип чыгат, же

$\Delta = C_1^3 C_3^4 C_4^1 - C_1^3 C_3^1 C_4^4 = C_1^3 (C_3^4 C_4^1 - C_3^1 C_4^4)$

$\Delta = 0$ деген шарт коебуз. Анда 1) $C_3^1 = 0$ же 2) $C_3^4 C_4^1 - C_3^1 C_4^4 = 0$ келип чыгат. $C_3^1 = 0 \Rightarrow \Lambda^3_{41} = 0$ шарты орун албайт, себеби $\Lambda^3_{41} - \omega^1$ сызыгынын үчүнчү ийрилиги нөлдөн айырмалуу. Демек 2) $C_3^4 C_4^1 - C_3^1 C_4^4 = 0$ шартын карайбыз.

Мындан $\begin{vmatrix} C_3^1 & C_3^4 \\ C_4^1 & C_4^4 \end{vmatrix} = 0 \Rightarrow$ пр $\underset{(x, \overrightarrow{e_1}, \overrightarrow{e_4})}{\overrightarrow{C_3}}$ // пр $\underset{(x, \overrightarrow{e_1}, \overrightarrow{e_4})}{\overrightarrow{C_4}}$ (11)

Тескерисинче, эгерде (11) шарт орун алса, анда $\overrightarrow{C_i}$ вектору сызыктуу көз каранды болушат.

Ошентип төмөндөгүдөй теорема далилденди.

Теорема. $f_4^3 : \Omega \to \Omega_4^3$ бөлүктөп чагылтуусу кубулбаган болушу үчүн

$$\begin{vmatrix} C_3^1 & C_3^4 \\ C_4^1 & C_4^4 \end{vmatrix} \neq 0 \qquad (12)$$

шартынын аткарылышы зарыл жана жетиштүү.

(12) барабарсыздыгы геометриялык жактан төмөндөгү эки вектордук коллинеардуу болушпастыгын түшүндүрөт:

$$\text{пр}_{(x,\overrightarrow{e_1},\overrightarrow{e_4})} \overrightarrow{C_3} \; // \; \text{пр}_{(x,\overrightarrow{e_1},\overrightarrow{e_4})} \overrightarrow{C_4}$$

**АДАБИЯТТАР**


1. Рашевский П.К. Риманова геометрия и тензорный анализ / М: Наука, 1967. – С.481-482.
2. Схоутен И.А., Стройк Д.Дж. Введение в новые методы дифференциальной геометрии / М. ИЛ, 1948. – Т.II. – 348 с.
3. Фиников С.П. Метод внешних форм Картана в дифференциальной геометрии / М-Л.: Госттехиздат, 1948. – 432 с.
4. Базылев В.Т. О многомерных сетях в евклидовом пространстве / Литовский математический сборник, 1966. – VI, №4. – С. 475-491.
5. Матиева Г. Геометрия частичных отображений, сетей и распределений евклидова пространства / Монография. – Ош, 2003. – С. 212-219.
6. Базылев В.Т. О фундаментальных объектах плоских многомерных сетей / Известия ВУЗов Математика, 1967. – С. 3-11.
7. Матиева Г., Курбанбаева Н.Н., Папиева Т.М.

ТЕОРИЯ И МЕТОДИКА ПРОФЕССИОНАЛЬНОГО ОБРАЗОВАНИЯ

# НЕКОТОРЫЕ АСПЕКТЫ ОБУЧЕНИЯ РЕШЕНИЮ ПОКАЗАТЕЛЬНЫХ И ЛОГАРИФМИЧЕСКИХ УРАВНЕНИЙ

Комили М.А.,
институт информационных
технологий и физико-математического
образования АлтГПУ г. Барнаул
e-mail: muhammadsino2015@gmail.com

**Аннотация**: В настоящей статье рассмотрены некоторые методические аспекты обучения решению показательных и логарифмических уравнений. Рассмотрены основные методы их решения. Приведенные примеры иллюстрируют теоретические заключения.

**Ключевые слова**: решение уравнений, логарифмическое уравнение, показательное уравнение, метод приравнивания показателей, метод введения новой переменной.

В науке методика определяется как алгоритм, или можно сказать некий готовый «рецепт» для решения определенной задачи или определенного действия. Следует отметить, что методика отличается от метода конкретизацией приёмов и задач. Известно, что слово «метод» образовалось от двух древнегреческих слов «мета» («μετά») – «исследование» и «одос» («ὁδός») – «путь» в виде «методос» («μέθοδος»).

В науке существуют следующие разновидности методов: «аналитический», «дедуктивный», «диалектический», «индуктивный», «интуитивный», «научный», «обобщенный», «экспериментальный» и т.д.

В математике метод часто используется как «способ», т.е. определенный алгоритм для достижения цели в решении конкретных задач.

Для решения показательных и логарифмических задач можно использовать метод приравнивания показателей при одинаковых основаниях, метод введения новой переменной и т.д., примеры которых рассмотрим в настоящей статье.

Вообще, решение показательных и логарифмических уравнений основано на свойствах показательной и логарифмической функций. При этом активно используются свойства степеней. Поэтому их глубокое осмысление учащимися является необходимым

условием успешности обучения решению таких видов уравнений. Кроме того, в результате изучения темы «Логарифмические и показательные уравнения» учащийся должен поэтапно ознакомиться с типами простейших уравнений и способами их решения, общими методами решения уравнений и специальными приемами решения уравнений такого вида.

Приведем некоторые примеры.

Пусть требуется решить уравнение $8^x - 4^x = 0$.

Для школьника очевидно, что оба члена левой части уравнения можно привести к одному основанию 2. Поэтому используется *метод приравнивания показателей при одинаковых основаниях.*

Понятно, что $8 = 2^3$ и $4 = 2^2$. То есть $(2^3)^x - (2^2)^x = 0$

Далее, используя формулу $(a^b)^c = a^{b \cdot c}$, решим уравнение

$$2^{3x} - 2^{2x} = 0$$

$$2^{2x}(2^x - 1) = 0$$

$$2^{2x} = 0 \text{ или } 2^x - 1 = 0$$

$$2^x = 1, \text{но } 1 = 2^0, \text{значит } 2^x = 2^0$$

$$x = 0$$

Ответ: $x = 0$.

Рассмотрим другой неординарный пример, для решения которого используем *метод введения новой переменной.*

Решим уравнение $x^{x^6} = 144$.

$$\left(x^{x^6}\right)^6 = (144)^6$$

$$(a^m)^n = (a^n)^m = a^{n \cdot m}$$

$$(x^6)^{x^6} = (144)^6$$

Введем переменную $x^6 = y$, т.е. используем *метод введения новой переменной.* Далее, решим:

$$y^y = (12^2)^6 = 12^{12}$$

$$y = 12$$

Если $x^6 = 12$, то $(x^6)^{1/6} = (12)^{1/6}$.

$$\sqrt{a} = a^{1/2}$$

$$x = (12)^{1/6} = \sqrt[6]{12}$$

Ответ: $x = \sqrt[6]{12}$.

Рассмотрим некоторые примеры решения логарифмических уравнений.

Пусть требуется решить уравнение $18 = 9^x$. Обращая внимание учащихся на то, что обе части равенства положительны, логарифмируем и получаем $\log 18 = \log 9^x$.

Используем формулу $\log_a b^c = c \cdot \log_a b$, имеем $\log 18 = x \cdot \log 9$.

Делим обе части последнего уравнение на неравный нулю $\log 9$:

$$\frac{\log 18}{\log 9} = \frac{x \cdot \log 9}{\log 9}$$

Откуда $x = \frac{\log 18}{\log 9}$. Далее $\log 18 = \log(2 \cdot 9)$.

Используем следующее свойство логарифмов $\log(a \cdot b) = \log a + \log b$:

$$\log 18 = \log(2 \cdot 9) = \log 2 + \log 9$$

$$x = \frac{\log 18}{\log 9} = \frac{\log 9 + \log 2}{\log 9} = \frac{\log 9}{\log 9} + \frac{\log 2}{\log 9} = 1 + \frac{\log 2}{\log 9}$$

$$\log 9 = \log 3^2 = 2 \cdot \log 3$$

$$x = 1 + \frac{\log 2}{2 \cdot \log 3}$$

Используя калькулятор, учащиеся получают $x \approx 1 + \frac{0{,}301}{2 \cdot (0{,}477)} \approx 1{,}315$.

Ответ: $x \approx 1{,}315$.

Рассмотрим уравнение: $\log_2 x + \log_3 x = 1$.

Отметим, что основание логарифмов разное. Поэтому придем, например, к основанию 3. Для этого сделаем следующее преобразование

$$\log_2 x = \frac{\log_3 x}{\log_3 2} = \log_3 x \cdot \log_2 3$$

Тогда имеем: $\log_3 x \cdot \log_2 3 + \log_3 x = 1$

Далее, вынесем $\log_3 x$ за скобку $\log_3 x(\log_2 3 + 1) = 1$. Откуда $\log_3 x = \frac{1}{(\log_2 3 + 1)}$.

Единицу можно записать как $\log_2 2$, тогда имеем:

$$\log_3 x = \frac{1}{\log_2 3 + \log_2 2}$$

Поскольку $\log_2 3 + \log_2 2 = \log_2(3 \cdot 2) = \log_2 6$.

То есть $\log_3 x = \frac{1}{\log_2 6}$=$\log_6 2$. Откуда $x = 3^{\log_6 2}$.

Ответ: $x = 3^{\log_6 2}$.

Пусть требуется решить следующее выражение

$$6 \log_7 \sqrt[3]{7} \qquad (1)$$

Зная, что $\sqrt[3]{7} = 7^{\frac{1}{3}}$ запишем искомое выражение в виде

$$6 \log_7 7^{\frac{1}{3}} \qquad (2)$$

I-й способ

Используя свойства $\log_a b^c = c \cdot \log_a b$ , запишем

$$\frac{1}{3} \cdot 6 \cdot \log_7 7$$

Поскольку $\log_7 7 = 1$

Тогда $\frac{1}{3} \cdot 6 \cdot 1 = 2$

Ответ: 2.

II-й способ

Зная другое свойство логарифма $\log_a a^k = k$ выражение (2) сразу запишем $6 \cdot \frac{1}{3}$ тогда, также ответ будет 2.

Отметим, что активные школьники в процессе изучения показательных и логарифмических уравнений способны самостоятельно выявить некоторые свойства логарифмической и показательной функции, основываясь на изученном базовом материале.

## ЛИТЕРАТУРА

1. Власова А.П. Задачи с параметрами. Логарифмические и показательные уравнения, неравенства, системы уравнений. 10-11 классы / А.П. Власова, Н.И. Латанова. – М.: Просвещение / Дрофа, 2007. – 96 с.

2. Колесникова, С. И. ЕГЭ. Математика. Показательные и логарифмические уравнения / С.И. Колесникова. – Москва: Азбука-2000, 2010. – 124 с.

3. Комили М.А. Методика и примеры решения показательных и логарифмических уравнений / М.А. Комили. – Барнаул-Душанбе, 2023. - 32 с.

4. Шахмейстер А.Х. Логарифмы / А.Х. Шахмейстер. – Москва: МЦНМО, 2016. – 288 с.

5. Шень А. Логарифм и экспонента / А. Шень.- Москва: МЦНМО, 2013.- 24 с.

## ФИЗИКА

# ЭНТРОПИЯНЫН МААЛЫМАТТЫК АНЫКТАЛЫШЫ

М.Ч. Осконбаев
доцент ОшМУ,
Т.Ж Курбанбекова
магистрант ОшМУ

**Аннотация:** Энтропия Ааламдын кеңейиши менен байланышып, кыймылдаган нерсенин баарынын абалын аныктоочу, өзгөчө күчкө ээ болгон физикалык чоңдук. Энтропиянын термодинамикалык жана статистикалык аныкталышы жалпыга белгилүү. Бул илимий баяндамада Шенон аныктаган энтропиянын маалыматтык аныктамасына, жөнөкөй мисалдар менен энтропиянын маалыматтык аныкталышын түшүндүрүү жана энтропиянын маалыматтык маанисинин чечмелениишн каралган.

**Ачкыч сөздөр:** энтропия, энергия, жылуулуктун саны, температура, ыктымалдуулук, баш аламандык, ыктымалдуулуктун тыгыздыгы, тең салмактуулук.

# ИНФОРМАЦИОННОЕ ОПРЕДЕЛЕНИЕ ЭНТРОПИИ

М.Ч. Осконбаев
доцент ОшГУ,
Т.Ж Курбанбекова
магистрант ОшГУ

**Аннотация:** Энтропия — физическая величина, связанная с расширением Вселенной и обладающая особой силой, определяющей состояние всего, что движется. Термодинамическое и статистическое определение энтропии хорошо известно. В этом научном отчете представлены информационное определение энтропии, определенное Шенноном, объяснение информационного определения энтропии на простых примерах и интерпретация информационного значения энтропии.

**Ключевые слова:** энтропия, энергия, количество тепла, температура, вероятность, беспорядок, плотность вероятности, равновесие.

*Изилдөөнүн актуалдуулугу:* Азыркы мезгилде энтропия түшүнүгү физиканын термодинамика жана статистикалык физика бөлүмүндө математиканын маалыматтар

теориясында жана ыктымалдуулуктар теориясында колдонулган түшүнүк. Бул түшүнүктү бири-бири менен айырбаштабоо керек. Термодинамикадагы жана статистикалык физикадагы маалыматтар теориясы менен ыктымалдуулуктар теориясы энтропия түшүнүгүн бири-биринен так айырмалоо зарыл. Бир эле энтропия термини физикалык жана физикалык эмес чоңдуктардын маанисин түшүндүрүү үчүн колдонулат.

1865-жылы Клаузиус Париж илимдер академиясында окуган кыскача докладында термодинамикадагы энтропия түшүнүгү жөнүндө айтып кеткен [1].

Жылуулук жөнүндө сөз болгондо биз нерселердин микроскопиялык бөлүкчөлөрүнүн баш аламан кыймылдарынын энергиясын түшүнөбүз. Башка түрдөгү энергиялардан айырмаланып, ал тартипсиздиктин энергиясы болуп эсептелет.

Жылуулукту механикалык энергияга, б.а жумушка айландыруу деген сөз баш аламан кыймылдын энергиясын багыттуу кыймылдын энергиясына айландыруу дегендикке жатат. Цилиндрде поршень менен камалган газ берилген поршенди жылдырып жумуш аткарат. Макроскопиялык сандагы молекулалар бир эле убакта багыттуу кыймыл жасашат. Жогоруда келтирилген эки процесс, б.а жылуулуктун жумушка, жумуштун жылуулукка өтүшү физикалык маңызы боюнча бирдей эмес. Жумуштун, демек механикалык энергиянын жылуулукка өтүшү тартипсиздикти күчөтүү менен коштолсо, тескерисинче жылуулуктун жумушка өтүшү тартиптүүлүктү азайтуу менен коштолот. Энтропия өзүнүн илимдеги өзгөчө орду боюнча башка физикалык чондуктардан айырмаланып турат. Башында энтропия жылуулук машиналарында гана пайдаланылса, кийинчерээк нурдануу теориясы баш болгон илимдин түрдүү аймактарында пайдалана баштады. Андан ары нурдануу теориясынан сырткары, космологияда, биологияда, жана маалыматтар теориясында дагы энтропия түшүнүгү кеңири колодонула баштады [2-3]. Энтропия түшүнүгү өтө кеңири тараган, бир маанилүү аныктама берүүгө мүмкүн болбогон чоңдук.

*Энтропия* жөнүндөгү түшүнүктү жылуулуктун жумушка айланышынын маанилүү мүнөздөмөсү катары Клаузиус киргизген. Ал “энтропия –преобразовать, превратить”деген сөздөрдөн, кыргызча –“өзгөрүү”,”айлануу” деген сөздөрдүн маанисин түшүндүрөт. Өзүнүн мааниси боюнча энтропия-физикадагы энергия жана материя сыяктуу фундаменталдык түшүнүктөрдүн бири. Ал ички энергия сыяктуу абалдын функциясы.

Энтропия жөнүндөгү түшүнүктү Карнонун циклы боюнча киргизүү көбүрөөк түшүнүктүү болот деп эсептейбиз. Физикада окурмандарга буга чейин жолукпаган жана аны көрсөтмөлүү кылып элестетүүнүн кыйынчылыгы, энтропия абстрактуу түшүнүктөрдүн бири катары калтырат. Тупадан туура ченөөгө мүмкүн болбогон бул чоңдукту түшүнүүнүн кыйынчылыгы мына ушунда.

Энтропиянын термодинамикалык, статистикалык жана маалыматтык маанилерин салыштыруу, ар бир аныктамага өз алдынча токтолуу, алардын физикалык жана маалыматтык маанилерин ачып берүү адабияттарда каралган эмес, ошондуктан бул маселени изилдөө *актуалдуу маселе.*

*Изилдөө обьектиси:* Энтропиясы аныкталган макросистемадан баштап, Ааламдын өзү жана маалымат аймагы болуп эсептелет.

*Изилдөө усулу:* Изилдөөдө маалыматтык энтропияны аныктоонун усулу пайдаланылган.

Кыргызды “Аккан сууда арам жок” деп коет. Кыргыздар энтропия жөнүндөгү түшүнүктү билбегени менен, канчалык сууну түзгөн бөлүкчөлөрдүн баш аламан кыймылы көп болсо, суу ошончолук таза болоорун белгилеп жатышат. Идишдеги суу көпкө турса айнып калаары дагы бышык, бул деген сөз сууну түзгөн болукчөлөр баш аламан кыймылдабай калса, энтропиясы азаяып, суу бузулат.

Белгилүү бир маселени чечүүдө термодинамиканын тереңинде пайда болуп, энтропия түшүнүгү укмуштуудай энергия менен кеңейип, физиканын чегинен тез эле өтүп, адамдын ой жүгүртүүсүнүн эң жакын жерлерине кирип кеткен. Клаузиус энтропиясы менен катар статистикалык, маалыматтык, математикалык, лингвистикалык, интеллектуалдык жана башка энтропиялар пайда болгон.

Энтропия маалымат теориясынын негизги концепциясы болуп калды жана белгилүү бир кырдаалдын белгисиздигинин өлчөмү катары иштей баштады. Кандайдыр бир мааниде бул дисперсиянын өлчөмү жана бул жагынан дисперсияга окшош. Бирок эгер дисперсия кокустук чоңдуктардын өзгөчө ыктымалдык бөлүштүрүлүшү үчүн гана дисперсиянын адекваттуу өлчөмү болсо (мисалы, нормалдуу Гаусс таралышы), анда энтропия бөлүштүрүүнүн түрүнөн көз каранды эмес. Энтропиянын популярдуулугу анын маанилүү касиеттери: универсалдуулугу жана кошумчалыгы менен байланышкан. Өз кезегинде маалымат айрым өзгөрмөлөрдүн көз карандылык даражасынын мүнөздөмөсү болуп чыкты. Аны корреляцияга салыштырууга болот, бирок корреляция өзгөрмөлөрдүн ортосундагы сызыктуу байланышты гана мүнөздөсө, маалымат ар кандай байланышты мүнөздөйт. Байланыштын түрү изилдөөчүгө белгисиз нерсе болушу мүмкүн. Маалыматты терс энтропия катары кароого болот. Анда энтропия менен маалымат бирдей деңгээлдеги түшүнүктөр сыяктуу көрүнөт.

Бирок, бул андай эмес: энтропиядан айырмаланып, маалымат өз мааниси боюнча философиялык категорияга жакындаган жалпы илимий түшүнүк. Бул илимий баяндамада биз татаал маселени түшүнүүгө аракет кылабыз: эгерде маалыматтын ар кандай түрлөрүнүн ортосунда кандайдыр бир жалпылык бар болсо, же алар бир эле аталыш менен аталган

түшүнбөстүктөрдөн улам такыр башка субъекттер болсо. Техникалык маалыматтын термодинамикалык маалымат менен кандайдыр бир байланышы барбы, эгер бар болсо, ал эмне? Клаузис-Келвин термодинамикалык энтропиясы менен Больцман-Планк статистикалык энтропиясынын ортосунда байланыш барбы? Жалпысынан алганда, энтропия баш аламандыктын өлчөмү боло алабы? Бул суроолорго эч ким так жооп бере албасы алдын ала көрүнүп турат. Маалымат теориясында энтропия – бул кандайдыр бир кокустук маалымат булагы маанилерди пайда кылган орточо ылдамдык. Белгилүү бир маалымат мааниси менен байланышкан маалыматтык энтропиянын көлөмү төмөнкү формула менен эсептелет:

$$H=-\sum P_i \log P_i,$$

мында $P_i$ - системанын i- абалынын ыктымалдыгы (алынган өзгөрмөнүн мааниси), n - системанын абалынын саны (өзгөрмө тарабынан алынган маанилер).

Энтропия түшүнүгү маалыматтын өлчөмү катары биринчи жолу 1948-жылы К.Шеннон тарабынан киргизилген.

Энтропияны эсептөөдө колдонулган логарифмдик базага жараша энтропия бит, нат (натурал бирдиктер) же дит (ондук сандар) менен өлчөнөт. Логарифм көз карандысыз булактар үчүн кошумча болгондуктан колдонулат. Мисалы, окуянын энтропиясы — тыйын ыргытуу — 1 битке барабар, ал эми m ыргытуунун энтропиясы m бит болот.

Шахмат доскасындагы бир пешканын ордун табуу үчүн алты суроо берип, ар бир суроого экиден гана жооптун вариантын сунуштап (маалыматдагы 0 жана 1 сыяктуу) 64 орунда болуп калуунун энтропиясы табылган. 1 –суроо пешка шахмат доскасынын биринчи жарымындабы? Жооп экөө: ооба же жок. Ооба деген жоопту алсак, шахмат доскасынын экинчи жарымы сурамжылоого катышпай, натыйжада шахмат доскасынын 32 орду гана калат. 2-суроо пешка досканын үстүңкү бөлүгүндөбү? – деген суроого, жок деген жооп болсо, анда дагы 16 шахмат доскасынын орду алынып салынат. 3-суроо пешка калган досканын экинчи жарымындабы? –деген суроого, жок деген жооп болсо, анда шахмат доскасында 8 гана орун калат. 4-суроо пешка шахмат доскасынын үстүңкү бөлүгүндөбү? - деген суроого “ооба” деген жооп болсо, шахмат доскасынын үстүңкү бөлүгүндө төрт гана орун калат. 5-суроо пешка шахмат доскасынын астыңкы жарымындабы? - деген суроого “жок” деген жооптон кийин, шахмат доскасында 2 гана орун калды. 6-суроо пешка кара орундабы? - деген суроо менен пешканын так ордун аныктап алдык. Демек маалыматтык энтропияны математикалык туюнтсак, анда төмөнкүгө ээ болобуз:

$$S = \log_2 64 = 6$$

Ошентип, маалыматтык энтропияда жооптун жана сыноонун саны маанилүү экендиги келип чыгат.

*Жыйынтык.* Маалыматтык энтропияны аныктоонун жүрүшүндө баштапкы берилиштер жыйындысы кандайдыр бир критерийге ылайык ырааттуу түрдө чакан топторго бөлүнөт, эң жакшы бөлүштүрүү натыйжада пайда болгон чакан маалыматтык энтропияны камсыздайт.

## АДАБИЯТТАР.


1. Клаузиус Р. Механическая теория тепла. Второе начало термодинамики. –М.1934. –С.70-158.
2. Шеннон К. Работы по теории информации и кибернетике. — М.: Издательство иностранной литературы, 2002.
3. Волькенштейн *М. В.* Энтропия и информация. — М.: Наука, 2006.

МЕТОДИКА ПРЕПОДАВАНИЯ ФИЗИКИ

# ОКУУЧУЛАРДЫН ТААНЫП БИЛҮҮ ЖӨНДӨМДҮҮЛҮГҮН ӨНҮКТҮРҮҮ ЖОЛДОРУ

Макамбаева Ж.А.
Окутуучу ОшМУ,
Салиева Бүүхалида
магистрант ОшМУ

**Аннотация:** Окуучунун таанып-билүүчүлүк ишмердүүлүгүн активдештирүү ой-жүгүртүүнүн өз алдынчалыгын, эмгек ыкмаларын колдонуунун, мектептеги андан тышкары практикалык ишмердүүлүктүн, жүрүм-турумдун мүнөздүн өз алдынчалыгынын зарыл шарты, ушул эле учурда пайда болуу белгиси. Чыгармачыл ой-жүгүртүүнүн белгилери ар бир окуучуда ар түрдүү даражада пайда болу, аларды ар биринде калыптандыруу-окутуунун маанилүү милдеттеринин бири экендиги, ал үчүн эффективдүү каражат таанып билүү тапшырмалары баяндалган.

**Түйүндүү сөздөр:** Окуучу, таанып билүү, окутуу, тарбия, мугалим, сабак,билим берүү, активдүүлүк, педагогикалык-психологиялык, инновация, физика сабагы, катуу, суюк, газ.

# СПОСОБЫ РАЗВИТИЯ КОГНИТИВНЫХ СПОСОБНОСТЕЙ УЧАЩИХСЯ

Макамбаева Ж.А.
Окутуучу ОшМУ,
Салиева Бүүхалида
магистрант ОшМУ

**Аннотация:** активизация познавательной деятельности учащегося является необходимым условием самостоятельности мышления, применения трудовых приемов, внеурочной практической деятельности, самостоятельности характера поведения, в то же время признаком возникновения. Тот факт, что признаки творческого мышления проявляются у каждого ученика в разной степени, что их формирование у каждого из них является одной из важнейших задач обучения, является эффективным средством для когнитивные задачи описаны.

**Ключевые слова:** ученик, познание, обучение, воспитание, учитель, урок,образование, деятельность, педагогико-психологическая, инновация, урок физики, твердое тело, жидкость, газ.

Окутуу--тарбия процессинин эффективдүү болушун камсыз кыла тургандай кесиптик

компетенттүүлүк гана мугалимдин азыркы учурдун талаптарына ылайык даярдыгынын өзөктүк көрсөткүчү болуп эсептелет.

Билим берүү системасы убакытта жана мейкиндикте дайыма кандайдыр бир өзгөрүүлөргө дуушар болуп турары айкын-ачык иш. Коомдун тарыхый өнүгүү процессинде билимдердин көлөмү жана деңгээли өзгөрүлүү менен, мугалимди методикалык даярдоого белгилүү бир таасирин тийгизет.

*Таанып-билүү теориясы*, же болбосо *гносеология* – таанып билүү ишмердигинин процессинде *субъект* менен *объекттин* карым-катнаштарын окутуучу философиянын бөлүгү. Таанып-билүү теориясы адамдын дүйнөгө болгон таанып-билүүчүлүк мамилесинин маңызын изилдейт. Философиянын тарыхында таанып-билүү маселеси белгилүү ролду ойногон.

Таанып-билүү ишмердүүлүгүндө окуу процесси жөнүндөгү психологиялык педагогикалык билимдер ишке ашат анын маңызы, максаты, принциптери, методдору, ыкмалары, уюштуруу жолдору.

Жаратылыш адамга өзүнчө бир өзгөчө, индивидуалдуу артыкчылыктарды берип койгондуктан, мугалимдин окуу-таанып билүү ишмердүүлүгүн окуучулардын инсандык сапаттарын, психологиялык өзгөчөлүктөрүн, субъективдүү тажрыйбаларын эске албастан пландаштырууга мүмкүн эмес.

Табияты боюнча чыгармачыл болуп эсептелүүчү таанып-билүү ишмердүүлүгүн пландоо, прогноздоо, максаттарды коюу, мазмунду ачуу, метод тандоо, каражат тандоо, окуучунун натыйжасын анализдөө билгичтиктерин камтыйт. Таанып-билүү ишмердүүлүгүнүн составдуу компоненттери болуп: иш-аракет багытталган объект; иш-аракеттин объектин билүү (анын тутуму азыркы учурдагы абалы); анын маңызын түшүнүү; иш-аракет жолдорун билүү; жаңы кырдаалга иш-аракетти алып чыгуу.

Окуу таанып-билүү активдүүлүгү ар түрдүүчө пайда болот. Окуучу мугалимди көңүл бөлүп угуп, сунуш кылынган материалды жана схеманы анын көрсөтмөсү менен толтура алат. Мындай тапшырмалар активдүүлүктү талап кылганы менен тууроо мүнөзүнө ээ, бул мугалимдин талабына жооп болуп саналат. Окуучунун активдүүлүгүнүн башка түрү, негизинде окуучунун тааныпбилүү демилгеси, анын окуу ишмердүүлүгүнө кызуусу болгон окуучунун активдүүлүгү.

Билимди толук өздөштүрүүнү камсыздоо үчүн окуучуну өз алдынча иштин эффективдүү методдору жана ыкмалары менен куралдандыруу керек. Алар аны уюштуруунун рационалдуу эрежелерин билүүлөрүү керек жана өзүнүн окуу ишмердүүлүгүндө аларды колдоно алуусу, ошондой эле өзүнүн психологиялык процесстерин кабыл алуу, эске тутуу, ой жүгүртүү ж.б. башкара билүүсү зарыл.

Семинар сабактар сыяктуу эле лабораториялык-практикалык сабактар абдан ар түрдүү болушат: маселелерди чыгаруу сабагы, ар кандай көнүгүүлөрдү аткаруу сабагы, практикум, драмалаштыруу сабагы, чакан сахналаштыруу сабагы ж.б. Бул сабактардын баардыгы үчүн жалпы белги - окуучулардын билимдерин алардын практикалык, окуу-таанып билүүчүлүк жана коомдук пайдалуу ишмердүүлүк менен бириктирүү, окуучуларды билимди турмушта колдонууга үйрөтүү.

Билим берүүдөгү инновациялык процесстердин натыйжасы теориялык да, практикалык да, ошондой эле, теория менен практиканын айкаштыгында жаралган жаңычыл методдорду колдонуу болуп саналат.

Мугалимди билим берүүнүн мазмунундагы жаңычылдыктарга даярдоодо, *биринчи кезекте,* азыркы мезгилдеги адамдын ишмердүүлүк чөйрөсүнүн кеңейишин, жаңы билим берүү тарамдарын, анын натыйжасында мектепке жаңы окуу предметтеринин жана факультативдик курстардын киргизилишин эске алуу керек.

*Экинчиден,* ишмердүүлүктүн ар кыл чөйрөлөрүнүн интеграцияланышы мектептин окуу программаларынын жана окуу китептеринин интеграцияланышын алдын-ала аныктайт.

*Үчүнчүдөн,* мектептик физикалык билим берүүнүн дифференциацияланышы физика мугалимин даярдоонун калыптанып калган системасын кайра курууну шарттады, анын кесиптик квалификациясын жогорулатуунун мазмунуна жана методдоруна олуттуу өзгөрүүлөрдү киргизди [1].

*Окуучулардын төмөнкүдөй билгичтиктерине көңүл бурулушу керек:*

- жаратылыштагы кубулуштарды жана техниканы, заттардын касиеттери жөнүндөгү түшүнүктөрдү, законлорду, айрым эрежелерди колдонуу;
- окуу китеби менен өз алдынча иштөө;
- өздөштүрүлгөн закондорду жана формалаларды колдонуу менен маселелерди чыгаруу;
- физикалык билимдерди системалаштыруу, главалардан негизги билимдерди белгилеп көрсөтүү жана алардын ортосундагы логикалык байланыштарды аныктоо.

Окуучулардын таанып - билүүсүн арттырууда физикалык формулаларды, закондорду курулай жаттоо тажатып жиберет. Мындай кырдаалдан чыгуу үчүн мугалим инновациялык методдорду пайдалана билүүсү зарыл. Инновациялык меттоддордон физиканы адабиятташтыруу жана башка предметтер менен байланыштыруу керек.

Инновациялык жараян кыргыз тилинде жакындаш мааниде дагы жаңылык, пайда болуу, иштелип чыгышы, өздөштүрүлүшү, колдонулушу, жайылтылышы жана өзгөрүшү сыяктуу түшүнүктөрдү билдирет, ошондой эле инновация каражат жана жараян катары

кайсы-бир жаңыны максатка ылайык киргизүүнү алдыга коёт.

Мисалга, 7 – класска сабак өтүүдө ушул метод колдонулду.

*Сабактын темасы:* Катуу, суюк, газ түрүндөгү нерселердин түзүлүшү.

*Сабактын максаты:*

- Заттардын үч абалынын түзүлүшү жөнүндө, бири-биринен кантип, эмнеси кантип бири-биринен айырмалана алыштары жөнүндө маалымат беришет;
- Заттардын түзүлүшү жөнүндө , алардын молекулаларынын жайгашышы, тыгыздыгы, касиеттери боюнча айырмаланышын, жупта, топто талкуулашат;
- Мисалдар келтиришет, схемалар менен иштешет, айырмачылыгын далилдешет;
- Ар бир заттын касиетин, турмушта, техникада колдонулушуна мисалдарды келтиришет, баалуулугун аныкташат [2].

*Сабактын жабдылышы*: Кагаз, маркер, кайчы, үч абалдагы заттар, суу, муз, аба. Al,Cu,Ag,Fe,Au жана таблица

*Сабактын усулу:* Билем, Билгим келет, Билдим. Концептуальдык таблица

*Сабактын тиби:* аралаш

*Сабактын жүрүшү:*

**(Ч)** Мугалим заттар жөнүндө, алардын түзүлүшү, бири- биринен айырмасы жөнүндө эмне айта аласыңар?

Доскага таблица сызылат, окуучуларга таблицанын биринчи колонкасына өздөрү эмне билсе жазуулары сунушталат.

| **Билем “0”** | **Билгим келет “?”** | **Билдим “+“** |
|---|---|---|
| -Катуу, суюк, газдар бири-биринен молекулаларынын жайгашуу тыгыздыгы менен айырмаланат.<br>-Касиеттери боюнча<br>-Катуу зат, туруктуу көлөмгө ээ<br>-Кысылбайт<br>-Газ оңой кысылат, формасын, көлөмүн сактабайт, | -Катуу заттардын техникада колдонулушун<br>-Кайсы окмуштуулар бул заттардын касиеттерине изилдөөлөр жүргүзгөн?<br>-Газдардын турмушта колдонулушу, касиеттери?<br>-Бул заттардын терс, зыяндуу жактары. | -Электр тогун ташууда катуу заттар өткөргүч катары электротехникада колдонулат.<br>--?<br>-7<br>-Электр жана радио лампаларында, күйүүчү отун ж.б.<br>Бул суюктуктардын температурасы жогорулашы менен молекулалардын жайгашуулары бузулат,<br>кыймылы, кинетикалык энергиясы көбөйөт, ылдамдыгы |

| | | |
|---|---|---|
| -Суу агуучулук, кысылбайт, көлөмү сакталат | | жогорулайт. Советтик физиктер Я.И.Френель тарабынан изилденген. |

*Окуучулар*: - биринчи колонканы 3 минута ичинде өз идеяларын же билгендерин жазышат,толтурушат, бири-бири менен ой бөлүшөт. Андан соң ар бир жуптан бирден идея айтуу менен жалпы таблицаны доскадагы таблицаны толтурушат. Айтылган идеялар кайталанбайт. Мугалим баардык идеяларды угуп жана жазып болуп эми жеке эмнени билгиңер келсе экиден суроо түзгүлө деген көрсөтмө берет. Окуучулар суроо түзүшөт, экинчи колонкага, бири-бири менен түзгөн суроолорун талкуулашат (1,5 мин).

Ар бир жуптан бирден суроо окулат жана доскага жазылат (7-8).

**(Т)** Мугалим окуучуларга эми тексти окуйбуз.Өүңөр түзгөн суроого жооп издеп окугула, эгер жооп табылса, суроoңордун тушуна жазгыла жоопту, эгер жообу жок суроонун тушун сызып койгула же ачык калсын, жаңы маалыматты белгилеп (+) коё кеткиле. Окууга, жазууга 12 -15 мин. Аткарып бүткөндөр башын көтөрсө ошого карап кимдин аяктаганын билүүгө болот.

**(О)** Окуучулар ишти аткарып бүткөн соң ирээти менен суроолорго жооптор окулуп, жазылып талкууланат. Баардык суроолор бүткөн соң, жаңы маалыматтар 3 колонканын этегине жазылат.

Ачык калган суроого ким билет? Билсе кошумчалап, мугалим толуктоо киргизсе болот, эгер жооп жок болсо, мугалим окуучуларды изденүүсү үчүн үйгө маалымат булактарынанкитептен пайдаланып, кошумча адабияттардан издеп табууга тапшырма берет.

*Үйгө тапшырма:* Катуу, суюк, газ абалындагы заттарды салыштырып концептуальдык таблица түзүү.

| **Заттар** | **касиети** | **Техникада колдонуу** | **Молекулалардын түзулүшү** | **Менделеев системасындагы абалы,орду.** |
|---|---|---|---|---|
| Катуу | | | | |
| Суюк | | | | |
| Газ | | | | |

*Баалоо:* идеялардын баалуулугу, аргументтүүлүгү, колдонуу мисалдарына карап.

Демек, окуучулардын таанып-билүү ишмердүүлүктөрүнүн өз алдынчалыгын жана

активдүүлүгүн өнүктүрүүнү, теориялык жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүүнү камсыздоочу методикалык системаны түзүү ал төмөнкүлөргө негизделген: окуучуларды таануу процессинде негизги логикалык ыкмаларды өз алдынчалыкты колдонууга түрткү берүүчү методдор менен ыкмалар; үйрөнүлүүчү материалдын маңыздык жагын ачып берүүгө ой жүгүртүүнүн багытталышын жогорулатуучу таанып-билүүчү тапшырмаларынын системасын колдонуу; окуучулардын өзүнүн таанып-билүү ишмердүүлүктөрүнүн логикалык структурасын жана акыл эмгегинин ыкмаларын аңдоосун орнотуу; жана окуучулардын ой жүгүртүү ишмер-дүүлүгүн стимулдаштыруучу субьективдүү факторлорду активдештирүү.

## АДАБИЯТТАР


1. Бабаев Д.Б., Алиева Б.М. Инновация в образовании и некоторые проблемы подготовки учителя физики //Вестник ОшГУ. - 2001, -№2, - С. 61-65.
2. К. Матубраимова, Б. Алиева. Физика сабагында интерактивдүү методдорду колдонуу. –Ош, 2020. 100б.
3. Мамбетакунов Э.М. Орто мектептин физика курсундагы предметтер аралык байланышты ишке ашыруу[Текст]/Э.М. Мамбетакунов. – Фрунзе: Мектеп, 1988. – 98 б.

ИНФОРМАЦИОННЫЕ ТЕХНОЛОГИИ

УДК 614.2:004.9:618

# ОСНОВЫ АВТОМАТИЗАЦИИ РАБОТЫ АПТЕКИ НА ПРИМЕРЕ КАРА-КУЛЬДЖИНСКОГО РАЙОНА

Мамытов Эрик Алтынбекович
магистрант ОшГУ

**Аннотация.** В данной статье изучены автоматизации документооборота с поставщиками, использование возможностей электронного заказа товаров, сравнение прайс-листов поставщиков, получение документов по товару в электронном виде. Ценообразования, возможность настройки схемы ценообразования в зависимости от различных условий. работы с товарным ассортиментом, получение отчетов по группам товаров, реализация ассортиментной политики сети аптеки Кара-Кульджинского района. В конце составлена программа на языке Borland Delphi 7.

**Ключевые слова.** Аптека, документооборот, ценнообразования, асортимент, админстрация, акт, программирование, IT технология.

# КАРА-КУЛЖА РАЙОНУНУН МИСАЛЫНДА АПТЕКАЛАРДЫН ИШИН АВТОМАТТАШТЫРУУНУН НЕГИЗДЕРИ

Мамытов Эрик Алтынбекович
магистрант ОшМУ

**Аннотация.** Бул макалада документ жүгүртүүнү менен дары-дармектерди жеткирүүчүлөрдүн ишин автоматташтыруу, товарларга электрондук заказды кабыл алуу, жеткирүүчүлөрдүн прейскуранттарын салыштыруу, товарларга документтерди электрондук түрдө кабыл алуу каралат. Баа түзүү, ар кандай шарттарга жараша баа схемасын ыңгайлаштыруу мүмкүнчүлүгү. продукциянын ассортименти менен иштөө, продукт топтору боюнча отчетторду алуу, Кара-Кулжа районундагы дарыкана тармагынын ассортимент саясатын ишке ашыруу. Аягында Borland Delphi 7де программа түзүлдү.

**Ачкыч сөздөр**. Дарыкана, документ жүгүртүү, баа, ассортимент, башкаруу, акт, программалоо, IT технология.

Цель каждого коммерческого торгового предприятия – получение прибыли.

Среди серьезных неблагоприятных условий для процветания аптечного рынка стоит затронуть и коммерческие риски, возникающие в процессе оборота товаров и оказания различных услуг. Основные причины возникновения коммерческих рисков хорошо известны руководителям аптечных организаций. В качестве примера приведем те из них, которые можно снизить в случае применения информационных технологий, и внедрение в работу организации автоматизированных систем управления:

завышение закупочной цены товара (лекарственных препаратов и изделий медицинского назначения) поставщиками;

потери товара при транспортировке и хранении (недостача) и потери качества товара

в процессе обращения (что приводит к снижению его цены);

снижение объемов реализации в результате падения спроса на товар, введения ограничений на продажу и т.п.;

повышение издержек обращения (в сравнении с намеченными) в результате выплаты штрафов, непредвиденных пошлин и отчислений, что может привести к снижению прибыли предпринимательской фирмы.

непредвиденное снижение объемов закупок (в сравнении с намеченными). В связи с этим увеличиваются накладные расходы на единицу объема реализуемого товара.

Например, с помощью АСУ при заказе товара через прайс-листы фармдистрибьюторов можно проводить анализ значительно большего объема информации за то же время, что позволяет выбрать товар с минимальной закупочной стоимостью или поставщика, вызывающего наибольшее доверие, предлагающего льготные условия закупок и т.д. Таким образом, достигается одно из условий для успешного существования предприятия и комфортной работы сотрудников.

Среди других возможностей автоматизированных систем, играющих заметную роль в управлении аптечными предприятиями, стоит отметить

такие, как:

автоматизация документооборота с поставщиками. Использование возможностей электронного заказа товаров, сравнение прайс-листов поставщиков, получение документов по товару в электронном виде (накладные, сертификаты качества);

автоматизация ценообразования. Возможность настройки схемы ценообразования в зависимости от различных условий (с контролем соблюдения законодательных ограничений);

аналитическая отчетность. Анализ товародвижения и составление отчетов по группам товаров;

автоматизация работы с товарным ассортиментом. Получение отчетов по группам товаров, реализация ассортиментной политики организации, управление обязательным перечнем лекарственных препаратов;

автоматизация процесса инвентаризации в аптеках упрощает и сокращает проведение такого трудоемкого и длительного процесса в разы;

автоматизация бухгалтерского учета. Формирование первичных бухгалтерских отчетов, а также передача данных в специализированные бухгалтерские системы;

автоматизация работы офисов аптечных сетей и оптовых складов аптечных организаций, контроль за соблюдением внутренней логистики.

Отдельно нужно упомянуть о дополнительных сервисах и возможностях АСУ,

которые не входят в перечень обязательных бизнес-процессов, но позволяют аптечным предприятиям предоставлять новые услуги, проводить рекламные акции и анализировать результаты своей маркетинговой деятельности. Среди таких сервисов можно выделить: взаимодействие со справочными системами; возможности проведения маркетинговых акций (установки целей, учета и контроля результатов маркетинговых акций); реализация дисконтных программ разного типа; реализации различных «непрофильных» услуг; работа с банковскими картами; реализация современных технологий управления бизнесом организации — управление взаимоотношений с клиентами (CRM), управление персоналом (мотивация персонала для увеличения продаж и т.п., HRM), бизнес-аналитика (BI, OLAP) и др.

Во-первых, аптечные сети работают с огромным ассортиментом и практически все товары в аптеке имеют сроки годности. "Это предъявляет специфические требования к информационной системе, которая должна располагать функционалом для учета сроков годности нескольких тысяч позиций, — отметил А. Бейшеналиев — Еще одной особенностью товарного ассортимента в аптеке является наличие нескольких видов одного и того же препарата: это может быть один медикамент в различных формах выпуска — спрей, гель, мазь и т. д., в различных дозировках, препараты для детей, взрослых и т. д. ИС должна позволять просматривать и выбирать товарные позиции, перемещаясь по каталогу товаров, создавая подгруппы в рамках одной группы товара, и помогать осуществлять оперативный поиск препарата в процессе работы с клиентом".

Во-вторых, в аптеках ведется строгий партионный учет (иногда учет по серийным номерам) в соответствии с требованиями GMP2, особенно если есть собственное производство (приготовление лекарств на заказ). "В последнем случае данный стандарт (GMP) предусматривает обеспечение определенного документооборота, правил хранения, а также учет по составу вещества в сырье, — пояснил А. Бейшеналиев. — Здесь имеется

своя специфика: все поступающие партии субстанций, препаратов проходят в аптеках обязательный входной контроль. Все действия, связанные с получением, производством, распределением, в том числе и с контролем, описываются стандартными процедурами. Контроль выполняется в соответствии с фармакопеей, сборником стандартов и положений, регламентирующих качество лекарственных средств (ЛС). Уникальный номер присваивается каждой партии для того, чтобы можно было на готовый препарат собрать досье серии, где указываются место и дата приобретения всех компонентов (субстанций, вспомогательных веществ), которые входят в готовый препарат согласно спецификации, а также приводятся результаты испытаний этих компонентов, условия производства и ход технологического процесса (сколько, при какой температуре выдерживалась смесь, какие происходили реакции и т. д.). Кроме того, существует такое понятие, как спецификация. Это перечень веществ, входящих в готовый препарат. Обычно здесь указывается, какую влажность и/или какую концентрацию активного вещества в субстанции должны иметь компоненты, из которых готовится ЛС, а следовательно, и информационная система должна иметь функционал для работы с учетом массы, влажности, содержания активного вещества”.

В отношении готовых препаратов важность партионного учета также не вызывает сомнения, так как могут возникнуть ситуации, когда необходимо изъять целую партию бракованного товара. “Производителю надо знать, куда она разошлась — по каким торговым точкам, через каких дистрибьюторов. ИС должна давать возможность отследить путь движения бракованного товара практически до покупательского чека”, — считает Андрей Краснопольский.

Эксперты называют еще ряд функций, обязательных для аптечной информационной системы: расценка товара в соответствии с правилами регулируемого ценообразования на отдельные группы ЛС, посерийный учет ЛС и отслеживание забракованных серий, наличие функции отпуска по льготным и бесплатным рецептам и персонифицированный учет отпуска данного вида ЛС больным, имеющим право на льготы (Валерия Николаева); отслеживание фальсификатов, контроль за обязательным ассортиментом, специальный учет ряда групп ЛС — сильнодействующие ЛС, группы А и Б и пр.; организация справочной службы с функцией предоставления информации о наличии товара в любом подразделении аптечной сети в режиме реального времени, взаимодействие автоматизированной системы управления аптекой с внешними справочными системами, работа с банковскими картами; возможность использования подарочных сертификатов, промоакций, торговли “по образцам”.

Для обеспечения всех этих запросов необходимы ИС, обладающие соответствующим функционалом.

При писании программного продукта для выбора магистрантов из базы данных по определенным критериям использовался язык запросов SQL, так как этот язык используется Delphi и Access.

SQL символизирует собой Структурированный Язык Запросов. Это - язык, который дает возможность создавать и работать в реляционных базах данных, являющихся наборами связанной информации, сохраняемой в таблицах.

Информационное пространство становится более унифицированным. Это привело к необходимости создания стандартного языка, который мог бы использоваться в большом количестве различных видов компьютерных сред. Стандартный язык позволит пользователям, знающим один набор команд, использовать их для создания, нахождения, изменения и передачи информации - независимо от того, работают ли они на персональном компьютере, сетевой рабочей станции, или на универсальной ЭВМ. В нашем все более и более взаимосвязанном компьютерном мире, пользователь снабженный таким языком, имеет огромное преимущество в использовании и обобщении информации из ряда источников с помощью большого количества способов. Элегантность и независимость от специфики компьютерных технологий, а также его поддержка лидерами промышленности в области технологии реляционных баз данных, сделало SQL (и, вероятно, в течение обозримого будущего оставит его) основным стандартным языком.[2]

Язык SQL предназначен для манипулирования данными в реляционных базах данных, определения структуры баз данных и для управления правами доступа к данным в многопользовательской среде. Поэтому, в язык SQL в качестве составных частей входят:

- язык манипулирования данными (Data Manipulation Language, DML);
- язык определения данных (Data Definition Language, DDL);
- язык управления данными (Data Control Language, DCL).

Это не отдельные языки, а различные команды одного языка. Такое деление проведено только лишь с точки зрения различного функционального назначения этих команд.

Язык манипулирования данными используется, как это следует из его названия, для манипулирования данными в таблицах баз данных. Он состоит из 4 основных команд:

SELECT (выбрать)

INSERT (вставить)

UPDATE (обновить)

DELETE(удалить)

Язык определения данных используется для создания и изменения структуры базы данных и ее составных частей - таблиц, индексов, представлений (виртуальных таблиц), а также триггеров и сохраненных процедур. Основными его командами являются:

CREATE DATABASE (создать базу данных);

CREATE TABLE (создать таблицу);

ALTER DATABASE (модифицировать базу данных);

ALTER TABLE (модифицировать таблицу);

DROP DATABASE (удалить базу данных);

DROP TABLE (удалить таблицу);

DROP INDEX (удалить индекс);

DROP PROCEDURE (удалить сохраненную процедуру).

Язык управления данными используется для управления правами доступа к данным и выполнением процедур в многопользовательской среде. Более точно его можно назвать “язык управления доступом”. Он состоит из двух основных команд: GRANT (дать права), REVOKE (забрать права)

С точки зрения прикладного интерфейса существуют две разновидности команд SQL:

- интерактивный SQL;
- встроенный SQL.

Интерактивный SQL используется в специальных утилитах (типа WISQL или DBD), позволяющих в интерактивном режиме вводить запросы с использованием команд SQL, посылать их для выполнения на сервер и получать результаты в предназначенном для этого окне.

Встроенный SQL используется в прикладных программах, позволяя им посылать запросы к серверу и обрабатывать полученные результаты, в том числе комбинируя set-ориентированный и record-ориентированный подходы.

Наиболее важной командой языка манипулирования данными является команда SELECT. Операция выборки позволяет получить все строки (записи) либо часть строк одной таблицы.

К логическим операторам относятся известные операторы AND, OR, NOT, позволяющие выполнять различные логические действия: логическое умножение (AND, “пересечение условий”), логическое сложение (OR, “объединение условий”), логическое отрицание (NOT, “отрицание условий”). В наших примерах мы уже применяли оператор AND. Использование этих операторов позволяет гибко “настроить” условия отбора записей. Оператор AND означает, что общий предикат будет истинным только тогда, когда условия,

связанные по “AND”, будут истинны.

Оператор OR означает, что общий предикат будет истинным, когда хотя бы

одно из условий, связанных по “OR”, будет истинным. Оператор NOT означает, что общий предикат будет истинным, когда условие, перед которым стоит этот оператор, будет ложным. В одном предикате логические операторы выполняются в следующем порядке: сначала выполняется оператор NOT, затем - AND и только после этого - оператор OR. Для изменения порядка выполнения операторов разрешается использовать скобки.

Порядок выводимых строк может быть изменен с помощью опционального (дополнительного) предложения ORDER BY в конце SQL-запроса.

Способ упорядочивания определяется дополнительными зарезервированными словами ASC и DESC. Способом по умолчанию - если ничего не указано - является упорядочивание “по возрастанию” (ASC). Если же указано слово “DESC”, то упорядочивание будет производиться “по убыванию”.[2]

## ЛИТЕРАТУРА

1. Кольчугин А., Музылева М. Автоматизация аптечного бизнеса: что, когда и зачем? // «Российские аптеки», №1-2, 2009.

2. Кольчугин А., Музылева М. Ассортиментная политика: что может АСУ // «Российские аптеки», №5, 2009.

3. Кольчугин А., Музылева М. Борьба с фальсификатом: IT-решение // «Российские аптеки», №7, 2009.

4. Кольчугин А., Музылева М. Ценообразование и автоматизация // «Российские аптеки», №7, 2010.

5. Корнюшин В. Электронный ценник: модная новинка в аптеке // «Фармацевтический Вестник», №36, 2009.

6. Корнюшин В. Автоматизация аптеки: ценообразование с ПК // «Фармацевтический Вестник», №18, 2011.

7. Корнюшин В. Автоматизация аптеки: борьба за товар // «Фармацевтический Вестник», №20, 2011.

8. Корнюшин В. DSS-системы поддержки принятия решений: внедрение в аптеке // «Фармацевтический Вестник», №28, 2011.

9. Мамионов А.Г. Основы построения АСУ: Учеб. для взов. —М.: Высш. ш., 1981.—248 с.

10. Меньов А.В. Теоретичесие основы автоматизированного управления: Учеб. пособие. — М.: МГУП, 2002. — 176 с.

# ПРИЛОЖЕНИЕ




Форма №3. *«Клиенты»*




*Форма №4. «Статистика продаж лекарств»*




Форма №5 *«Продажи»*




Форма №6 *«Ассортимент»*

ИНФОРМАЦИОННЫЕ ТЕХНОЛОГИИ

УДК 004

# ИНТЕРНЕТ МАГАЗИН ТҮЗҮҮНҮН МЕТОДОЛОГИЯСЫ

Мелисов А.Н.
магистрант ОшМУ,
Шардаева А.А.
магистрант ОшМУ,
Орозбекова А.Н.
магистрант ОшМУ

**Аннотация**: Бул макалада сайтты түзүүгө таасир этүүчү негизги факторлорду камтыган интернет-дүкөндү түзүүнүн методологиясы, ошондой эле биринчи кезекте эмнеге көңүл буруу керектиги талкууланат. Электрондук коммерция тууралуу болжолдуу маалыматтар, чакан ишкерлер үчүн интернет-чекене соодасынын артыкчылыктары берилген. Ошондой эле келечектеги интернет-дүкөндү түзүүдө эмнелерге көңүл буруу керектиги белгиленет, мындан сайттын техникалык түзүлүшү боюнча негизги түшүнүктөр берилет.

**Түйүндүү сөздөр**: интернет-дүкөн, веб-сайт, интернет-дүкөндүн компоненттери, интернет-дүкөндү куруу моделдери, интернет-дүкөндүн түзүмү, сатып алуу процесси.

# МЕТОДИКА СОЗДАНИЯ ИНТЕРНЕТ-МАГАЗИНА

Мелисов А.Н.
магистрант ОшГУ,
Шардаева А.А.
магистрант ОшГУ,
Орозбекова А.Н.
магистрант ОшГУ

**Аннотация**: В данной статье рассматривается методология создания интернет-магазина, включающая в себя основные факторы, влияющие на создание сайта, а также на что стоит обратить внимание в первую очередь. Приводится оценочная информация об электронной коммерции, плюсы интернет-ретейлинга для мелких предпринимателей. Также отмечается на что необходимо обратить внимание при

создании будущего интернет-магазина, от этого даются основные понятия технического создания сайта.

**Ключевые слова**: интернет-магазин, сайт, компоненты интернет-магазина, модели построения интернет-магазина, строение интернет-магазина, процесс покупки.

Азыркы учурда маалымат технологияларды ишке ашыруу иш-аракеттери бардык аймактарда жолго коюлуп жатат. Ар кандай заманбап технологияларды маалыматтык коомдун шарттарында өздөштүрүү адамдын жашоосу менен үзгүлтүксүз байланышта.

Маалымат коомдо жана адамдын жашоосунда жылдан жылга маанилүүлүгүн жогорулатып барат, ал эми автоматташтырылган маалыматтар системасы маалыматтык чөйрөнүн өнүгүүсүнүн ажырагыс бир бөлүгү болуп эсептелет.

Интернет соода Кыргызстандын рыногунда жакында эле пайда болгон, бирок акыркы 8-10 жылдын ичинде ал зор өсүшкө дуушар болгон. Интернет-дүкөндөр акырындык менен салттуу оффлайн дүкөндөрдү алмаштырууда. Экспертдин айтымында бүгүнкү күндө электрондук коммерция рыногдогу көлөмү 70 миллиард доллардан ашат. Ал эми 2023-жылдын жыйынтыгына карата ал 1,5 эседен ашык өсүп, 100 миллиард долларга жетет. Дуйнолук рынок толук пайдаланылбай жатат. Эгерде ири соода түйүндөрүнүн интернет-дүкөнү интернет аркылуу атак-даңкка ээ болуу заманга шайкеш келүү, эски кардарларды сактап калуу жана жаңы кардарларды тартуу жолу болсо, анда чакан ишкерлерди кызыктырган онлайн бүтүмдөр төмөнкүдөй артыкчылыктарга ээ болот:

- чакан финансылык инвестициялар;
- соода аянтын ижарага алуунун кереги жок;
- Иштебей калган учурда аз каржылык жоготуулар.

Интернет-дүкөндү ачуудан мурун ишкерлер алгач эмнени саткысы келгендигин, товарга суроо-талап бар же жоктугун жана бул продукт онлайн транзакциялар үчүн канчалык алгылыктуу экенин аныкташы керек. Интернетте сатылган мыкты өнүмдөр керектөөчүлөр тарабынан кепилденген касиеттери менен тез бузулбас продуктулар болуп саналат.

Продуктуңуздун ордун аныктагандан кийин атаандаштыкка баа берүү керек. Кызматтын сапатына баа берүү жана анын кайсы жерде дал келбей турганын билүү үчүн атаандаш дүкөндөрдүн кардарларды колдоо кызматына кайрылганыңыз жакшы. Андан кийин, интернет дүкөнүңүздө кандай өзгөчөлүктөргө ээ болгуңуз келгенин түшүнүү керек.

Бардык базарлар үчүн жалпы элементтерден тышкары сиздин дүкөнүңүзгө транспорттук салык эсептегичи сыяктуу өзгөчө функциялар да керек болушу мүмкүн. Онлайн дүкөнүңүздүн келечектеги өзгөчөлүктөрүн аныктагандан кийин, кийинки кадамга өтүшүңүз керек - сайтты түзүү үчүн техникалык тапшырманы иштеп чыгуу.

Биринчиден, биз келечектеги сайттын структурасын, дизайнын жана иштөө принциптерин аныктайбыз. Туура программалык камсыздоону тандап, техникалык тапшырманы түзгөндөн кийин, аны менен иштөөнү улантабыз. Мындай тажрыйбасы жок болсо аны программалык камсыздоо жана маалыматтык колдоо үчүн подрядчыны жалдоо керек. Үчүнчү жана акыркы этап - сайтты Интернетте жайгаштыруу жана жылдыруу. Сайттагы маалыматты тынымсыз жаңыртып турууну унутпоо керек.

Интернет дүкөндү ар түрдүү жол менен түзүүгө болот. Эгерде интернет дүкөндү тез түзүүнү каалаcаңыз анда даяр үлгүлөрдү (шаблон) колдонууга болот. Алардын эң таанымалдары болуп joomla жана wordpress болуп эсептелинет. Ушул шаблонго woocommerce мүмкүнчүлүгүн кошуу жетиштүү болот. Экинчи жолу катары программаны html, css, javascript жана php программалык каражаттарынын жардамында жасоого болот.

Интернет-дүкөндүн ички түзүмүн эске алуу менен ал соода компаниясынын негизги бизнес-процесстерине, атап айтканда: өнүм же кызматты тандоо, заказды жайгаштыруу, өз ара эсептешүүлөр, заказдын аткарылышына көз салуу сыяктуу тыянак чыгарууга болот. Жекелештирүү принциби көбүнчө онлайн транзакцияларга колдонулат. Кардарлардын статистикасын чогултуучу жана талдоочу технологиялардын негизинде кардарлардын каалоолору буйрутма тарыхынын же кардарлардын суроо-талаптарынын негизинде эске алынат. Ошентип, кардарлардын муктаждыктарын жана каалоолорун эске алуу менен кызматтарды же товарларды көрсөтүүгө болот.

Интернет дүкөнүнүн негизги компоненттерин карап көрөлү:

- Интернет-витрина - фронт-офис. Бул кардарлар издөө системасы же башка булак аркылуу онлайн дүкөнгө киргенде көрүшөт.




- Төлөмдөрдү кабыл алуу системасы - колдонуучуларга онлайн сатып алуулар үчүн төлөө мүмкүнчүлүгүн сунуш кылган модул.

- Бэк-офис – бул сатып алуучу көрбөгөн нерсе, тактап айтканда, бүткүл интернет-дүкөндү башкарып, көзөмөлдөй турган система [3].

Интернет-дүкөндөрдү куруу үчүн бир нече моделдер бар:

- салттуу оффлайн соода тармагы жок онлайн дүкөн (мисалы, lalafo.kg);

- Учурдагы соода тармагына кошумча түзүлгөн онлайн дүкөн (мисалы, ostore.kg).

Бизнестин экинчи түрү биринчиге караганда артыкчылыкка ээ. Анткени бул комбинация бизнестин эки түрүнө тең жаңы мүмкүнчүлүктөрдү кошот. Каттоонун болушуна жараша интернет-дүкөндөр төмөнкү түрлөргө бөлүнөт: кампадагы товарлардын запасы бар жана жок интернет дүкөндөр. Биринчи модель запастарды түзүү үчүн чоң капиталдык салымдарды талап кылат, ал эми экинчи модель товарды сатып алуучу менен

өндүрүүчүнүн же сатуучунун ортосундагы аралык модел болуп саналат. Кайсы моделдин жакшыраак экенин айтуу мүмкүн эмес, анткени ар бир моделдин өзүнүн артыкчылыктары жана кемчиликтери бар. Интернет дүкөндөн товарларды сатып алуу үчүн төмөнкү ыкмалар аткарылат. Биринчиден, сатып алуучу интернет-дүкөндө товарлардын каталогуна туш келет, бул керектөөчүлөр үчүн негизги жана маанилүү бөлүгү. Интернет-дүкөндүн ийгилиги биринчи кезекте каталогдогу материалдардын берилишине жараша болот.

Сатып алуу жараяны бир нече этаптарга бөлүүгө болот:

- Товарды издөө, ал жөнүндө керектүү маалыматты алуу жана аны себетке кошуу;
- Төлөө жана жеткирүү ыкмасын тандоо жана текшерүү.

Интернет-дүкөндө сатып алуулар күтүлбөгөн үзгүлтүккө учурасада себетти толтуруу белгилүү бир убакытка чейин сакталат. Себет түзүлгөндөн кийин сатып алуучу текшерүү бөлүмүнө өтөт жана ал жерден ыңгайлуу төлөм ыкмасын жана товарды жеткирүү ыкмасын тандайт. Дизайндагы маанилүү учур колдонуучунун каттоосу болуп саналат. Анын жүрүшүндө ал толук аты-жөнү, дареги, телефон номери жана башка маалыматтар сыяктуу маалыматтарды берет. Сатып алуучулар жана алардын себеттеринин мазмуну жөнүндө бардык маалыматтар дүкөндүн бэк-офисиндеги менеджерлерге жөнөтүлөт жана андан кийин продукцияны брондоо, төлөм же эсеп-фактуралар менен буйрутмаларды иштеп чыгуу, ошондой эле жеткирүү үчүн документтерди иштеп чыгуу жүргүзүлөт. Интернет-дүкөндүн ийгилигинин ачкычы - жеткирүү кызматынын сапаты.

Интернет магазин түзүүдө html, css, javascript жана php программалык каражаттарын пайдаланылды.







Ошентип, бул макалада интернет-дүкөндү түзүүнүн ыкмалары каралат, өзүңүздүн интернет-дүкөнүңүздү түзүүнүн негизги артыкчылыктары жана кемчиликтери жана интернет-дүкөндү түзүү процесси жана анын андан аркы иши каралат.

## АДАБИЯТТАР

1. Салбер А. Как открыть интернет-магазин / А. Салбер. — 3-е изд., стер. — М.: СмартБук, 2011. — 316 с.

3. Абрамов, С.А. Математические построения и программирование / С.А. Абрамов. - М.: Наука, 2016. - 192 с.

4. Ван, Тассел Д. Стиль, разработка, эффективность, отладка и испытания программ / Ван Тассел Д.. - М.: Мир, 2017. - 332 с.

## МАТЕМАТИКА

УДК 37.036

# ЛОГИКАГА НЕГИЗДЕЛГЕН МАСЕЛЕЛЕРДИ ЧЫГАРУУ ЫКМАЛАРЫ

Нуранов Адылбек Шерматович
улук окутуучу, adnur345@list.ru,
Курбаналиев Абдижапар Данярович
магистрант ОшМУ
chonalaik@gmail.com

**Аннотация:** Макалада окуучуларды жалпы Республикалык тестирлөөгө даярдоодо кездешүүчү логикалык маселелерди чыгаруунун ыкмалары каралат. Логикалык маселелерди чыгаруудагы ыкмалар жана алардын негизделиштери берилет. Ошону менен бирге маселени чыгарууга сунуштар да берилет.

**Ачкыч сөздөр:** мугалим, окутуу, логика, тестирлөө, салыштыруу, критикалык ой жүгүртүү.

# СПОСОБЫ РЕШЕНИЯ ЗАДАЧ, ОСНОВАННЫЕ НА ЛОГИКЕ

Нуранов Адылбек Шерматович
старший преподователь, ОшГУ
adnur345@list.ru
Курбаналиев Абдижапар Данярович
Магистрант ОшГУ
chonalaik@gmail.com

**Аннотация:** В статье рассмотрены логические задачи и их способы решения при подготовке студентов к общереспубликанскому тестированию. Приведены методы решения логических задач и их обоснование. При этом вносятся предложения по решению задачи.

**Ключевые слова:** учитель, обучения, логика, тестирования, сравнения, критическое мышления.

*Киришүү.* Макалада окуучулардын жалпы Республикалык тестирлөөдө кездешүүчү логикалык маселелерди чыгаруунун ыкмаларын көрсөтөбүз. Тестирлөөнү ийгиликтүү тапшыруу окуучулар үчүн актуалдуу маселе болуп саналат.

*Маселенин коюлушу***.** Метематика предметинин ар бир темасын өтүүдө мугалим ошол жаңы окуу материалындагы түшүнүктөрдү окуучуларга жеткиликтүү кылып окутуусу керек. Эгерде окуучу жаңы темадагы түшүнүктөрдүн маани маңызын түшүнбөсө анда ал эч качан ага негизделип түзүлгөн логикалык маселени чыгара албайт. Мисалга алсак:



Ушул “тогуз чекитти ручканын башын көтөрбөстөн үзгүлтүксүз түрдө чийип, төрт түз сызык аныкта” деген маселе коюлса, окуучуда түз сызык боюнча түшүнүгү болуусу абзел. Бул мисалда түз сызык бул конкреттүү түшүнүк.

Бул логикалык маселени чыгарууда окуучунун башталгыч класстардагы алган билимдерине таянуу менен аныктоосу керек. Маселени чыгарууну окурман үчүн калтырабыз.

Эгерде,

| А колонкасы | Б колонкасы |
| --- | --- |
| x | 0 |

“ушул эки колонканы салыштыр” - деген маселе коюлса, анда окуучу белгисиз болгон x өзгөрмөсүнүн абстрактуу түшүнүк экендигин аңдап билүүсү менен гана логикалык маселени чечүүсү мүмкүн, калган учурда бул логикалык маселени туура чече алышпайт.

Ошондой эле окуучуларда *ченемдүүлүк* жана *ченемсиздик* түшүнүктөрү боюнча маалыматы болуусу абзел.

*Мисалы*, бир жагы 3см, ал эми экинчи жагы 4 см болгон тик бурчтуу үч бурчтуктун гипотенузасы $x$ см болсун. Анда

| **А колонкасы** | **Б колонкасы** |
| --- | --- |
| x см | 5 |

А колонкасы менен Б колонкасын салыштыргыла.

*Чыгаруу***.** Акыркы учурдагы мисалды чыгарууда окуучулар ойлонбостон эле Пифагордун теоремасын колдонуп x тин маанисин аныкташат. Бул кадам туура эмес. Себеби, **А** жана **Б** колонкаларындагы тапшырмаларга маани берүүсү зарыл болчу. Себеби, Пифагордун теоремасын колдонуп тапкан x белгисиз саны ченемдүү, анын ченеми x см, ал эми 5 саны ченемсиз. Окуучу ушул түшүнүктү аңдап тестирлөөдөгү берилген 90 секунд убактысын үнөмдөөсү керек болчу. Бул учурдагы туура жооп **Г** болот. Бирок окуучу Пифагор теоремасын колдонуу менен тапкан x тин мааниси да 5 см болот. Жыйынтыгында

окуучу 5 см менен 5ти барабар деп **В** жообун белгилешет. Окуучу аралыктын бирдиги түшүнүгүнө көңүл бурган жок. Жообу туура эмес болду. Чыгарылган мисалды анализдөө менен окуучулардын ой жүгүртүүсүн калыптандырууда мугалим аларга ар тараптуу ой жүгүртүүсү ошондой эле сөз болуп жаткан маселенин маани маңызын билүү керектигин жеткирүүсү керек. Байкалган көйгөйдү айтып коюу оңой бирок анын чечүү жолдорун сунуштабасак ал көйгөйдү көтөрүп чыгуудан эч кандай майнап жок.

Логикалык мисалдар ар түрдүү 1-каласстан тарта 9-класска чейинки математикалык түшүнүктөрдү пайдалануу менен түзүлөт. Мына ошол себептүү, жогорку учурлардын ар бирине мисалдарды кароо менен токтолобуз.

1). Башталгыч класстарда окутулуучу арифметикалык төрт амалга негизделген логикалык амалдарды карайлы. Арифметикалык төрт амалды логикалык байланыш аркылуу төмөнкүчө жазып алууга болот:

а). кошуу амалын $a \in R$, $b \in R$ болсо, $a * b = a + b$;

б). кемитүү амалын $a \in R$, $b \in R$ болсо, $a * b = a - b$;

в). Көбөйтүү амалын $a \in R$, $b \in R$ болсо, $a * b = a + b$;

г). Бөлүү амалын $a \in R$, $b \in R$ болсо, $a * b = a : b$, $b \neq 0$.

Жогоруда берилгендерге таянуу менен каалагандай логикалык амалдарды жазып алууга болот. Мисалы $a \in R$, $b \in R$ болсо, $a * b = a^b$. Демек, ушул негиздөөлөргө таянуу менен төмөнкүчө логикалык мисалды түзө алабыз.

*Эгерде* $a \in R$, $b \in R$ **болсо,** $a * b = a^b$ **болсун.** *Анда төмөнкүлөрдү* **салыштыргыла.**

| А колонкасы | Б колонкасы |
|---|---|
| $2 * 3 =$ | $3 * 2 =$ |

*Чыгаруу.* Маселени чыгаруу үчүн логикалык байланышты пайдалабыз. Мындан $2 * 3 = 2^3 = 8$, ал эми $3 * 2 = 3^2 = 9$ болот. Демек, б колонкасы чоң.

*Эскертүү 1.* Ченемсиз чоңдуктар ар дайым салыштырылуучу болушат.

Мисалга алсак,

| А колонкасы | Б колонкасы |
|---|---|
| $\sqrt{2}$ | $3 * 2 =$ |

Бул учурда эки колонкада да сан турат, алар ченемсиз демек, салыштырууга болот.

Салыштырууну аткаралы. Ал үчүн А колонкасындагы квадратка көтөрөлү. Анда $\left(\sqrt{2}\right)^2 = 2$ болот. Б колонкасы $\left(3*2\right)^2 = 36$ болуп, жыйынтыгында б вариант туура жооп болот.

Окуучулардын ченемсиз чоңдуктар ар дайым салыштырылуучу болорун билүү менен тестирлөөдөгү кездешүүчү тестин жообунун варианттарынын бирге азаюусуна ээ болот. Демек, ыктымалдуулуктар теориясы боюнча жоопту аныктоо ыктымалдуулугу жогорулайт. Жыйынтыгында тестирлөөнүн бир суроосуна берилген 90 секунда убакыттан үнөмдөөгө жетишет.

2). Сызыктуу теңдемелерге байланышкан логикалык амалдарга токтололу.

*Мисалы*, үч корзинада биригип 54 кг алма терилген. Экинчи корзинада биринчи корзинага караганда 12 кг көп алма терилген. Ал эми үчүнчү корзинада биринчи корзинага караганда 3 эсе көп алма терилген. Ар бир корзинага терилген алмалардын салмагын аныктагыла.

| **А колонкасы** | **Б колонкасы** |
|---|---|
| Биринчи корзинадагы алмалардын салмагын, эки | Экинчи корзинадагы алмалардын салмагы |

*Чыгаруу.* Маселелерди чыгаруу үчүн эң оболу алардын математикалык моделин түзүү менен теңдемесин жазып алуубуз керек. Анда экинчи корзинадагы алмалардын салмагын $x$ менен белгилеп алалы. Маселенин шарты боюнча биринчи корзинадагы алмалардын салмагы, экинчи корзиналардагы алмалардын салмагынан 12 кг аз, демек, биринчи корзинадагы алмалардын салмагын $x-12$ кг деп алабыз. Үчүнчү корзинадагы алмалардын салмагы биринчи корзинадагы алмалардын салмагнан үч эсе көп болгондуктан, аны $3(x-12)$ кг деп алабыз. Жыйынтыгында маселенин шарты боюнча бардык үч корзинадагы алмалардын салмагы 54 кг. Анда баарын бириктирип

$$(x-12)\text{кг}+x\ \text{кг}+3(x-12)\ \text{кг}=54\ \text{кг}$$

деп алабыз. Өзгөрүлмөлөрдү жана сандарды топтоштуруу менен

$$5x-48=54,$$

көрүнүшүндөгү сызыктуу теңдемеге ээ болобуз. Бул теңдеменин чечип $x=20{,}4$ алабыз. Демек, экинчи корзинада 20,4 кг алма бар, ал эми биринчи корзинада 8,4 кг алма бар. Ошондой эле үчүнчү корзинада 25,2 кг алма бар экендигин аныктайбыз. Маселенин туура чечилгендигин аныктоо үчүн, бардык корзинадагы аныкталган салмактарды суммалап чыгабыз. Анда 8,4 кг+20,4 кг+25,2 кг=54 кг болуп маселе туура чечилгендигине

күбө болобуз. Кийинки кадамда биринчи корзинадагы алмалардын салмагын эки эселентебиз, анда 16,8кг алма болот. Ал эми корзинада 20,4 кг алма бар. Жыйынтыгында окуучу б колонка чоң деген жоопту белгилейт.

3). Даража көрсөткүч менен болгон логикалык амалдарга токтололу. *Мисалы,*

| **А колонкасы** | **Б колонкасы** |
|---|---|
| $5^m$ , $m \in N$ | $7^m$ , $m \in N$ |

*Чыгаруу.* Маселени чыгарууда окуучу даражада турган $m$ санынын натуралдык экендигине көңүл буруусу керек. андан сырткары даражанын негизинде турган сандарды салыштыруу менен Б колонкасы чоң болоруна ынанып, туура жооп катары Б жообун белгилейт.

3). Сандын арифметикалык орточосун табууга берилген маселе токтололу. *Мисалы,* китептин баасы дептердин баасынан 100 эсе көбүрөөк

| **А колонкасы** | **Б колонкасы** |
|---|---|
| Бир киептин жана 99 дептердин арифметикалык | Эки китептин жана 198 дептердин орточо |

*Чыгаруу.* Маселени чыгарууда дептердин баасын $x$, китептин баасын $y$ менен белгилейли. Анда маселенин шарты боюнча бир китептин баасы 100 дептер баасына барабар. Анда $y = 100x$ болот. арифметикалык орто сан деген бул, канча кошулуучу сан болсо, ошончого бөлүү дегенди билдирет. А колонкасында 99 дептер жана бир китеп турат. жалпы саны 100 даана болду. Демек,

$$\frac{100x + 99x}{100} = \frac{199x}{100} = 1{,}99x .$$

Ал эми экинчи Б колонкасында эки китеп жана 198 даана дептер болду жалпы 200 даана. Демек,

$$\frac{200x + 198x}{200} = \frac{398x}{200} = 1{,}99x .$$

Мындан көрүнгөндөй эки колонкадагы жооптор бирдей. Демек, окуучу в вариантын белгилейт.

4). Геометрияны пайдаланып түзүлгөн маселелерге токтололу. *Мисалы*




$ABCD$ – квадрат, $AB=10$

$A$, $B$, $C$, $D$ – айланалардын борборлору

| | |
|---|---|
| Штрихтелген фигуранын периметри | 32 |

*Чыгаруу.* Жогорудагы мисалды атайын тест борборлордон түзүлгөн тестик жыйнактардан алдык. Себеби тести түзүүчүлөр ченем түшүнүгүнө көңүл бурушпай жатышат. Аны азыр тактайбыз. Маселенин шарты боюнча штрихтелген фигуранын периметри ченемдүү чоңдук, ал периметр аралыктын бирдиги менен чыгат. Ал эми Б колонкада турган 32 саны бул чнемсиз чоңдук. Ушул өңүттө алып карасак, анда окуучу бул мисалды чыгарып убактысын коротпостон эле салыштырууга болбойт деген тыянакка келсек болмок. Демек, жообу Г.

Бирок окуучу баары бир мисалды чыгаруусу керек, себеби тести түзүүчүлөр ченем жана ченемсиздик түшүнүктөрүн эске алышкан эмес. Окуучу жогорудагы позицияны карманып алганы менен тести жыйынтыгы тест түзүүчү койгон жооп аркылуу текшерилип, жыйынтыгында окуучу балл алуу мүмчүнчүлүгү жок калат. мына ошол себептүү окуучуга бул мисалды чыгаруу жолдорун көрсөтөбүз. Анда эң оболу квадраттын аянтын таап алабыз. Демек, $S=100$ см квадрат болот. Ал эми чиймеден көрүнгөндөй төрт айланын баарынын радиусу 5 см. Анда бул төрт секторду бирикктирсек, бир бүтүн тегерек пайда болот. Анда аянт $S=25\pi$ см квадрат болот. Квадрат менен тегеректин аянтынын айырмасы 32 санынан кичине болот. Демек, жообу Б.

*Корутунду.* Жогоруда келтирилген мисалдардан көрүнгөндөй логикалык маселелер[1-2] мектеп курсундагы математикага бир аз өзгөртүү кийирүү менен гана

түзүлүп жатат. Демек, мектепте окуучуларга математика сабагында ар бир математикалык түшүнүктөрдү терең түшүндүрүү менен окутуу керектигин көрсөтөт. Эгерде окуучу мектепте математика предметин жакшы өздөштүрө албаса, анда ал жалпы Республикалык тестирлөөнү ийгиликтүү тапшыруу мүмкүнчүлүгүнө ээ боло албайт. Мында жоопкерчилик мугалим жана окуучуда болот. жасалган эмгектин жыйынтыгын ушул тестирлөө аркылуу чыгарып алууга болот.

## АДАБИЯТТАР


1. N. Asma, YGS-LYS Geometri // N. Asma., H. Biyuk/ tekst. – Istanbul. – 2020.
2. A. Uzkan, Antrenmanlarla geometri // A. Uzkan., H. Xucukkkaya., A. Karakos/ tekst. - Istanbul. – 2016.

## МАТЕМАТИКА

УДК 517.928

# ЖАЛПЫЛАНГАН ФУНКЦИЯЛАРДЫН ТУУНДУСУ

Нуранов Бактыбек Шерматович
улук окутуучу ОшМУ
adnur345@list.ru,
Сражидин уулу Нурбек
Магистрант ОшМУ
musaev56@gmail.com

**Аннотация:** Макалада туунду түшүнүгүн жалпылоо маселеси каралат. Тактап айтканда функциянын чекитте пайда болуучу үзүлүүсү болгон учурда да функциянын туундусун аныктоо маселеси каралат. Бирок, бул учурда да үзүлүүнүн тибине талап коюлат. Жыйынтыгында жалпыланган функциялардын мейкиндигинде дагы бир туунду алуу ыкмасы келип чыгат.

**Ачкыч сөздөр:** жалпыланган фунция, туунду, функционал, интеграл, предел, үзгүлтүксүздүк, үзүлүү.

# ПРОИЗВОДНЫЕ ОБОБЩЕННЫХ ФУНКЦИЙ

Нуранов Бактыбек Шерматович
старший преподователь ОшГУ
adnur345@list.ru,
Сражидин уулу Нурбек
магистрант ОшГУ
musaev56@gmail.com

**Аннотация:** В статье рассматривается обобщение понятие производной. Точнее в особой точке функции. В особой точке функция имеет разрывы. Статье показано правила получения производной включая точку разрыва. Данном случае для типы разрыва функции поставят условия. В результате появится правила получения производной в пространстве обобщенных функций.

**Ключевые слова:** обобщенные функции, производные, функционал, интеграл, предел, непрерывность, разрыв.

*Киришүү.* Макалада салыштыруу үчүн кадимки жана жалпыланган маанидеги туунду алуу маселеси каралат. Бул жердеги негизги айырмачылык, кадимки мааниде туунду өсүндү берип, предел жардамында аныкталса, жалпыланган функциялар мейкиндигинде функционал жардамында аныкталат. тактап айтканда интегралдардын

жардамында аныкталат. Жалпыланган функциялар мейкиндигинде алынган туунду, биринчи түрдөгү үзүлүү орун алган чекитти кошо туунду алынат.

*Маселенин коюлушу.* Эң оболу кадимки туундуну алууга мисалдарды карайлы. Анда

$$y(x) = f(x), \tag{1}$$

функциянын туундусун алалы. Бул жерде функциянын туундусу жашоосунун шарттары аткарылса,

$$\Delta y(x) = f(x_0 + \Delta x) - f(x_0),$$

болуп, функциянын өсүндүсүн аныктадык. Туунду алуу үчүн аргументтин да өсүндүсүн

алуубуз керек. Анда

$$\Delta x = x - x_0.$$

Мындан төмөнкү пределдин чектүү мааниси жашаса

$$\lim_{\Delta x \to 0} \frac{\Delta y(x)}{\Delta x} = \lim_{\Delta x \to 0} \frac{f(x_0 + \Delta x) - f(x_0)}{\Delta x}. \tag{2}$$

анда ал (1) барабардык менен аныкталган функциянын биринчи тартиптеги туундусу деп аталат. **Мисалы,** $y(x) = x^2$ функциясынын туунудусун туунудунун аныктамасынын жардамы менен аныктайлы.

**Чыгаруу**. Туундуну аныктоо үчүн функцияга өсүндү берүүбүз керек. Анда

$$\Delta y(x) = (x + \Delta x)^2 - x^2.$$

Мындан Ньютон биномунан пайдаланып

$$\Delta y(x) = (x + \Delta x)^2 - x^2 = x^2 + 2x\Delta x + \Delta^2 x - x^2 = \Delta x(2x + \Delta x).$$

Акырында пределди эсептейбиз. Демек,

$$y'(x) = \lim_{\Delta x \to 0} \frac{\Delta y(x)}{\Delta x} = \lim_{\Delta x \to 0} \frac{\Delta x(2x + \Delta x)}{\Delta x} = 2x.$$

Жыйынтыгында, $y'(x) = 2x$ ээ болобуз. Жаңы пайда болгон функция туунду амалынын аткарылыш натыйжасында пайда болду.

Жалпыланган функциялардын туундусун аныктоо үчүн төмөнкүчө аныктамаларды жазып алалы.

$R^n$ - $n$ ченемдүү чыныгы Евклиддик мейкиндик болсун.

*Аныктама 1.* Чыныгы $\varphi(x)$функцияларынаан турган $К^m$ негизги мейкиндиги $C^m$ классындагы үзгүлтүксүз функциялардан турат.

Бул функциялар кандайдыр бир аралыктын сыртында нөл болушат. Ошондой эле бул функциялар өздөрү аныкталган аймактын чектери менен биргеликте негизги функцияларды алып жүрүүчүлөрү болушуп жана $\sup\varphi(x)$ деп белгиленет.

*Аныктама 2.* Жалпыланган функция – деп негизги мейкиндикте аныкталган каалагандай кызыктуу функционалды айтабыз.

*Аныктама 3.* Локалдуу интегралдануучу функциялар пайда кылуучу жалпыланган

функциялар регулярдык жалпыланган функциялар деп аталышат.

*Аныктама 4.* Регулярдуу жалпыланган функциялар болушпаган функциялар сингулярдуу жалпыланган функциялар болушат.

Каалаган жалпыланган функциясынын туундусунун аныктамасын берүү үчүн локалдуу интегралдоочу функциялардын туундусун алуусунан пайдаланып, регулярдуу жалпыланган функциялардын туундусун алууга келебиз. Мындай алынган туунду кадимки маанидеги туунду түшүнүгү менен дал келет.

Эгерде $f(x)\in C^1$ болсо, анда

$$\left(f'(x),\phi(x)\right)=\int_{-\infty}^{+\infty} f'(x)\phi(x)dx,\phi(x)\in K. \tag{3}$$

(3) функционал $f(x)$ функциясына дал келүүчү $f'(x)$ туундусун аныктайт. (3) барабардыктан бөлүктөп интегралдоо менен

$$\left(f'(x),\phi(x)\right)=\phi(x)f(x)\Big|_{-\infty}^{+\infty}-\int_{-\infty}^{+\infty} f(x)\phi'(x)dx,\quad x\in R. \tag{4}$$

(4) барабардыктан менен аныкталган туунду регулярдуу жалпыланган функциялар үчүн орун алат.

Жалпы учурда

$$\left(f^{(n)}(x),\phi(x)\right)=(-1)^{(n)}\left(f(x),\phi^{(n)}(x)\right),\quad x\in R.$$

Жалпыланган функциянын туундусу кайрадан эле жалпысынан функция болушат.

Жалпыланган функцияларда каалаган тартиптеги туунду каалаган функция үчүн жашаса, кадимки функцияларда мындай учур орун албайт.Бул жалпыланган функциялардагы туунду алуунун айырмачылыгын көрсөтөт.

$$\mathrm{D^k f=\widetilde{D}^k f},\quad \mathrm{k\le m}$$

Мындан жалпыланган функцияларды пайда кылуучу функциялар $C^m$ классына таандык болушат.

Мисалга алсак Хевисайдын функциясы үчүн анын кадимки маанидеги туундусу нөлгө барабар.

$$\theta'(\mathrm{x})=0$$

$R^2$тегиздигинде Хевисайд формуласы үчүн

$$\widetilde{D}^k\theta(x)=0.$$

туундусун оң болгон жарым октогу чекиттерден башка учурда орун алат.

$y=f(x)$ функциясы бир өзгөрүлмөлүү аралыктын бир чекитинен башка бардык чекитинде үзгүлтүксүз болгон функция болсун. Ал чекитте биринчи тартиптеги үзүлүүгө ээ болсун.

$$l_d = \lim_{x\to x_0+0} f(x) = f(x_0+0),$$

$$l_s = \lim_{x\to x_0-0} f(x) = f(x_0+0).$$

Тиешелүү түрдө $x_0$ чекитинин оң жана сол жактан болгон предели. Бул чекиттеги секирик

$$\left(f'(x), \varphi(x)\right) = -\left(f(x)\varphi'(x)\right) = -\lim_{\varepsilon\to 0} \int_{-\infty}^{x_0-\varepsilon} f(x)\varphi'(x)dx + \int_{x_0+\varepsilon}^{+\infty} f(x)\varphi'(x)dx.$$

Бөлүктөп интегралдоо менен

$$\left(f'(x), \phi(x)\right) = -\lim_{\varepsilon\to 0}\left[f(x)\phi(x)\Big|_{-\infty}^{x_0-\varepsilon} + f(x)\phi(x)\Big|_{x_0+\varepsilon}^{+\infty}\right] + \int_{-\infty}^{+\infty} \tilde{f}'(x)\phi(x)dx =$$

$$= s_0\phi(x)d + \left(\tilde{f}'(x), \phi(x)\right) = \left(f'(x) + s_0\delta(x-x_0)\right).$$

Мындан эки жалпыланган функциялардын айырмасынан

$$f'(x) = \tilde{f}'(x) + s_0\delta(x-x_0).$$

Демек, мындан көрүнгөндөй жалпыланган жана кадимки функциялардын туундуларынын айырмасы болуп жалпыланган функциялардын туундусу секирикти ($x_0$ чекитине багытталган Дирактын функциясына көбөйтүү) менен гана айырмаланат. Тактап айтканда

$$f'(x) = \tilde{f}'(x) + s_0\delta(x-x_0).$$

Эгерде функция үзгүлтүксүз болсо, анда

$$f'(x) = \tilde{f}'(x).$$

Мисалы, эгерде функция үзгүлтүксүз болсо, анда эч кандай үзүлүү чекитинин чекебелинен өтүү болбойт. мына ошол себептүү жалпыланган туундудагы $s_0\delta(x-x_0)$ кошулуучусу болбойт.

Мисалдарды карайлы.

1). Төмөнкү мисалды карайлы

$$\theta(x) = \begin{cases} 0, \text{ эгерде } x < 0, \\ 1, \text{ эгерде } x \geq 0. \end{cases}$$

Бул регулярдык жалпыланган функциянын туундусу сингулярдык болгон Дирак функциясы болот. Б. а.

$$\left(\theta'(x), \phi(x)\right) = \left(\theta(x), -\phi'(x)\right) = -\int_0^{+\infty} \phi'(x)dx = \phi(0).$$

Мындан

$$\theta'(x) = \delta(x).$$

2). Жалпыланган функциянын туундусун тапкыла.

$$x_+^\lambda = \begin{cases} 0, \textit{ эгерде } x \le 0, \\ x^\lambda, \textit{ эгерде } x \ge 0. \end{cases}$$

Мында $-1 < \lambda < 0$.

**Чыгаруу.** Бул функция локалдуу интегралдануучу функция. Бирок анын туундусу локалдуу интегралдануучу боло албайт. Андан сырткары $x \le 0$ болгондуктан, туунду алгандан кийин

$$\int_0^{+\infty} \lambda x^{\lambda-1} \phi(x) dx,$$

ушул интегралды регуляризациялоо маселеси келип чыгат.

Туунду алуунун жалпы эрежесине ылайык,

$$\left(\left(x_+^\lambda\right), \phi(x)\right) = -\left(x_+^\lambda, \phi'(x)\right) = -\int_0^{+\infty} x^\lambda \phi'(x) dx = -\lim_{\varepsilon \to 0} \int_0^{+\infty} x^\lambda \phi'(x) dx.$$

Мындан,

$$du = \phi'(x)dx, \quad \vartheta = x^\lambda,$$

деп алуу менен бөлүктөп интегралдасак,

$$u = \phi(x) + C, \quad d\vartheta = \lambda x^{\lambda-1} dx.$$

Анда

$$\left(\left(x_+^\lambda\right), \phi(x)\right) = -\lim_{\varepsilon \to 0}\left[ x^\lambda \left(\phi(x) + C\right)\Big|_\varepsilon^{+\infty} - \int_\varepsilon^{+\infty} \lambda x^{\lambda-1}\left(\phi(x) + C\right) dx \right].$$

Интегралдоодон кийинки биринчи кошулуучу $\varepsilon \to 0$ умтулганда нөлгө барабар болуп калат. Ал эми турактуу $C$ ны $-\phi(0)$ го барабарлап

$$\left(\left(x_+^\lambda\right), \phi(x)\right) = \lim_{\varepsilon \to 0}\left[ \int_\varepsilon^{+\infty} \lambda x^{\lambda-1}\left(\phi(x) - \phi(0)\right) dx \right].$$

Мындагы интеграл астындагы

$$\phi(x) - \phi(0),$$

туюнтмасы үзүлүүгө ээ болгон $x = 0$ чекитинде да интегралдын жыйналуучулугун камсыздайт. Демек,

$$\left(x^\lambda\right) = \lambda x^{\lambda-1}.$$

Туунду катары аныкталган $\lambda x^{\lambda-1}$ функциясы $x \ne 0$ чекитинде кадимки функция катары кабылданат.

*Корутунду.* Жалпыланган функциялар мейкиндигиндеги туунду алуу түшүнүгү

кадимки туунду алуу түшүнүгүн өз ичине камтыйт. Бул жерде туунду функционалдын жардамында аныкталат [1,2].

## АДАБИЯТТАР

1. Гельфанд, И.М. Обобщенные функции и действия над ними [Текст] / Гельфанд, И.М., Шилов Г. Е. // – Москва: - 1959. – 39 с.
2. Кеч, В. Введение в теорию обобщенных функций с приложениями в технике. [Текст] / В. Кеч., П. Теодорский // – Москва: Мир, 1978. – 168 с.

МАТЕМАТИКА

УДК 514.75

# $E_5$ МЕЙКИНДИГИН БӨЛҮКТӨП ЧАГЫЛТУУДА $(\Delta_{(1345)}, \Delta'_{(1345)})$ ТҮГӨЙҮНҮН КВАЗИКОШМОК СЫЗЫКТАРЫНЫН ЖАШАШЫНЫН ЗАРЫЛ ЖАНА ЖЕТИШТҮҮ ШАРТТАРЫ

Нурмуханбет кызы Ханзаада
магистрант ОшМУ,
Сазанова Айзанур Курбанбековна
магистрант ОшМУ,
Рустамова Нуриза
магистрант ОшМУ

Ишкананын чарбалык иштерин талдоо жана пландаштыруу максатында корреляциялык жана регрессиялык анализин жүргүзүү жана ага ылайык чечимдерди кабыл алуу жолу экономикада кеңири колдонулат. Корреляциялык жана регрессиялык анализ – экономикалык ишмердүүлүктү стохастикалык моделдөөнүн классикалык ыкмасы болуп эсептелинет [7]. Экономикалык ишмердүүлүктүн көрсөткүчтөрүнүн ортосундагы өз ара байланыштарды алардын ортосундагы байланыш катуу функционалдык эмес жана бөтөн, кокус факторлордун таасири менен бурмаланганда изилдейт. Корреляциялык жана регрессиялык анализди жүргүзүүдө экономикалык ишмердүүлүктүн ар кандай корреляциялык жана регрессиялык моделдери курулат. Бул моделдерде фактордук жана эффективдүү көрсөткүчтөр (белгилер) айырмаланып турат.

Статистиканын маанилүү милдеттеринин бири изилденүүчү обьектилердин, мүнөздөмөлөрдүн ортосундагы көз карандылыкты табуу жана талдоо болуп саналат, ал төмөнкүлөрдү камтыйт:

- болгон катыштарды түзүү;
- белгилүү бир байланышта болгон мүнөздөмөлөрдүн ролун аныктоо (башка байланыштуу мүнөздөмөлөргө таасир этүүчү фактордук мүнөздөмө же фактордук мүнөздөмөнүн таасири астында өзгөргөн натыйжалык мүнөздөмө);
- байланыштын жакындыгын баалоо (мүнөздөмөлөрдүн көз карандылыгынын сандык көрсөткүчү);

•белгилүү бир математикалык функция (регрессия) түрүндө изилденүүчү байланыштын аналитикалык формасын тандоо жана анын параметрлерине баа берүү;

•катыштын тандалган функционалдык мүнөзүнүн адекваттуулугун текшерүү (байланыштын статистикалык модели).

Учурдагы себеп-натыйжа байланыштары көптөгөн кокустук факторлордун таасири менен “таңдалып” калганы көптөгөн кубулуштарга мүнөздүү. Демек, изилденип жаткан байланышта фактордун мүнөздөмөсү бирдей мааниде (өзгөрмө *X*), натыйжадагы мүнөздөмөнүн ар кандай маанилерин (өзгөрмө *Y*) байкоого болот. *Y* – *X* өзгөрмөнүн топтомундагы белгилүү *x* маанисине туура келген *y* өзгөрмөнүн маанилеринин топтомундагы орточо мааниси деп аталат.

*X=x* боюнча *Y* мүнөздөмөнүн орточо мааниси жана *y(x)* менен белгиленет. Фактордун мүнөздөмөлөрүнүн маанилеринин өзгөрүшү менен пайда болгон мүнөздөмөнүн орточо мааниси корреляция деп аталат. Мүнөздөмөлөрдүн анык маанилери **белгилер** деп да аталат.

Корреляциялык таблицаны төмөнкүдөй берүүгө болот

| *Y* \ *X* | $y_1$ | $y_2$ | … | $y_s$ | жалпы | $\bar{y}_i$ |
|---|---|---|---|---|---|---|
| $x_1$ | $n_{11}$ | $n_{12}$ | … | $n_{1s}$ | $n_{x1}$ | $\bar{y}_1$ |
| $x_2$ | $n_{21}$ | $n_{21}$ | … | $n_{2s}$ | $n_{x1}$ | $\bar{y}_2$ |
| | … | … | ... | … | … | … |
| $x_k$ | $n_{k1}$ | $n_{k1}$ | … | $n_{ks}$ | $n_{xk}$ | $\bar{y}_k$ |
| Жалпы | $n_{y1}$ | $n_{y1}$ | … | $n_{ys}$ | $n = \sum_{i=1}^{k} n_{x_i} = \sum_{j=1}^{s} n_{y_j}$ | |

Мында

- *X* дискреттик катарынын мүнөздөмөлөрдүн маанилери;

- *Y* дискреттик катарынын мүнөздөмөлөрдүн маанилери;

- *X* жана *Y* белгилердин пайда болуу жыштыгы, $i = 1,2,\dots,k, \quad j = 1,2,\dots,s$.

$n_{x_1}, n_{x_2}, \dots, n_{x_k}$ менен белгиленген тиешелүү жыштыктар төмөнкү формула менен аныкталат:

$$n_{x_1} = \sum_{j=1}^{s} n_{1j}, \qquad n_{x_2} = \sum_{j=1}^{s} n_{2j}, \dots, \qquad n_{x_k} = \sum_{j=1}^{s} n_{kj}$$

$x_1, x_2, \dots, x_k$ , $y_1, y_2, \dots, y_k$, $n_{ij}$

$n_{y_1}, n_{y_2}, \dots, n_{y_s}$ менен белгиленген тиешелүү жыштыктар төмөнкү формула менен аныкталат:

$$n_{y_1} = \sum_{i=1}^{k} n_{i1}, n_{y_2} = \sum_{i=1}^{k} n_{i2}, \dots, n_{y_x} = \sum_{i=1}^{k} n_{is}.$$

$\bar{y}_1, \bar{y}_2, \dots, \bar{y}_k$ – $Y$ белгилердин шарттуу орточосу, б.а. $X = x_i$ болгондо аныкталган $y_1, y_2, \dots, y_s$ маанилеринин орточо мааниси.

$$\bar{y}_1 = \frac{1}{n_{x_1}}(y_1 n_{11} + y_2 n_{12} + \dots + y_s n_{1s}) = \frac{1}{n_{x_1}} \sum_{j=1}^{s} y_j n_{1j};$$

$$\bar{y}_2 = \frac{1}{n_{x_2}}(y_1 n_{21} + y_2 n_{22} + \dots + y_s n_{2s}) = \frac{1}{n_{x_2}} \sum_{j=1}^{s} y_j n_{2j}, \dots;$$

$$\bar{y}_k = \frac{1}{n_{x_k}}(y_1 n_{k1} + y_2 n_{k2} + \dots + y_s n_{ks}) = \frac{1}{n_{x_k}} \sum_{j=1}^{s} y_j n_{kj}.$$

Эки белгинин графикалык көз карандылыгын төмөнкү корреляциялык талаанын жардамында көрсөтүүгө болот




Эгерде корреляциялык талаадагы $(x_i, \bar{y}_i)$ чекиттерин туташтырса, сынык сызыктар пайда болот. Бул сынык сызык кандайдыр бир графикти берет. Бул көз карандылык сызыгын функция аркылуу туюнтуу менен маселенин аналитикалык жана фнкционалдык көз карандылык закон ченемдүүлүгүн алууга болот.

Төмөнкүдөй маселени карап көрөйлү. Белгилүү бир аймактагы эгиндин өндүрүмдүүлүгүнүн гектарына алынган көрсөткүчү төмөнкү таблицада келтирилди:

| | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| № | | | | | | | | | | 0 |
| ж ылы | 014 | 015 | 016 | 017 | 018 | 019 | 020 | 021 | 022 | 023 |
| көрсөт күчү | 50 | 55 | 30 | 50 | 40 | 25 | 00 | 00 | 0 | 0 |

Чыгаруу: Сызыктуу регрессиянын формуласынын жардамында төмөнкүлөрдү эсептеп алабыз

$$\bar{x} = \frac{1}{10}\sum_{i=1}^{10} x_i = \frac{55}{10} = 5{,}5;\ \bar{y} = \frac{1}{10}\sum_{i=1}^{10} y_i = \frac{1230}{10} = 123;$$

$$\bar{x}^2 = \frac{1}{10}\sum_{i=1}^{10} x_i^2 = \frac{385}{10} = 38{,}5\,;\ \overline{xy} = \frac{1}{10}\sum_{i=1}^{10} x_i y_i = \frac{6110}{10} = 611\,;$$

$$P_{Y/X} = \frac{\overline{xy} - \bar{x}\bar{y}}{\overline{x^2} - \bar{x}^2} = \frac{611 - 5{,}5 * 123}{38{,}5 - (5{,}5)^2} = -7{,}94.$$

$$\bar{y}(x) = 123 - 7{,}94(x - 5{,}5)$$

$$\bar{y}(x) = 166{,}67 - 7{,}94x.$$

Бул акыркы алынган туюнтма изделип жаткан теңдеме.




Корреляциялык көз карандылык графиги

Бул алынган теңдеменин жана графиктин жардамында келечек жылдарга прогноз берүүгө болот. Корреляциялык анализ ар түрдүү өзгөрмөлөрдүн ортосундагы байланыштын жакындыгын өлчөө жана келип чыккан мүнөздөмөгө эң чоң таасир этүүчү факторлорду баалоо милдетин коёт. Ал эми регрессиялык талдоо көз каранды өзгөрүлмөнүн (натыйжа мүнөздөмөсү) эсептелген маанилерин аныктоо үчүн байланыш

формасын жана моделдин түрүн тандоого арналган. Корреляциялык жана регрессиялык анализдин методдору айкалыштырып колдонулат.

## АДАБИЯТТАР

1. Ванин Ю.П. Практикум по эконометрике: Учебное пособие. Новороссийск, НФ МГЭИ, 2011. – 119 с.

2. Гиляровская Л.Т. Экономический анализ: Учебник для вузов. – М.: ЮНИТИ-ДАНА, 2011. – 415 с.

3. Ермолаев О.Ю. Математическая статистика для психологов. М.: Московский психолого-социальный институт: Флинта, 2003. – 336 с.

4. Графов А.В. Методы регрессионного анализа при планировании и прогнозировании потребности в оборотных средствах / А.В. Графов // Аудитор. – 2013. – № 1.

5. Савицкая Г.В. Анализ хозяйственной деятельности предприятия. – М.: ИНФРА-М, 2012. 5. Управленческий учет: учебник / под ред. А.Д. Шеремета. 4-е изд. – М.: ИНФРА-М, 2009. – 428 с.

6. Регрессионные модели. Режим доступа [http://studopedia.ru/5_132205_regressionnie-modeliprognozirovaniya.html].

7. Корреляционно-регрессионный анализ и его широкое применение в экономике. Режим доступа [http://fb.ru/article/24203/korrelyatsionno-regressionnyiy-analiz-i-ego-shirokoe-primenenie-vekonomike].

МАТЕМАТИКА

УДК 37.036

# ФУНКЦИЯНЫН ҮЗГҮЛТҮКСҮЗДҮГҮН АНЫКТООНУН ЫКМАЛАРЫ

Садиева Акбермет Саиповна
улук окутуучу
ОшМУнун жогорку мектеби
asadieva@oshsu.kg,
Акылбек кызы Акбермет
магистрант ОшМУ
Akbermetakylbekova84@gmail.com

**Аннотация:** Макалада бир өзгөрүлмөлүү функциянын үзгүлтүксүздүгүн аныктоонун ар түрдүү ыкмалары каралат. Функциянын дифференциалынын жанымa жүргүзүүгө карата аныкталышы, ошону менен бирге сызыктуу функциялардагы дифференциалдын аныкталышынын өзгөчөлүгү көрсөтүлөт. Функциянын чекиттеги үзгүлтүксүздүгүнө ар түрдүү мисалдар каралат. Каралган мисалдарга карата функциянын чекиттеги үзгүлтүксүздүгүнүн өзгөчөлүктөрү аныкталат. Оң жана сол жактан болгон үзгүлтүксүздүктөр каралып, мисалдар келтрилилет. Аны мектеп окуучуларды окутуу өзгөчөлүктөрү мисалдарды чыгаруу жараянында кошо берилип тыянак чыгарылат.

**Ачкыч сөздөр:** функция, үзгүлтүксүздүк, жаныма, дифференциал, үзүлүү, предел.

# СПОСОБЫ ОПРЕДЕЛЕНИЯ НЕПРЕРЫВНОСТИ ФУНКЦИИ

Садиева Акбермет Саиповна
старший преподователь
Высшая школа ОшГУ
asadieva@oshsu.kg,
Акылбек кызы Акбермет
магистрант ОшГУ
Akbermetakylbekova84@gmail.com

**Аннотация:** В статье рассматривается разные способы определения непрерывности функции одной переменной. Определения дифференциала функции с помощью касательной.  А также особенности определения дифференциала линейной функции. Рассматриваются разные пределы непрерывности функции в точке. относительно рассматриваемых примерах определяется особенности непрерывности функции в

точке. А также рассматриваются правосторонные и левосторонные непрерывности функции и приводится примеры. Вместе с этим в процессе обучения учеников, рассматриваются методы обучения непрерывности функции и даются заключения.

**Ключевые слова:** функция, непрерывность, касательная, дифференциаль, разрыв, предел.

*Киришүү.* Мектеп окуучулары, а түгүл студенттер үчүн да функциянын үзгүлтүксүздүгүн аныктоо жараяны маселе жаратат. Окуучулар жана студенттердин функциянын үзгүлтүксүздүгүн аныктай албоосу бир канча субьективдүү жараяндар менен коштолот. Ушул макалада окуучулар жана студенттер үчүн функциянын үзгүлтүксүздүгүн аныктоонун бир канча ыкмаларын көрсөтөбүз. Ошону менен бирге үзгүлтүксүз функциялар үстүнөн аткарылуучу кээ бир амалдарга токтолобуз.

*Маселенин коюлушу***.** Функциянын үзгүлтүксүздүгүн аныктоонун бир канча ыкмаларына токтолобуз.

1). Эң оболу, бир өзгөрүлмөлүү $y = f(x)$ функциясынын $x = x_0$ чекитиндеги үзгүлтүксүздүгүн аныктоо маселесинен баштайлы.

*Аныктама 1***.** Эгерде $f(x)$ функциясынын $x_0$ чекитиндеги предели жашаса жана ал $f(x)$ функциясынын $x_0$ чекитиндеги $f(x_0)$ маанисине барабар болсо, анда $f(x)$ функциясынын $x_0$ чекитинде үзгүлтүксүз деп айтып, символдук түрдө

$$\lim_{x \to x_0} f(x) = f(x_0). \qquad (1)$$

*Мисал* катары жөнөкөй $\lim_{x \to 2}(x + 2)$ пределин алып карасак, $x_0 = 2$ болот. Ал эми $f(x) = x + 2$ болуп, $f(x_0) = f(2) = 2 + 2 = 4$. Демек, (1) барабардык аткарылат. Бул учурда эстетика катары тактыкты эске алып, функциянын үзгүлтүксүз экендигин окуучуларга түшүндүрүүгө болот.

*Эскертүү 1***.** Эгерде элементардык функциялар жөнүндө сөз кылчу болсок, анда бардык элементардык функциялар өздөрүнүн аныкталуу областарында үзгүлтүксүз болушат.

Мисалга алсак, $y = x^{\alpha}$ - даражалуу функциясы, $X = (0;+\infty)$ көптүгүндө үзгүлтүксүз, ал эми $y = a^{x}$ - көрсөткүчтүү функциясы ( $a > 0$ , $a \neq 1$ ), $X = (-\infty;+\infty)$ аныкталуу областында ж.б.у.с элементардык функцияларды мисал катары айтууга болот.

Мектеп окуучуларына жана студенттерге көпчүлүк учурда мугалимдер ушунчалык гана деңгээлде функциянын үзгүлтүксүздүгү жөнүндө маалымат беришет. Ошол себептүү алар башкача болуп кездешкен функциялардын үзгүлтүксүздүгү боюнча эч кандай маалымат айта алышпайт.

2). Функциянын чекиттеги үзгүлтүксүздүгүн аралыктар тилинде же тактап айтканда "$\varepsilon-\delta$" тилиндеги аныктамасы аркылуу да аныктаса болот.

*Аныктама 2.* Эгерде $\forall\varepsilon>0$ саны үчүн $\exists\delta>0$ саны табылып, $|x-x_0|<\delta$ болгондо $|f(x)-f(x_0)|<\varepsilon$ болушу керек.

*Мисалы,* эгерде $\lim\limits_{x\to3}(4x-1)=11$ пределдик барабардыгы аткарылса, аны пределдердеги "$\varepsilon-\delta$" тилиндеги аныктамада көрсөткүлө деген тапшырманы берели.

Пределди эсептөөдө функциянын үзгүлтүксүздүгүнө байланышкан, [1] адабияттан белгилүү болгон

$$\lim_{x\to x_0} f(x)=f(x_0), \qquad (1)$$

пределдик барабардыгын эске алсак, анда предел астындагы $f(x)$ функциясы $x=x_0$ чекитинде үзгүлтүксүз деген тыянакты пайдаланып эсептелгенин көрүүгө болот. Бирок "$\varepsilon-\delta$" тилиндеги аныктаманы пайдаланып эсептейли. Тагыраак айтканда далилдейли. Анда

$\forall\varepsilon$, $\exists\delta>0$: $0<|x-a|<\delta \Rightarrow |f(x)-L|<\varepsilon$

көрсөтүүбүз керек.

Жогорку аныктаманы пайдаланып,

$\forall\varepsilon>0$ , $\exists\delta>0$ болсо, мындан $0<|x-3|<\delta \Rightarrow |(4x-1)-11|<\varepsilon$ , же арифметикалык амалдарды аткаруу менен төмөнкүгө ээ болобуз:

$|4x-12|<\varepsilon.$

Бул жерден пределге умтулган функцияга тууралап, кашаа сыртына чыгаруу менен $|4(x-3)|<\varepsilon$. Мындан $|4|=4$ экендигин эске алсак, $|x-3|<\frac{\varepsilon}{4}$. Демек, $\delta=\frac{\varepsilon}{4}$ болорун көрүүгө болот.

Предел астындагы функцияны өзгөртүү менен

$|(4x-1)-11|=|4x-12|=|4(x-3)|=4\times|x-3|<4\delta.$

Аныкталган $\delta=\frac{\varepsilon}{4}$ коюу менен $|(4x-1)-11|<4\frac{\varepsilon}{4}=\varepsilon$, же $|4x-12|<\varepsilon$, ээ болобуз.

Жогорку мисалды графикалык да талкуулайлы. Ал үчүн прел астындагы функциянын графигин тургузалы. Анда $f(x)=4x-11$ же $y=4x-11$.

Графикти тургузуу үчүн

$y = 0$ болсо, $4x - 11 = 0$, мындан $x = \dfrac{11}{4}$, $x = 0$ болсо, $y = -11$.

Анда




1-сүрөт. Предел астындагы функциянын графиги

Эгерде функциянын графигинин каалаган чекитинде жаныма жүргүзүүгө мүмкүн болсо, анда ал функция дифференцирленүүчү болот. Белгилүү болгондой, дифференцирленүүчү функция дайыма үзгүлтүксүз функция. Бирок сызыктуу функция үчүн жаныма, ал бурчтук коэффициент болуп калат.Мына ошол жогорку айтылгандарга таянуу менен, $x_0 = 3$ чекитинде, $f(x) = 4x - 11$ функциясы үзгүлтүксүз деп айтууга негиз бар.

*Мисалы,* $f(x) = (x-1)^3 + 2$ функциясынын $a = 1$ чекитиндеги предели А = 2 саны болорун далилдегиле.

*Далилдөө:* Жетишерлик кичине деп алынган $\varepsilon$ санын тандасак, $\rho(f(x), \mathrm{A}) = |f(x) - \mathrm{A}| = |(x-1)^3 + 2 - 2| = |(x-1)^3| = |x-1|^3 < \varepsilon$, анда $f(x)$ менен А = 2 санынын арасындагы $\rho(f(x), \mathrm{A}) = |f(x) - \mathrm{A}|$ аралык, $|x-1| < \sqrt[3]{\varepsilon}$ шарты аткарылганда гана $\varepsilon$ санынан кичине болорун көрөбүз. Демек табууну талап кылган $\delta$ саны деп

$\delta = \delta(\varepsilon) = \sqrt[3]{\varepsilon}$ санын алууга болот.

Эгерде $\varepsilon = 0{,}027$ десек, анда $\delta = \sqrt[3]{\varepsilon} = \sqrt[3]{0{,}027} = 0{,}3$; $\varepsilon = 0{,}001$ десек, анда $\delta = \sqrt[3]{\varepsilon} = \sqrt[3]{0{,}001} = 0{,}1$ болуп, табылган $\delta$ саны $\varepsilon$ дон көз каранды $\delta = \delta(\varepsilon)$ экендигине ишенебиз. Ошентип $\varepsilon > 0$ санын кандай тандасак да, ага ылайыкташкан $\delta > 0$ саны табылып, $x$ аргументтери $a = 1$ санынын $\delta-$ аймакчасына кирери менен, $f(x) = (x-1)^3 + 2$ функциясынын маанилери А = 2 санынын $\varepsilon-$ аймакчасына киргендиктен, А = 2 санын функциянын $a = 1$ чекитиндеги предели деп айтып

$$\lim_{x \to a} f(x) = \lim_{x \to 1} \{(x-1)^3 + 2\} = 2$$

көрүнүшүндө жазабыз.

Кийинки **мисал** катары $f(x) = \sqrt{x+4}$ функциясынын $a = 5$ чекитиндеги предели A = 3 саны болорун далилдегиле.

*Далилдөө:* Алдын ала жетишерлик кичине $\varepsilon > 0$ санын тандап,

$\rho(f(x), A) = |f(x) - A| = \left|\sqrt{x+4} - 3\right| < \varepsilon$ шартын аткарылышын талап кылалы. Анда $\sqrt{x+4} - 3 = \frac{(\sqrt{x+4}-3)\cdot(\sqrt{x+4}+3)}{\sqrt{x+4}+3} = \frac{x+4-9}{\sqrt{x+4}+3} = \frac{x-5}{\sqrt{x+4}+3}$ өзгөртүп түзүүсүн пайдаланып, ал шартты $\left|\frac{x-5}{\sqrt{x+4}+3}\right| < \varepsilon$ көрүнүшүнө келтиребиз. $f(x) = \sqrt{x+4}$ функциясынын $X = \{x : x \geq -4, x \in R\}$ аныкталуу областында, бөлчөктүн бөлүмү $\sqrt{x+4} + 3 > 0$ оң сан болуп, $x = -4$ болгондо, эң кичине $\sqrt{-4+4} + 3 = 3$ маанисине ээ болгондуктан (себеби X көптүгүндө мындан кичине x жок), коюлган шарт $\left|\frac{x-5}{\sqrt{x+4}+3}\right| = \frac{|x-5|}{|\sqrt{x+4}+3|} < \frac{|x-5|}{3} < \varepsilon$ же $|x - 5| < 3\varepsilon$ шарты менен тең күчтүү болот. Мындан $\delta$ деп $\delta = 3\varepsilon$ санын алууга болорун байкайбыз. Ошентип, $\forall\varepsilon > 0$: $\rho(x, 5) = |x - 5| < \delta$ болор замат,

$\rho(f(x), 3) = |f(x) - 3| < \varepsilon$ шарты аткарыла тургандай $\delta = 3\varepsilon = \delta(\varepsilon)$ оң саны табылгандыктан, $\lim_{x\to a} f(x) = \lim_{x\to 5}\sqrt{x+4} = 3$ орун алат.

*Корутунду.* Функциянын үзгүлтүксүз болуусун далидөө үчүн бир канча мисалдар каралды. Ал чыгарылган мисалдарды анализдей турган болсок, анда функциянын үзгүлтүксүздүгүн аралыктар тилиндеги аныктамасы менен кароо оптималдуу болот. себеби мектеп окуучусу бир эле убакта үзгүлтүксүздүк түшүнүгүн, андан сырткары далилдөөнү да үйрөнөт. Андан сырткары мугалим окуучуга үзгүлтүксүздүктү түшүндүрүүдө механикалык же физикалык маселелерди келтирүү менен түшүндүрүп, анын математикалык моделин түзүп, андан соң үзгүлтүксүздүктү түшүндүрсө окуучуга жетикиликтүү болот.

## АДАБИЯТТАР

1). Г. М. Фихтенгольц. Курс дифференциального и интегрального исчисления . Том 1. – М. С. 144.

ИНФОРМАЦИОННЫЕ ТЕХНОЛОГИИ

УДК 550.34: 621.039.9

# ПРЕИМУЩЕСТВА ЦИФРОВЫХ ТЕХНОЛОГИЙ В ПОВЫШЕНИИ ТОЧНОСТИ СЕЙСМОЛОГИЧЕСКИХ ИССЛЕДОВАНИЙ

Сайипбекова А.М.

профессор ОшГУ

Исмаилов М.М.

магистрант ОшГУ

Акназар кызы Канайым

студентка 3–курса ОшГУ

**Аннотация.** В работе изложена развитие цифровой техногии в сейсморазведке и существующая цифровой сейсмологической сети, а также проанализирован именно какую роль играла геофизика в развитии цифровых технологий в мире. Описана работа 10 цифровых станций Бишкекского полигона с 1991 года, а также роль поэтапной замены устаревших сейсмостанций КР с 12 цифровыми сейсмостанциями с 2007 по 2010 годы. Изложен роль оперативной обработка цифровых сейсмологических станций в Центре обработки Института сейсмологии национнальной академии наук Республики в сейсмологическом мониторинге в Кыргызстане. Примечательно что, применения цивфровых записей повышает эффективность,оперативность обработки, передачи данных и повышает разрещающую способность картировании различных характеристик земной коры и верхней мантии сейсмоопасных зон Тянь-Шаньского орогена.

**Ключевые слова:** развитие цифровых технологий, сейсморазведка, сейсмостанция, аналоговые и цифровые записи, эффективность работы сети

*Введение.* Во введении приведены основные три фактора развития цифровой технологии, первое оборонный комплекс исследований, а второе это развития сейсморазведки. На третьем факторе необходимо сделать определенный акцент так как в данной работе мы больше остановимся на особенности инструментальной сейсмологии Кыргызской Республики, так как проблемы точности определения параметров земной коры ( скоростные неоднородности, плотность среды, PTусловия) где произсходят землетрясения, то есть расположения гипоцентров событий имеет большое значение.

Чтобы оценить роль сети цифровых сейсмических станций в Кыргызской республике, для устойчивого развития (ЦУР) развивающей стране как наша страна, оценка ущерба от стихийных бедствий какое может быть приведем моральный и материальный ущерб от землетрясений феврале месяц прошлого года в Турции.

Три землетрясения, произошедшие в Турции в феврале 2023 года, сильно потрясли весь мир. Первый толчок был зафиксирован ранним утром 6 февраля 2023 года в провинции Кахраманмараш, его магнитуда составила 7,7. Затем толчок магнитудой 6,5 был зафиксирован в Газиантепе. Через несколько часов в Кахраманмараше произошло второе землетрясение, еще более сильное, магнитудой (М=7,6). Всем известно что, в Турции было объявлено чрезвычайное положение и семидневный национальный траур. Общий экономический ущерб Турции от землетрясений 6 февраля и 2023 года составил 110 миллиардов долларов США, официально заявил по телевидению министр экологии и городского развития Турции Мехмет Озкасеки.

Регион, где произошло эти землетрясения, расположены на пересечении трех тектонических плит: Анатолийской плиты, Аравийской плиты и Африканской плиты. В то время как Аравийская плита движется на север, Анатолийская плита (на которой лежит большая часть Турции) толкается на запад. Движение плит оказывает давление на зоны разломов между ними. Когда энергия, накопленная этим давлением, внезапно высвобождается, происходят землетрясения. Известно, что 66 процентов территории Турции относятся сейсмоопасной, то есть это зона сильных землетрясений.

В мировом масштабе эти три фактора играли важную роль в развитии цифровых технологий направление: первое - основным заказчиком внедрения «цифры» был оборонная система специальных исследований, где активно применялись технологии радио- и гидролокации для обнаружения и измерения координат, профилирования, построения радиоизображений. Кроме того, важным направлением, требующим перехода на «цифру»,была радиосвязь для обеспечения надежности систем наземной и космической связи. Вторыми драйверами развития цифры это геолого- геофизические исследования, точнее нефть и газь. В мире известные технари считают геофизику – двигателем цифровых технологий. Так как геофизики, геологи более других повлияли на стремительное приближение эры всеобщей цифровизации, и так как шел переход на цифру в сейсморазведке. Пречислим некоторые отрасли, где была востребована «цифра», это и в медицина, и биология, фото- и видеоиндустрия и многие другие. Почему ученые мирового значения и экономисты, и геофизики, и геологи считают геофизику – двигателем цифровых технологий. Во первых разведка нефти и газа газа требует большую точность, из всех геофизических методов геофизика сейсморазведка считается наиболее точной. Во - вторых ущерб от сильных землетрясений в мире приносить колассальный ущерб экономику той страны где бы не произошло сильное землетрясения. В задачах устойчивого развития (ЦУР) принятый в ООН в 2015 году приведены примеры борьбы с моральными и материальными ущербами от стихийных бедствий.

Наиболее густонаселенные районы Кыргызстана расположены в сейсмически активных зонах, что делает оценку сейсмической опасности страны одним из ключевых вопросов для устойчивого развития (ЦУР).




Рис. 1. Красными кружками отмечены эпицентры сильных землетрясений в пределах магнитуд М= 4 –8 в Центральной Азии, СУАР, КНР с исторических времен до наших дней. Зеленые кружки - сильнейшее землетрясение с магнитудой более 7, то есть разрушительные. Здесь показана часть наиболее сейсмоактивной зоны Казахстана.

*Развития цифровизации сейсмологической сети.* Цель снабжения цифровыми сейсмологическими станциями является во первых улучшения наблюденного экспериментального материала. В этом плане в мире в даже развивающих странах так бурно развивается цифровизация выше сказанной области. Если мы хотим отметить достижении цифровых систем сейсмических мониторига, в этом году в научных журналах была короткая информация о том что Росэлектронике разработали такую систему, которая сможеть определять по движению технику за 10 км. Это очень важное изобретение для оборонного комплекса. Конечно это дасть возможность охранять промышленных, военных объектов. Эти эффективная система сейсмического мониторинга смогуть заменить видеонаблюдения на дальних расстояних. Если взять технические возможности: одна антенна контролирует примерно 60-65 датчиков, в радиусе 8-10 километров. Фактически зона прдуктивной работы до 380 метров. Особенность устройства русских разработчиков заключается в том что алгоритм выделяет в полосе радиочастот основное движение от шумового эффекта, как бы срабатывает коэффициент выравнивания. Примечательно что эти датчики по размеру маленькие, можно поместить их в местностях где влажность очень высокая. В текущем году, когда уже датчики – как цифровые изобретении стали выпускаться серийно, тогда и награжден золотой медалью Московского салона инновационных технологий Архимед.

Высокая сейсмичность Кыргызской Республики определяется достаточно сложной геологической структурой земной коры, а также соответствующими тектоническими процессами, происходящими в Тянь-Шанским орогене. По историческим и инструментальным данным последние полутора века здесь произошло 14 катастрофических землетрясений с магнитудой М больше или равно 7.

Коротко остановимся на инструментальные наблюдения за сейсмичностью территории Кыргызстана. В 1927 г. был установлен первая сейсмостанция «Фрунзе» (FRU-Бишкек). Был установлен сейсмограф автором которой был известный российский геофизик Павел Михайлович Никифоров. Павел Михайлович разработал сейсмограф для регистрации близких землетрясений, с прямой оптической регистрацией. Прибор был чрезвычайно чувствительным,смещение грунта вовремя записи увеличивалось в 5000 раз,при этом он имел небольшой размер.

Цель работы анализ сейсмологической сети с появлениям первой сейсмостанции и на сегодняшную функционирующую сейсмическую сеть Если сделать анализ по сети, до 2010 года в отдельных районах велись детальные сейсмологические наблюдения с установлением дополнительных аппаратур, эти инструментальные отряды сделали уникальные записи на небольших терриориях с помощью густой сети за небольшой период наблюдений, например работа Токтогульского, Папанского отряда. А сейчас ученые сейсмологи Республики по сети получают точные инструментальные данные, а конкретно цифровые записи телесейсмических, региональных, местных землетрясений и промышленных и военных ядерных взрывов. Так как применение качественных записей землетрясений для исследования одна из важных задач инструментальной геофизики.



Рис.2 Сейсмограмма записанный сейсмографом Д . П . Кирноса СКМ-3 с увеличением 20000.

Записи Прежде чем остановится на поэтапной замены аналоговых сейсмотанций на цифровые, мы продемонстрируем сеть Института сейсмологии НАН и прилегающих территорий (соответственно по часовой стрелке отдельные станции Таджикистана, Узбекистана, Казахстана, Китая ) до 2007 года. На рис. 2 показана Сейсмограмма записанный сейсмографом Д . П . Кирноса СКМ-3 с увеличением 20000.

Примечательно к середине 80-х на территории Советской Киргизии функционаровал 34 сейсмических станций (аналоговые), они были укомплектованы как и по всей территории СССР аппаратурой Кирноса СКМ (механический) -3 и СКД

(длиннопериодный). Записи местных и региональных землетрясений производятся сейсмографами СКМ -2 в канале с гальванометрами ГБ -IV (GB-IV)со столбообразной характеристикой в интервале частот 1-10 герц и оптической регистрацией регистрами РС-2 ( RS-2) при развертке 120 миллиметр/минуты. В районе Северного Тянь-Шаня принято было подавать сигналы точного времени на сейсмограмму полуавтоматически иногда от 6 до 8 раз в сутки, но никогда меньше чем 6 раз.




Рис.3. Сеть 10 цифровых сейсмических станций Бишкекского полигона (KNET) и аналоговых станции КР и соседних стран до 2007 года

С появлением на территории Чуйской впадины ее горного обрамления KNET - Kyrgyzstan Telemetered Network, у нас появилась уникальная возможность использовать цифровые записи Бишкекского полигона в своих исследованиях. Было бы справедливо отметить работы группы аппаратурщиков сейсмологов во главе господине F.Vernon, которые были ответственны за пуск Бишкекского полигона – KNET [7].



Рис.4. На физической карте Тянь-Шаньского орогена и прилегающих впадинах показана действующая цифровая сеть сейсмологических станций и KNET и KRNET.

В период с 2007 по 2010 год на территории Кыргызстана было установлено 12 новых цифровых сейсмостанций (на месте аналоговых), которые были зарегистрированы в Международной федерации цифровых сейсмических сетей (FDSN) как KRNET (Цифровая сеть Кыргызской Республики ). Перечислим эти станции: «Служба срочных сообщений» (FRU); Бишкек (BIS); Ош (OHH); Баткен(BTK); Токтогул(TOKL); Дараут-Коргон(DRK); Арсланбоб (ARSB); Салам-Алик (SALK); Аркит (ARK); Нарын(NRN); Боом(BOOM); Арал(ARLS) и Каракол (PRZ).

Таким образом кроме цифровых сейсмостанция Бишкекского полигона сейчас на территории Кыргызстана функционируют еще 12 цифровых станций установленные с 2007 по 2010 годы, это сеть коротко называется KRNET (Kyrgyz Republic Digital Network).

Если сравнить ранее существующую и теперь функционирующую цифровую сеть сейсмических станций, фактически многие цифровые станции из них установлены на местах ранее действующих аналоговых станций . В сейсмологии чем привлекательны цифровые записи землетрясений, промышленных взрывов, а также ядерных взрывов, главное они более защищены от помех и воздействий, а это обеспечивает точность определения первых вступлений P и S олн [2,3].

Сейчас 12 цифрые сейсмостанции Кыргызстана (черные треугольники) и Бишкекского полигона (белые треугольники) функционируют на территории, на рисунке 4 они показаны с разными цветами.




Рис 5**.** На рисунке показана цифровая запись с описаниями трех составляющих.

Мы здесь коротко остановились на проблемы и развития цифровой сейсмической сети нашей Республики. В те годы активно работали с амерканскими учеными наши программисты ОМСЭ ИС НАН КР. Надо отметить при выборе местности, установке

аппаратуры, подборе программного комплекса для обработки участвовали на сейсмостанциях специалисты Алтынбек уулу Т., Сейталиев М. М. , Абдылдаева Ф. С. (ИС НАН КР г.Бишкек), Асминг В.Э. (Кольский филиал Геофизической службы РАН , г. Апатиты). Программный комплекс подробно описан в работах [2,3] а также процедура составление каталогов сейсмических событий. В результате обработки определяются главные характеристики землетрясений. Все данные собираются и передаются в Центр данных Института сейсмологии НАН КР для совместной обработки материала по всем сейсмическим станциям.

В архиве ИС НАН хранятся уникальные аналоговые записи сильных телесейсмических и близких землетрясений (для территории Бишкеке до 1991 года, для территории Кыргызстана до 2009 года). В целом сеть сейсмических станций расположенные на территории Кыргызстана KNET, KRNET работает как единная как система. Цифровые записи передаются в Институт сейсмологии где в Центре обработки данных специалисты проводят первичную обработку. Таким образом когда происходят сильные землетрясения определенное время, во время организуется обработка по всем станциям Кыргызской Республики. Эти данные передаются в МЧС, органы власти, а также Институты сейсмологии соседних стран, межведомственные специальные научные группы, которые ответственны за выполнения научных проектов, по отдельным областям геофизики, в определенное время. Фактически это первая оригиналная научная работа, где изложенны особенности работы цифровых сейсмических станций расположенных на территории Кыргызской Республик. Как осуществляется мониторинг подробно изложен в работе [1].

*Выводы. Первый аспект сейсмический мониторинг.* Записи цифровых сейсмостанций применяются в определении гипоцентров землетрясений (телесейсмических, региональных, местных), взрывов (местных промышленных, региональных, ядерных). При этом время для полной обработки по отдельным сильным землетрясениям намного меньше времени по сравнению, когда обработка делается ручную по записям аналоговых сейсмограмм. Так как густонаселенные районы Кыргызстана расположены в сейсмически активных зонах, это делает оценку сейсмической опасности одним из ключевых вопросов. Сейсмический мониторинг в Тянь-Шаньском регионе, основанный на данных цифровой сейсмической сети, создает основу для более адекватного и быстрого реагирования на сейсмические угрозы по мере их возникновения и позволяет реализовать превентивные меры по предотвращению и смягчению ущерба от стихийных бедствий [9]. Это отражено в ЦУР для Центрально -Азиатских Республиках

*Второй аспект повышения точности результатов сейсологических исследований.* Например, здесь мы остановимся только на одном аспекте научных исследований которые проводились в рамках задач “Исследования глубинного строения земной коры и веххней мантии по сейсмологическим данным” под руководством двух известных сейсмологов Кыргызстана Т.М. Сабитовой и А.М.Сайипбековой [ 4,5]. Учитывая при определении и уточнении сейсмоопасных зон такого сейсмоактивного

региона как Тянь-Шань получение детальных сейсмотомографических моделей литосферы сейсмоопасных зон Тянь-Шанского орогена и прилегающих территорий имеет большое практическое значение. Так как *скоростные неоднородности литосферы* являются наиболее точной среди всех геофизических полей которые наблюдаются, интерпретируются интрументальной геофизикой Кыргызской Республики. С появлениям цифровых станций Бишкекского полигона KNET скоростные неоднородности земной коры и верхней мантии определены полощадными и профильными сейсмотомографическими методами [5,6] . Сейчас эти исследования ведутся в направлении по уточнению скоростного поле в отделных сейсмоопасных зонах. Во - первых чем больше разрешающая способность методов сейсмотомографии, тем точнее скоростные модели земной коры Тянь-Шанского орогена и прилегающих территорий [5,6] . Во - вторых чем точнее определяются вступления P и S волн (благодаря цифровым станциям) тем точнее можно определить контуры карт интенсивности сотрясений поверхности в баллах при вероятных максимальных землетрясениях на территории Кыргызстана [1].

## ЛИТЕРАТУРА


1. Абдрахматов К.Е., Берёзина А.В. Развитие сейсмического мониторинга в Кыргызстане. // Вестник НЯЦ РК, Выпуск 3, 2010, Курчатов, Казахстан. С. 17-22.
2. Алтынбек уулу Т., Сейталиев М. М., Абдылдаева Ф. С., Асминг В.Э. Внедрение цифровых цифровых сейсмостанций в практику работ Института сейсмологии НАН КР // Вестник Института сейсмологии, 2015. 2(6),37-42 С.
3. Асминг В.Э. Создание программного комплекса для автоматизации детектирования, локации и интерпретации сейсмических событий и его использование для изучения сейсмичности Северо-западного региона. Дисс. канд. работа. Москва. 2004. 136 с. РГБ ОД, 61:04-1/1202.
4. Сайипбекова А.М., Оморалиева З.М., Адилбек уулу С. Перспективы и вызовы цифрового пространства Кыргызстана. Записки молодых ученых. Ошского государственного университета, Ош, 2018. №2, С. 186-190.
5. Сайипбекова А.М., Иманалиева Д.К., Молдоярова Ж.Б., Макамбаева Ж.А., Анализ математических основ решения обратной кинематической задачи сейсмики. // Бишкек. - Вестник Института сейсмологии НАН КР.- 2023. №2, С. 82-92.
6. Шацилов В.И., Сайипбекова А.М., Грибанов Ю.Е. Изучение глубинного строения Тянь-Шаня по материалам региональной сейсмологии. // Journal Inland Earthquake. Urumqi: 1995. Vol.9. №4. С.374-381.
7. Vernon F. The Kyrgyz seismic network // IRIS Newsletter. 1994.V.13, N 2. P.7-8.
8. https://earthquake.usgs.gov/earthquakes/search

МАТЕМАТИКА

УДК 517.928

# БИР ТЕКТҮҮ ЭМЕС БӨЛҮГҮ СИНГУЛЯРДЫК ФУНКЦИЯ БОЛГОН ДИФФЕРЕНЦИАЛДЫК ТЕҢДЕМЕЛЕРДИ ЧЫГАРУУ

Токтобаева Зуура Мадияровна,
окутуучу ОшМУ
zuura.toknobaeva@mail.ru,
Асамидинова Динура Жанибековна
магистрант ОшМУ
asamidinovadinura5@gmail.com

**Аннотация:** Биринчи тартиптеги бир тектүү эмес кадимки дифференциалдык теңдеменин бир тектүү эмес бөлүгү сингулярдык фунция болгон учурда чечимди аныктоо маселеси макалада каралат. Ошону менен бирге сингулярдык функция катары эсептелген Дирак функциясынын аргументи ар түрдүү болгон учурдагы биринчи тартиптеги кадимки бир тектүү эмес дифференциалдык теңдемелерди чыгаруу жолдору каралат. Жалпыланган функциялар мейкиндигинде биринчи тартиптеги кадимки бир тектүү эмес дифференциалдык теңдеменин чечүү үчүн Ланранждын вариациялоо методун колдонуп чыгарууга болору көрсөтүлөт.

**Ачкыч сөздөр:** Дирак функциясы, дифференциалдык теңдеме, жалпыланган функциялар, метод.

# РЕШЕНИЯ ДИФФЕРЕНЦИАЛЬНЫХ УРАВНЕНИЙ, НЕОДНОРОДНАЯ ЧАСТЬ КОТОРЫХ ЯВЛЯЕТСЯ СИНГУЛЯРНОЙ ФУНКЦИЕЙ

Токтобаева Зуура Мадияровна
Преподователь ОшГУ
zuura.toknobaeva@mail.ru,
Асамидинова Динура Жанибековна
магистрант ОшГУ
asamidinovadinura5@gmail.com

**Аннотация:** В статье рассмотрена задача нахождения решения, когда неоднородная часть обыкновенного дифференциального уравнения первого порядка является сингулярной функцией. При этом рассматриваются способы решения неоднородных дифференциальных уравнений первого порядка с разными аргументами функции Дирака, рассматриваемой как сингулярная функция. Показано, что метод вариации Лагранжа можно использовать для решения неоднородного обыкновенного дифференциального уравнения первого порядка в пространстве обобщенных функций.

**Ключевые слова:** функция Дирака, дифференциальные уравнения, обобщенная функция, метод.

*Киришүү***.** Макалада жалпыланган функциялардын мейкиндигинде, бир тектүү эмес бөлүгү Дирак функциясы болгон учурдагы, биринчи таритиптеги кадимки дифференциалдык теңдеменин чечиминин аныкталышына тийгизген таасири изилденген.

*Маселенин коюлушу.* Төмөнкү биринчи тартиптеги бир тектүү эмес кадимки дифференциалдык теңдемени карайлы

$$y'(x)=a(t)y(x)+\delta(x-b), \qquad (1)$$

$$y(x_0)=y^0. \qquad (2)$$

Мында $a(x)$ - үзгүлтүксүз функция, ал эми $\delta(x-d)$ - бир гана $x=d$ чекитинде гана мааниге ээ болгон жалпыланган функциялардын мейкиндигинде аныкталуучу сингулярдык функция же Дирак функциясы, $d\in R$. Ал эми $y(x)$ - функциясы изделүүчү белгисиз функция, $y^0-const$.

Дифференциалдык теңдемелер теориясынан белгилүү болгондой лагранждын вариациялоо методун, жалпыланган функция кайышкан дифференциалдык теңдемелер үчүн да колдонуугa болот. Себеби жалпыланган функциялардын мейкиндигинде, дифференциалдык теңдемелердин чечимин аныктоочу айкын бир иштелип чыккан методдор жок.

Анда, окурмандарга түшүнүктүү болсун үчүн бир тектүү эмес бөлүктү $b(x)$ деп формалдуу түрдө алып туралы. Тактап айтканда $\delta(x-d)$ ордуна $b(x)$ алып жатабыз. Дал келүүчү бир тектүү бөлүгүн бөлүп алабыз:

$$y'(x)+a(x)y(x)=0. \qquad (2)$$

Бул учурда $b(x)\equiv 0$. Теңдемени чыгарууда [1]

$$\frac{dy(x)}{dx}=-a(x)y(x),$$

$$\frac{dy(x)}{y(x)}=-a(x)dx,$$

$$\int_{y_0}^{y}\frac{ds(x)}{s(x)}=-\int_{x_0}^{x}a(s)ds,$$

$$\ln s(x)\Big|_{y_0}^{y}=-\int_{x_0}^{x}a(s)ds,$$

$$\ln y(x)-\ln y_0(x)=-\int_{x_0}^{x}a(s)ds,$$

$$\ln\left(\frac{y(x)}{y_0(x)}\right) = -\int_{x_0}^{x} a(s)ds,$$

$$\frac{y(x)}{y_0(x)} = \exp\left(-\int_{x_0}^{x} a(s)ds\right),$$

$$y(x) = y_0(x)\exp\left(-\int_{x_0}^{x} a(s)ds\right), \tag{3}$$

мында $y_0(x), x_0$ -туруктуу сандар. Алынган функция (2) дифференциалдык теңдемесинин жалпы чечими деп аталат.

Бул жерден $y_0(x) = C$ деп белгилөө менен (3) барабардыгынан

$$y(x) = C\exp\left(-\int_{x_0}^{x} a(s)ds\right). \tag{4}$$

Мындан $C = C(x)$ деп вариациялап алсак, анда (4) барабардыгы

$$y(x) = C(x)\exp\left(-\int_{x_0}^{x} a(s)ds\right). \tag{5}$$

Алынган (5) барабардыгынан биринчи тартиптеги туунду алалы. Анда

$$y'(x) = C'(x)\exp\left(-\int_{x_0}^{x} a(s)ds\right) - C(x)a(x)\exp\left(-\int_{x_0}^{x} a(s)ds\right), \tag{6}$$

Аныкталган (5) жана (6) барабардыктарын (1) барабардыгына коюу менен

$$C'(x)\exp\left(-\int_{x_0}^{x} a(s)ds\right) - C(x)a(x)\exp\left(-\int_{x_0}^{x} a(s)ds\right) + C(x)a(x)\exp\left(-\int_{x_0}^{x} a(s)ds\right) = b(x),$$

окшош мүчөлөрдүн жоюулуусу менен

$$C'(x)\exp\left(-\int_{x_0}^{x} a(s)ds\right) = b(x),$$

$$C'(x) = b(x)\exp\left(\int_{x_0}^{x} a(s)ds\right). \tag{7}$$

Акыркы (7) барабардыгын интегралдоо менен

$$\int_{C_0}^{C} s'(x)dx = \int_{x_0}^{x} b(\tau)\exp\left(\int_{x_0}^{\tau} a(s)ds\right)d\tau,$$

$$s(x)\Big|_{C_0}^{C} = \int_{x_0}^{x} b(\tau)\exp\left(\int_{x_0}^{\tau} a(s)ds\right)d\tau,$$

$$C(x) - C_0(x) = \int_{x_0}^{x} b(\tau)\exp\left(\int_{x_0}^{\tau} a(s)ds\right)d\tau,$$

$$C(x) = \int_{x_0}^{x} b(\tau)\exp\left(\int_{x_0}^{\tau} a(s)ds\right)d\tau + C_0(x), \qquad (8)$$

мында $x_0$ жана $C_0(x)$ - турактуу сандар.

Бул жерде (8) барабардыгынан $C_0(x) = C$ менен алмаштырып

$$C(x) = \int_{x_0}^{x} b(\tau)\exp\left(\int_{x_0}^{\tau} a(s)ds\right)d\tau + C. \qquad (9)$$

Демек, (9) барабардыгын (5) барабардыгына коюу менен

$$y(x) = C\exp\left(-\int_{x_0}^{x} a(s)ds\right) + \exp\left(-\int_{x_0}^{x} a(s)ds\right)\int_{x_0}^{x} b(\tau)\exp\left(\int_{x_0}^{\tau} a(s)ds\right)d\tau \qquad (10).$$

Акыркы (10) барабардыгында

$$\exp\left(-\int_{x_0}^{x} a(s)ds\right)\times\exp\left(\int_{x_0}^{\tau} a(s)ds\right) = \exp\left(\int_{x}^{\tau} a(s)ds\right). \qquad (11)$$

Мында (11) барбардыгын эске алуу менен (10) барабардыгын төмөнкүчө жазып алууга болот

$$y(x) = C\exp\left(-\int_{x_0}^{x} a(s)ds\right) + \int_{x_0}^{x} b(\tau)\exp\left(\int_{x}^{\tau} a(s)ds\right)d\tau. \qquad (12)$$

Белгилей кетчү нерсе (12) барабардыгында биринчи кошулуучу болгон

$$A(x) = C\exp\left(-\int_{x_0}^{x} a(s)ds\right), \qquad (13)$$

функциясы (1) барабардыгы менен аныкталган бир тектүү эмес кадимки биринчи тартиптеги дифференциалдык теңдеменин бир тектүү бөлүгүнүн жалпы чечими, ал эми экинчи кошулуучу

$$I(x) = \int_{x_0}^{x} b(\tau)\exp\left(\int_{x}^{\tau} a(s)ds\right)d\tau, \qquad (14)$$

ал теңдеменин кандайдыр бир жекече чечими болуп саналат. Белгилөөлөрдү

пайдалануу менен (12) барабардыгын төмөнкүчө жазууга болот

$$y(x) = A(x) + I(x). \tag{15}$$

Мында $A(x)$ жана $I(x)$ функциялары тиешелүү түрдө (13) жана (14) барабардыктарынын жардамында аныкталат.

Конкреттүү бир мисалды карайлы. Бир тектүү эмес биринчи тартиптеги кадимки дифференциалдык теңдеменин

$$y'(x) - \frac{y(x)}{x} = -x,$$

жалпы чечимин табуу жараянын карайлы.

Маселенин чечимин табуу үчүн жогорку (13) жана (14) барабардыктарын пайдаланабыз. Анда $a(x) = -\frac{1}{x}$ экендигин эске алуу менен

$$A(x) = C\exp\left(-\int_{x_0}^{x} a(s)ds\right) = C\exp\left(\ln\left(\frac{x}{x_0}\right)\right),$$

$$A(x) = C\frac{x}{x_0},$$

$$A(x) = \tilde{C}x,\ \tilde{C} = \frac{1}{Cx_0}. \tag{16}$$

Ал эми $b(x) = -x,\ a(x) = -\frac{1}{x}$ эске алуу менен

$$I(x) = -\int_{x_0}^{x} \tau \times \exp\left(-\int_{x}^{\tau}\frac{ds}{s}\right)d\tau,$$

$$I(x) = -\int_{x_0}^{x} \tau \times \exp(-\ln\tau + \ln x)d\tau, \tag{17}$$

демек, (17) барабардыгында $\exp(\ln b) = b$ экендигин эске алуу менен

$$I(x) = -\int_{x_0}^{x} \tau \times \frac{x}{\tau}d\tau = -x\int_{x_0}^{x} d\tau,$$

акыркы интегралды интегралдоо менен

$$I(x) = -x[\tau]_{x_0}^{x} = -x(x - x_0), . \tag{18}$$

Мындан көрүнгөндөй жогорку мисалда берилген кадимки бир тектүү эмес дифференциалдык теңдемелердин чечимин (17) жана (18) барабардыктарынын жардамында (15) барабардыгын эске алуу менен төмөнкүчө жазууга болот. Анда

$$y(x) = \widetilde{C}_1 x - x^2 \tag{19}$$

Алынган (19) барабардыгы мисалда берилген бир тектүү эмес кадимки дифференциалдык теңдеменин жалпы чечими болуп саналат.

*Эскертүү.* Бир тектүү эмес кадимки дифференциалдык теңдемелердин чечимин табуу үчүн (13)-(15) барабардыктарын дайым колдонууга болот.

Маселе үчүн

$$y(x_0) = y^0. \tag{20}$$

Белгилүү болгондой (1) барабардыгы менен аныкталган дифференциалдык теңдеменин чечимин белгилөөлөр кийиргенден абалкы абалында жазылуусун алалы

$$y(x) = C\exp\left(-\int_{x_0}^{x} a(s)ds\right) + \int_{x_0}^{x} b(\tau)\exp\left(\int_{x}^{\tau} a(s)ds\right)d\tau. \tag{1.3.12}$$

Коши маселесин канааттандыруу жараянын карайлы. Демек, шарт боюнча

$$y^0 = C\exp\left(-\int_{x_0}^{x_0} a(s)ds\right) + \int_{x_0}^{x_0} b(\tau)\exp\left(\int_{x}^{x_0} a(s)ds\right)d\tau. \tag{21}$$

Классикалык анализден белгилүү болгон

$$\int_{x_0}^{x_0} f(x)dx = 0. \tag{22}$$

Мындан (22) барабардыгын эске алуу менен (21) барабардыгын

$$y^0 = C\exp(0) + 0, \;\; C = y^0. \tag{23}$$

Демек, баштапкы шартты эске алуу менен аныкталган чечим

$$y(x) = y^0 \exp\left(-\int_{x_0}^{x} a(s)ds\right) + \int_{x_0}^{x} b(\tau)\exp\left(\int_{x}^{\tau} a(s)ds\right)d\tau. \tag{24}$$

Акыркы (24) барабардыктын экинчи кошулуучусу

$$\int_{x_0}^{x} b(\tau)\exp\left(\int_{x}^{\tau} a(s)ds\right)d\tau,$$

формалдуу алмаштырган функцияны коюп алсак, тактап айтканда $b(x)$ функциясын $\delta(x-d)$ функциясы менен алмаштырсак, анда

$$\int_{x_0}^{x} \delta(\tau - d)\exp\left(\int_{x}^{\tau} a(s)ds\right)d\tau = \exp\left(\int_{d}^{\tau} a(s)ds\right). \tag{25}$$

Демек, (24) барабардык менен аныкталган чечимди (25) барабардыктагы интегралдын маанисин пайдаланып

$$y(x) = y^0 \exp\left( -\int_{x_0}^{x} a(s)ds \right) + \exp\left( \int_{d}^{\tau} a(s)ds \right). \quad (26)$$

(26) барабардыктагы функция (1) теңдеменин чечими болот.

*Мисал.* $y'(x) = x + \delta(x-1)$ дифференциалдык теңдемесин, $y(0) = 1$ баштапкы шарты менен чыгаргыла.

*Чыгаруу.* Дифференциалдык теңдемени чыгаруу үчүн, (26) барабардыктан пайдалансак

$$y(x) = \exp\left( \frac{x^2}{2} \right) + \exp\left( \frac{x^2 - 1}{2} \right).$$

*Корутунду.* Жалпыланган функциялар мейкиндигиндеги [2] Дирак функциясы (1) дифференциалдык теңдеменин чечимин аныктоону бир кыйла даражада жөнөкөйлөтөт. Аны акыркы мисалдан көрүүгө болот.

## АДАБИЯТТАР

1. *Понтрягин, Л.С.* Обыкновенные дифференциальные уравнения. [Текст] / Л.С. Понтрягин // – Москва: Наука, 1982. – 32 с.

2. *Кеч, В.* Введение в теорию обобщенных функций с приложениями в технике. [Текст] / В. Кеч., П. Теодорский // – Москва: Мир, 1978. – 168 с.

ТЕОРИЯ И МЕТОДИКА ПРОФЕССИОНАЛЬНОГО ОБРАЗОВАНИЯ

УДК: 51-8

# МАТЕМАТИКАЛЫК ТҮШҮНҮКТӨРДҮ ТҮЗҮҮ БОЮНЧА ИШТИ УЮШТУРУУ

Торогельдиева К.М.
п.и.д., профессор
И.Арабаев атындагы университети,
Оморов Ш.Д.
п.и.к., доцент ОшМУ,
Абдималикова Жамал
магистрант ОшМУ

**Аннотация.** Окуучу белгилүү бир предметтик чөйрөдөгү тарыхый-коомдук тажрыйбаны түшүнөт. Бул учурда, билим берүүнүн мазмуну бала үчүн жеке мааниге ээ болушу керек. Бул киргизилип жаткан түшүнүк окуучунун баалуулуктарына жана көз караштарына карама-каршы келбеген, анын предметтик тажрыйбасы, билимдин мазмунуна болгон мамилеси жана маалыматты кайра иштетүү ыкмалары менен карама-каршы келбеген учурда гана мүмкүн болот. Ар бир предмет өзүнүн мазмунунда көп өлчөмдүү, бирок мугалим аны менен кандай мазмунда иштөөгө ниеттенип жатканын окуучу биле албайт.

Жогоруда айтылгандардын негизинде мугалим көңүл бурушу керек болгон аспектилерди аныкталган.

**Ачкыч сөздөр:** Түшүнүк, процесс, чөйрө, психофизиологиялык, маданиятташтыруу, көйгөйлөр, детерминация, аспект, этимология, моделдөө, дедукция, индукция, фигура.

# ОРГАНИЗАЦИЯ РАБОТЫ ПО ФОРМИРОВАНИЮ МАТЕМАТИЧЕСКИХ ПОНЯТИЙ

Торогельдиева К. М.
д.п.н., профессор
университета им. И.Арабаева,
Оморов. Ш. Д.
к.п.н., доцент ОшГУ,
Абдималикова Жамал
магистрант ОшГУ

**Аннотация.** Учащийся понимает историко-социальный опыт в определенной предметной области. В этом случае содержание образования должно иметь личное значение для ребенка. Это возможно только в том

случае, если вводимое понятие не противоречит ценностям и взглядам учащегося, не противоречит его предметному опыту, его подходу к содержанию знаний и способам обработки информации. Каждый предмет многомерен по своему содержанию, но ученик не может знать, с каким содержанием учитель намеревается работать с ним.

На основе вышесказанного были определены аспекты, на которых учитель должен сосредоточиться.

**Ключевые слова:** Понятие, процесс, среда, психофизиологический, культивирование, проблемы, детерминация, аспект, этимология, моделирование, дедукция, индукция, фигура.

Окуучу билим берүү процессинин предмети болуп саналат. Ал мектепке курчап турган дүйнө, адамдар жана буюмдар жөнүндө өз тажрыйбасы менен келет. Бала турмуштук тажрыйбаны үй-бүлөдөгү баарлашуу, теңтуштары жана башка адамдар менен өз ара аракеттенүү, ар түрдүү маалымат булактарынан жана максаттуу окутуу аркылуу алган. Мектепте окуучу белгилүү бир предметтик чөйрөдөгү тарыхый-коомдук тажрыйбаны түшүнөт. Бул учурда, билим берүүнүн мазмуну бала үчүн жеке мааниге ээ болушу керек. Бул киргизилип жаткан түшүнүк окуучунун баалуулуктарына жана көз караштарына карама-каршы келбеген, анын предметтик тажрыйбасы, билимдин мазмунуна болгон мамилеси жана маалыматты кайра иштетүү ыкмалары менен карама-каршы келбеген учурда гана мүмкүн болот. Ар бир предмет өзүнүн мазмунунда көп өлчөмдүү, бирок мугалим аны менен кандай мазмунда иштөөгө ниеттенип жатканын окуучу биле албайт [1].

Жогоруда айтылгандардын негизинде мугалим көңүл бурушу керек болгон аспектилерди аныктайбыз.

Окуучулар теманы аныктай турган "семантикалык талааны" аныктоо жана талдоо объектиси катары колдонула турган мазмунду так белгилөө. Тема жана талдоо объектиси дал келбегенде, мугалим менен окуучу ар кандай мазмун менен иштеген кырдаал пайда болот. Мугалимдин милдети-түшүнүктөрдүн семантикалык мүнөздөмөлөрүн аныктоо, андан кийин аларды "маданиятташтыруу" (предметтик тажрыйбанын мазмундук аспектиси).

Ар бир окуучунун табигый активдүүлүгүн жана психофизиологиялык уюмунун өзгөчөлүктөрүн эске алуу (предметтик тажрыйбанын процесстик аспектиси).

Окуучулардын билимге болгон баалуу мамилеси аркылуу тарбиялоо, алардын ар бири үчүн билимдин предметтик жана ишмердик компоненттери үчүн инсандык маанисине таянуу, ошондой эле позитивдүү эмоциялар жана когнитивдик кызыкчылыкты тарбиялоо. Бүгүнкү күндө гносеологияда объективдүүлүк көйгөйлөрүнө эмес, билимдин тандалмачылыгына көбүрөөк көңүл бурулуп жатат. Тең укуктуулар деп таануунун тандалма эки түрү таанылат: себептик детерминация жана баалуулук детерминация.

Себептик детерминация-нерселер дүйнөсү үчүн, баалуулук детерминациясы – адамдар үчүн (субъекттик тажрыйбанын эмоционалдык-баалуулук аспектиси) [2].

Түшүнүк менен иштөө ыкмасы төрт этапты камтыйт:

1. кесиптик (мугалимди сабакка даярдоо этабы);

2. даярдык (керектүү билимди актуалдаштыруу, окуучунун предметтик тажрыйбасы менен байланыш, мотивация);

3. негизги (окутуучу);

4. бекемдөө этабы (типтүү маселелерди чечүүдө киргизилген теориялык материалды колдонуу).

Акыркы үч этап түздөн-түз класстагы окуучулар менен иштөө учурунда ишке ашырылат.

1. Кесиптик этапты нөл деп эсептесе болот, анткени бул этапты түздөн-түз мугалим өзү жүргүзөт. Бул этапта, алгоритмдештирилген түрүндө класста аныктама берүүгө жана актуалдаштыруу зарыл болгон билимди тандап алууга мүмкүндүк бере турган түшүнүк логикалык-математикалык талдоо жүзөгө ашырылат. Мугалим сабактын максаттарын жана милдеттерин коет, окуу материалын тандайт, окутуунун методдорун жана формаларын аныктайт, окуучулардын өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен сабактын планын жазат. Мугалим математиканы окутуу методикасынын алдында турган бардык беш суроонун жообун ойлонот деп айта алабыз: эмне үчүн? ким? кимге? эмне? кантип?

2. Даярдоо этабын төмөнкү этаптарга бөлүүгө болот:

- Логикалык-математикалык анализдин натыйжасында билим жана көндүмдөрдү актуалдаштыруу. Бул орто этаптын максаты-мугалим менен окуучунун ортосундагы кайтарым байланышты ишке ашыруу, алсыз жактарын (сабатсыздык, жөндөмсүздүк) аныктоо, окуучуларда аларды оңдоо. Ал класста милдеттүү текшерүү менен оозеки диктант колдонуу же жаңы түшүнүк киргизүү сабактын тиешелүү иш-милдеттерди ишке киргизүү максатка ылайыктуу болуп саналат. Эгерде текшерүүнүн жыйынтыгында окуучулар тапшырмаларды аткара албай жатса, анда жаңы окуу материалын киргизүүдөн баш тартып, үйрөнүлгөн материалды кайталоого убакыт бөлүү керек.

Бул этапта аңгемелешүүнү колдонуу натыйжасыз болот:

- мугалим ар бир окуучу жаңы теманы кабыл алууга канчалык даяр экендигин толук аныктай албайт;
- системалык-ишмердик мамиленин жана инсанга багытталган окутуунун принциптери ишке ашырылбайт.

Бул жерде предметтик аспект эске алынат: изилденип жаткан түшүнүккө байланыштуу окуучулардын предметтик тажрыйбасы негиз катары алынат. Сабактын

жүрүшүндө болгон образдарды жана түшүнүктөрдү тактоо, ошондой эле изилденип жаткан түшүнүктү билдирген терминдин этимологиясын ачуу жүзөгө ашырылат [3].

Бул орто этапта форманы тандоо киргизилген термин окуучуга мурда жолуккандыгына, башкача айтканда, ал окуучунун предметтик тажрыйбасына киргизилгендигине жараша болот. Эгерде окуучулар бул терминге туш болушса, анда алар бул терминдин маанисин ачып берүүгө чакырылат – бул термин эмнени билдирет деген суроого жооп берүүгө туура келет. Ошондой эле, бул учурда бул түшүнүк менен байланышкан милдеттерди алдын ала киргизүү жана текшерүү ишине терминдин аныктамасын берүүгө болот. Эгерде бул термин менен окуучулар али кездеше элек болсо, анда аны окуучуларга тааныш түшүнүктөрдү колдонуу менен сүрөттөөгө аракет кылуу керек. Мисалы, 1/2 бөлчөк менен иштөө окуучуларга кыйынчылык жаратышы мүмкүн, ал эми "жарым" сүрөттү түшүнүү абдан жөнөкөй жана көйгөйлөрдү чечүүдө оңой колдонулат.

Этимологияны ачуу жаңы түшүнүктү мурунтан тааныш образ менен байланыштырууга жардам берет. Мисалы, "компас" деген сөз латын сөзүнөн келип чыккан, "айлана" дегенди билдирет.

Окуучулардын предметтик тажрыйбасын аныктоодо кандай түшүнүктөр окуучуларга кыйынчылык жаратышы мүмкүн экенин алдын ала билүүгө жана аларды жеңүү боюнча атайын ишти уюштурууга мүмкүндүк берет. Сабактын ушул этабын ишке ашыруу учурунда, ал сабактын темасын киргизүү жана сабактын максаты жөнүндө сүйлөшүүнү уюштуруу үчүн жөндүү [4].

Маанилүү эмес касиеттерди моделдөөдө жана өзгөртүүдө түшүнүктүн негизи катары сүрөттөрдү (түшүнүктүн көлөмүн) топтоо, ошондой эле түшүнүк үчүн маанилүү болгон объектилердин касиеттерин бөлүп көрсөтүүгө болот. Мындай тапшырманы аткаруу окуучуларга ар кандай жалпыланган сүрөттөрдүн арасынан аларга эң жакын жана тааныш нерселерди тандап алууга мүмкүнчүлүк берет. Бул ага илимий түшүнүктөрдүн дүйнөсүнө кирүүгө мүмкүнчүлүк берет, алар менен иштеп жатканда, бул сүрөттөлүштөрдү окуучу түшүнүктөрдү өздөштүрүүдө таянат.

Даярдоо этабын ишке ашыруунун натыйжасында мугалим окуучуларды аныктаманын "вариантын" өз алдынча түзүүгө алып келет.

Албетте, этаптардын ырааттуулугу ар кандай болушу мүмкүн, бардык этаптар сабакка катышпашы мүмкүн.

3. Негизги этап

Негизги этаптын максаты-түшүнүктү аныктоо жөндөмүн калыптандыруу аркылуу аныктаманын формулировкасын киргизүү жана алгачкы өздөштүрүү. Бул жөндөм жаш курагына жана окутуу классына жараша болот [6].

Жараяны көндүмдөрдү калыптандыруу төмөнкү иш-аракеттердин ырааттуулугун камтыйт:

- Объектти аныктоо структурасынын жашыруун логикалык анализи жүргүзүлөт. Бул процесс окуучулар менен иштөөдө аныктаманы "алгоритмдештирүүгө" мүмкүндүк берет;

- жүзөгө ашырылат;

- түшүнүк берүү;

- окуучулар менен иштөөдө бул процесс "таануу" маселесин чечүү аркылуу ишке ашырылат, б.а. окуучулар изилденип жаткан объектти сунуш кылынгандардын арасынан бөлүп көрсөтүүнү үйрөнүшөт;

- аныктаманы иштеп чыгуу менен иш жүргүзүлөт. Окуучуларга сунушталган аныктамаларды реформалоо, аныктамалардагы боштуктарды толтуруу, туура эмес аныктамалардагы каталарды табуу сунушталат;

- берилген конкреттүү объект тиешелүү объектилердин классына таандык экендигинен натыйжа алууга багытталган мүнөздүү иш-аракет.

Пайда болгон педагогикалык кырдаал менен шартталган зарыл учурда бул аныктаманы ага эквиваленттүү башка аныктамага алмаштыруу жүргүзүлөт.

Сүрөттөлгөн иш-аракеттердин ырааттуулугу мугалимдин түшүнүктү киргизүүгө болгон мамилесинен айырмаланышы мүмкүн. Акыркы үч аракет ачык аныктама киргизилген учурда жүзөгө ашырылат. Акыркы эки иш-аракет кечиктирилген мүнөзгө ээ болушу мүмкүн [6].

Концепцияны жана анын аныктамасын киргизүүнүн эки жолу бар: дедуктивдүү (дедукция) жана индуктивдүү (индукция) ыкма.

Дедуктивдик ыкманын маңызы - адегенде аныктама түзүлүп, андан кийин өзгөчө учурлар каралат (жалпыдан конкреттүүгө чейин). Индуктивдик ыкма айрым учурларды кароонун натыйжасы катары аныктаманы түзүүнү камтыйт.

4. Бекмдөө баскычы

Бекемдөө этабынын максаты билимди системалаштырууга өбөлгө түзгөн башка түшүнүктөр менен байланыштарды жана мамилелерди түзүү жана өнүктүрүү болуп саналат.

Бул этапты ишке ашыруу төмөнкү ыкмалар аркылуу ишке ашырылат:

- түшүнүктү учурдагы классификацияга киргизүү, мисалы, Эйлер чөйрөлөрүнүн жардамы менен;

- кластерлерди колдонуу сыяктуу башка түшүнүктөр менен логикалык байланыштарды түзгөн теориялык жалпылоо;

- каралып жаткан түшүнүктөн аныкталбаганга чейин кеңейүүчү топтомдорду

ырааттуу бөлүп алуудан турат;

- курстун ар кандай темаларындагы билим менен катар жаңы түшүнүк колдонулган маселелерди чечүү, кээ бир түшүнүктөрдү киргизилген түшүнүк менен алмаштырууну талап кылат жана тескерисинче.

Жыйынтыктап айтканда бул этапты ишке ашыруу үчүн адатта бир эмес, бир нече сабак талап кылынат. "Трапеция"түшүнүгүн изилдөөдө бул ыкмалардын мисалдарын карап көрөлү. А-көптүгү трапециялар, В-көптүгү төрт бурчтуктар, С-көптүгү үч бурчтуктар, О-көптүгү төрт бурчтуу призмалар ж.б.

Көптүктөрдүн сүрөтү менен изилденип жаткан көптүктөрдүн ортосунда байланыш түзүүгө болот. Көбүнчө окуучулар фигуралардын жана фигуранын (чекиттин) элементтерин аралаштырып, төрт бурчтуктарды төрт бурчтуу призмалардын топтому катары кабылдашат. Окуучулардын көңүлүн дал келбеген көптүктөрдүн негиздемесине буруу да маанилүү. Бул максатта окуучуларга кайсы фигуралар А көптүгүнө таандык, бирок В көптүгүнө таандык эмес деген суроолорду берүү максатка ылайыктуу болот.

## АДАБИЯТТАР


1. 5-6- класстарда математикалык түшүнүктөрдү үйрөнүү. - Пенза, 1987.
2. Воровщиков С. Г. ж. б. Окуучулардын логикалык ой жүгүртүүсүн кантип натыйжалуу өнүктүрүү керек: башкаруучулук жана методикалык аспектилер. - М.: билим, 2008.
3. Гин С.И. Математиканы окутуунун методикасы жана технологиялары. Окуу-методикалык колдонмо / Бишкек, 2008. – 415 б.
4. Туркина В. М. математикалык түшүнүктөрдү калыптандыруу үчүн тапшырмалар / / Мектеп. 1988. № 12.
5. Фефилова Е.Ф., Шабанова М. В. Математикалык маселелерди чечүүнү окутуунун методдору. Архангельск, 2000
6. Фридман Л. М. Математиканы окутуунун методикасынын теориялык негиздери: Окуу куралы. Китеп, 2009-жыл.

МАТЕМАТИКА

УДК 517.928

# ЖАЛПЫЛАНГАН ЧЕКТИК ФУНКЦИЯЛАР УСУЛУ ЖАНА АНЫН КОЛДОНУЛУШУ

Турсунов Д.А.
ф.-м.и.д., профессор ОшМУ,
Турсунбаева Р.Б., Абрасим кызы Н.
ОшМУнун магистранттары

**Аннотация:** Илимдин көптөгөн тармактарында татаал маселелер кичи параметрди кармаган дифференциалдык теңдемелер аркылуу сүрөттөлөт. Мындай теңдемелер электротехникада, радиотехникада, механикада, гидродинамикада, аэродинамикада ж.б. кездешет. Макала сингулярдык козголгон Кошинин маселесинин чыгарылышынын асимптотикасын тургузууга арналган. Алгач маселенин чыгарылышынын асимптотикалык ажыралмасы каралып жаткан кесиндинин бардык чекиттеринде тургузулат, андан соң бул ажыралманын калдык мүчөсү бааланат.

**Түйүндүү сөздөр:** Кошинин маселеси, кадимки дифференциалдык теңдеме, сингулярдык козголуу, чек аралык катмар, өзгөчө чекит.

# ОБОБЩЕННЫЙ МЕТОД ПОГРАНФУНКЦИЙ И ЕЕ ПРИМЕНЕНИЕ

Турсунов Д.А.
д.ф.-м.н., профессор ОшГУ,
Турсунбаева Р.Б., Абрасим кызы Н.
магистранты ОшГУ

**Аннотация.** Во многих областях науки сложные задачи описываются дифференциальными уравнениями с малым параметром. Такие уравнения возникают в электротехнике и радиотехнике, механике, гидра- и аэродинамике и т.д. Статья посвящена построению асимптотики решения сингулярно возмущенной задачи Коши. Вначале строится асимптотическое разложение решения задачи на всем отрезке, затем оценивается остаточный член этого разложения.

**Ключевые слова**: задача Дирихле, обыкновенное дифференциальное уравнение, сингулярное возмущение, пограничный слои, особая точка.

Төмөнкү бисингулярдуу Кошинин маселесин изилдейбиз

$$\varepsilon y'(x)+xy(x)=f(x), 0<x\le 1, \quad y(0)=a, \tag{1}$$

мында 0<ε – кичине параметр, $f(x)\in C^{\infty}[0,1)$, $f(x)=\sum_{k=0}^{\infty} f_k x^k$, $f_k=f^{(k)}(0)/k!$, $f_0\neq 0$, $a$ – const.

(1)- Коши маселесинин айкын чыгарылышы тургузабыз. Ал үчүн теңдемени төмөнкүдөй өзгөртүп жазып алабыз

$$y'(x)+\frac{x}{\varepsilon}y(x)=\frac{f(x)}{\varepsilon}.$$

Бизге белгилүү болгондой, сызыктуу биринчи тартиптеги кадимки дифференциалдык теңдеменин чыгарылышы

$$y=\left[\int_{x_0}^{x} q(t)e^{\int_{x_0}^{t} p(s)ds}dt+y^0\right]e^{-\int_{x_0}^{x} p(s)ds}$$

болот, биздин учурда $q(t)=\dfrac{f(t)}{\varepsilon}$, $p(s)=\dfrac{s}{\varepsilon}$, $x_0=0$, $y^0=a$ .

Ошондуктан (1) Коши маселесинин айкын чыгарылышы төмөнкү көрүнүшүндө болот:

$$y(x)=ae^{-\frac{x^2}{2\varepsilon}}+\frac{1}{\varepsilon}\int_0^x e^{\frac{s^2-x^2}{2\varepsilon}}f(s)ds.$$

Көрүнүп тургандай $x$=0 болгондо асимптотикалык туруктуулук шарты бузулат. Козголбогон теңдеме (ε=0 болгондогу):

$$-x\tilde{y}(x)+f(x)=0,$$

төмөнкүдөй чыгарылышка ээ болот:

$$\tilde{y}(x)=f(x)/x.$$

Эгерде (1) – маселенин чыгарылышын кичине параметрлер методу менен издесек

$$y(x)=y_0(x)+\varepsilon y_1(x)+\varepsilon^2 y_2(x)+..., \tag{2}$$

анда төмөнкүлөрдү алабыз:

$$y_0(x)=\frac{f(x)}{x}\sim f_0x^{-1}, x\to 0,$$

$$y_1(x)=x^{-1}y'_0(x)\sim f_0x^{-3}, x\to 0,$$

$$y_2(x)=x^{-1}y'_1(x)\sim 3f_0x^{-5}, x\to 0,$$

$$y_3(x)=x^{-1}y'_2(x)\sim 3\cdot 5 f_0 x^{-5},\ x\to 0,$$

$$y_n(x)=x^{-1}y'_{n-1}(x)\sim 3\cdot 5\cdot\ldots\cdot(2n-1)f_0 x^{-(2n+1)},\ x\to 0,$$

жана (2) катар $(\sqrt{\varepsilon},1]$ интервалда асимптотикалык катар боло алат, $x_0=\sqrt{\varepsilon}=\mu$ чекити (2) катардын өзгөчө чекити болот.

Нөл чекитинда кармаган асимптотикалык чыгарылышты төмөнкү көрүнүшүндө издейбиз

$$y(x)=\frac{1}{\mu}\pi_{-1}(t)+Y_0(x)+\pi_0(t)+\mu\big(Y_1(x)+\pi_1(t)\big)+\mu^2\big(Y_2(x)+\pi_2(t)\big)+\ldots,\ \mu\to 0, \quad (3)$$

мында $Y_k(x)\in C^{(\infty)}[0,1], \pi_k(t)\in C^{(\infty)}[0,\mu^{-1}], x=\mu t$.

(3) туюнтманы (1) маселеге койуюп, төмөнкүнү алабыз

$$\begin{gathered}\pi'_{-1}(t)+\mu^2Y'_0(x)+\mu\pi'_0(t)+\mu^3Y'_1(x)+\mu^2\pi'_1(t)+\mu^4Y'_2(x)+\mu^3\pi'_2(t)+\\+\mu^5Y'_3(x)+\mu^4\pi'_3(t)+\ldots+xY_0(x)+\mu xY_1(x)+\mu^2xY_2(x)+\mu^3xY_3(x)+\\+\ldots+t\pi_{-1}(t)+\mu t\pi_0(t)+\mu^2t\pi_1(t)+\mu^3t\pi_2(t)+\mu^4t\pi_3(t)+\ldots=f(x)\end{gathered} \quad (4)$$

(4) төн, төмөнкүлөрдү алабыз:

$\mu^0$ $$\pi'_{-1}(t)+t\pi_{-1}(t)+xY_0(x)=f(x), \quad (5.-1)$$

$\mu^1$ $$\pi'_0(t)+t\pi_0(t)+xY_1(x)=0, \quad (5.0)$$

$\mu^{k+1}$ $$\pi'_k(t)+t\pi_k(t)+xY_{k+1}(x)+Y'_{k-1}(x)=0,\ k=1,2,\ldots \quad (5.k)$$

$\pi_{k-1}(t),\ k=0,1,\ldots$ функциялар үчүн баштапкы шарттарды:

$$\pi_{-1}(0)=0, \pi_0(0)=a-Y_0(0), \pi_k(0)=-Y_k(0),\ k=1,2,\ldots$$

$Y_0(x)$ функциясы жылма болушу үчүн аны биз төмөнкү теңдемеден аныктайбыз

$$xY_0(x)=f(x)-f_0 \Rightarrow Y_0(x)=(f(x)-f_0)/x,$$

анда (5.-1)ден $\pi_{-1}(t)$ үчүн

$$\pi'_{-1}(t)+t\pi_{-1}(t)=f_0$$

теңдемени алабыз

Бул жерден

$$\pi_{-1}(t)=f_0e^{-t^2/2}\int\limits_0^t e^{s^2/2}ds\in C^{\infty}[0,\mu^{-1}].$$

Бул функция $[0,\mu^{-1}]$ кесиндиде чектелген, чексиз дифференцирленүүчү, $t\to\infty$:

$$\pi_{-1}(t)=-\frac{f_0}{t}(1+\frac{1}{t^2}+\frac{3}{t^4}+...).$$

Бул асимптотикалык катарды $\pi_{-1}(t)$ үчүн жазылган интегралдык туюнтманы бөлүктөп интегралдап алсак та болот.

(5.0)дон $Y_1(x)$ жана $\pi_0(t)$ функцияларын аныктайбыз. Мейли $Y_1(x)\equiv 0$, болсун, анда

$$\pi'_0(t)+t\pi_0(t)=0,\ \pi_0(0)=a-f_1 \text{ болот.}$$

Бул жерден

$$\pi_0(t)=(a-f_1)e^{-t^2/2} \text{ ду аныктап алабыз.}$$

(5.k) дан $k$=1 болгон учурда

$$\pi'_1(t)+t\pi_1(t)+xY_2(x)+Y'_0(x)=0 \text{ келип чыгат.}$$

Мейли $xY_2(x)=Y'_0(0)-Y'_0(x)$ болсун, анда $\pi'_1(t)+t\pi_1(t)=-Y'_0(0)$ болот.

Бул жерден төмөнкүнү алабыз

$$Y_2(x)=(Y'_0(0)-Y'_0(x))/x,\ \pi_1(t)=-f_2e^{-t^2/2}\int\limits_0^t e^{s^2/2}ds\in C^{\infty}[0,\mu^{-1}],$$

жана

$$\pi_{-1}(t)=\frac{f_2}{t}(1+\frac{1}{t^2}+\frac{3}{t^4}+...),t\to\infty.$$

(5.k)дан $k$=2 болгон учурда

$$\pi'_2(t)+t\pi_2(t)+xY_3(x)+Y'_1(x)=0 \text{ же } \pi'_2(t)+t\pi_2(t)+xY_3(x)=0.$$

Мейли $Y_3(x)\equiv 0$ болсун, анда

$$\pi'_2(t)+t\pi_2(t)=0,\ \pi_2(0)=-Y_2(0)=2f_3 \text{ келип чыгат.}$$

Бул жерден, төмөнкүнү аныктайбыз

$$\pi_2(t) = 2f_3 e^{-t^2/2}.$$

Аналогиялуу түрдө бул процессти улантып, биз калган $Y_k(x)$, $\pi_k(t)$. функцияларын аныктап алабыз.

Бул тургузулган формалдуу асимптотикалык ажыралманы негиздөө максатында асимптотикалык катардын калдык мүчөсүн баалайбыз $R_m(x) = y(x) - \tilde{y}_m(x)$, мында

$$\tilde{y}_m(x) = \frac{1}{\mu}\pi_{-1}(t) + Y_0(x) + \pi_0(t) + \mu\big(Y_1(x) + \pi_1(t)\big) + \ldots + \mu^m\big(Y_m(x) + \pi_m(t)\big).$$

$R_m(x)$ калдык мүчө үчүн төмөнкү Коши маселесин алабыз:

$$\varepsilon R_m'(x) + xR_m(x) = -\mu^{m+2}Y'_m(x),\ \ 0<x\le 1,\ \ R_m(0) = 0. \tag{6}$$

Эгерде $m$ – так сан болсо, анда $Y'_m(x) \equiv 0$ болот.

(6)- Коши маселеси жалгыз чыгарылышка ээ

$$R_m(x) = -\mu^m e^{-x^2/2\varepsilon}\int_0^x Y'_m(s)e^{s^2/2\varepsilon}ds,$$

жана бул чыгарылыш үчүн төмөнкү асимптотикалык баа орун алат:

$$R_m(x)=O(\mu^m),\ \mu\to 0,\ 0\le x\le 1.$$

Демек, (1) бисингулярдуу Кошинин маселесинин чыгарылышын асимптотикалык ажыралмасы (3) көрүнүштө болот экен.

## АДАБИЯТТАР

1. Shiromani R., Shanthi V., Ramos H. A computational method for a two-parameter singularly perturbed elliptic problem with boundary and interior layers // Mathematics and Computers in Simulation. 2023, Vol. 206, pp. 40–64.

2. Liu Z., Wei J., Zhang J. A new type of nodal solutions to singularly perturbed elliptic equations with supercritical growth // Journal of Differential Equations. 2022. Vol. 339. pp. 509–554.

3. Smith J. Singular Perturbation Theory (Cambridge University press, Cambridge, 1985).

4. Nayfeh A.H. Perturbation Methods, Pure and Applied Mathematics (Wiley-Inter science Series of Texts, Monographs and Tracts, New York, 1973).

5. Tursunov D. A. and Bekmurza uulu Ybadylla Asymptotic Solution of the Robin Problem with a Regularly Singular Point // Lobachevskii Journal of Mathematics, 2021, Vol. 42, No. 3, pp. 613–620.

6. Турсунов Д.А. Асимптотическое разложение решения обыкновенного дифференциального уравнения второго порядка с тремя точками поворота // Тр. ИММ УрО РАН. 2016. Т. 22. № 1. С. 271–281.
7. Bekmurza uulu Ybadylla, Kozhobekov K.G., Tursunov D.A. Asymptotics of solutions of boundary value problems for the equation $\varepsilon y'' + xp(x)y' - q(x)y = f$ // EURASIAN MATHEMATICAL JOURNAL. Vol. 13, No 3 (2022), 82 – 91.
8. Kozhobekov K.G., Tursunov D.A. Asymptotic solution of a singularly perturbed Cauchy problem with a turning point // Journal of Mathematical Sciences. 2021. T. 254. № 6. C. 788-792.
9. Kozhobekov K.G., Tursunov D.A., Omaralieva G.A. Asymptotics of the solution of bisingular boundary value problems with a biboundary layer // Журнал Лобачевского по математике. 2023. Т. 43. № 11. С. 3198-320.
10. Protter M.H., Weinberger H.F., Maximum-Principles in Differential Equations (Diff.Equat.Ser. Prentice-Hall, Inc. X, N. J., 1967).

## МАТЕМАТИКА

УДК 517.928

# КАДИМКИ ДИФФЕРЕНЦИАЛДЫК ТЕҢДЕМЕЛЕРДИ MAPLE ПАКЕТИНДЕ АНАЛИЗДӨӨ

Турсунов Д.А.
ф.-м.и.д., проф. ОшМУ
Намазбекова У.А., Сагынбай кызы Б.
ОшМУнун магистранттары

**Аннотация**. Бүгүнкү күндө ар кандай маселени же аны чыгарууну автоматташтыруу же санариптештирүү заманбап актуалдуу маселелердин бири. Биздин кылым санариптештирүү кылымы деп аталышы да бекеринен эмес. Анткени бүгүнкү күндө бардык илимдин тармактарында, турмушта, практика санариптештирүү кеңири колдонулууда. Мисалы, электрондук капчыктар, түндүк платформасы, ж.б.у.с. Баарыбызга белгилүү болгондой табияттын тили бул математика. Табиятта болуп жаткан кубулуштар, процесстер математикалык моделдердин жардамында изилденет. Математикалык моделдердин эң кеңири таралган түрү бул дифференциалдык теңдемелер. Дифференциалдык теңдемедерди изилдөө, чыгарылыштарын табуу жалпы учурда оңой эмес. Бирок бүгүнкү күндө бир нече математикалык пакеттер иштелип чыгылган. Алардын бири Maple пакети. Биз макалада дифференциалдык теңдемелерди анализдөөнү Maple пакеетинде карайбыз. Maple пакетинде кантип жалпы жана жекече чыгарылыштарды тургузууну карайбыз. Maple пакетинде баштапкы жана чектик маселелердин аналитикалык, сандык жана графикалык чыгарылыштарын тургузуу изилденди.

**Ачкыч сөздөр**: Maple пакети, дифференциалдык теңдеме, так чыгарылыш, жакындаштырылган чыгарылыш, баштапкы шарт, чек аралык шарттар, баштапкы маселе, чек аралык маселе, автоматташтыруу, санариптештирүү.

# АНАЛИЗ ОБЫКНОВЕННЫХ ДИФФЕРЕНЦИАЛЬНЫХ УРАВНЕНИЙ В ПАКЕТЕ MAPLE

Турсунов Д.А.
д.ф.-м.н., проф. ОшГУ
Намазбекова У.А., Сагынбай кызы Б.
магистранты ОшГУ

**Аннотация**. Автоматизация или цифровизация любой задачи или ее решение сегодня является одной из самых актуальных проблем современности. Не зря наш век называют веком цифровизации. Потому что сегодня цифровизация широко используется во всех областях науки, жизни и практики. Например, электронные кошельки, платформа тундук и т.д. Как мы все знаем, язык природы – математика. Явления и процессы, происходящие в природе, изучаются с помощью математических моделей. Наиболее распространенным типом математических моделей являются дифференциальные уравнения. Изучение дифференциальных уравнений и поиск решений в целом непростая задача. Однако сегодня разработано несколько математических пакетов. Одним из них является пакет Maple. В данной статье мы рассмотрим анализ дифференциальных уравнений в пакете Maple. Мы рассмотрим, как построит общие и частные решения дифференциальных уравнений в пакете Maple. В пакете Maple исследованы аналитическое, численное и графическое решения начальных и краевых задач.

**Ключевые слова**: пакет Maple, дифференциальное уравнение, точное решение, приближенное решение, начальное условие, граничные условия, начальная задача, краевая задача, автоматизация, цифровизация.

*Киришүү.* Бүгүнкү күндө ар кандай маселени же аны чыгарууну автоматташтыруу же санариптештирүү заманбап актуалдуу маселелердин бири. Биздин кылым санариптештирүү кылымы деп аталышы да бекеринен эмес. Анткени бүгүнкү күндө бардык илимдин тармактарында, турмушта, практика санариптештирүү кеңири колдонулууда. Мисалы, электрондук капчыктар, түндүк платформасы, ж.б.у.с.

Табиятта болуп жаткан кубулуштар, процесстер математикалык моделдердин жардамында изилденет. Математикалык моделдердин эң кеңири таралган түрү бул дифференциалдык теңдемелер. Дифференциалдык теңдемедерди изилдөө, чыгарылыштарын табуу жалпы учурда оңой эмес. Бирок бүгүнкү күндө бир нече математикалык пакеттер иштелип чыгылган. Алардын бири Maple пакети. Биз макалада дифференциалдык теңдемелерди анализдөөнү Maple пакеетинде карайбыз. Maple пакетинде кантип жалпы жана жекече чыгарылыштарды тургузууну карайбыз. Maple пакетинде баштапкы жана чектик маселелердин аналитикалык, сандык жана графикалык чыгарылыштарын тургузуу изилдейбиз.

Белгилүү англис физиги, математиги, механиги жана астроному, классикалык физиканын жана математикалык анализдин түзүүчүлөрүнүн бири Исаак Ньютон (25.12.1642-20.03.1727) айткандай: – жаратылыштын мыйзамдары дифференциалдык теңдемелер менен туюнтулат. Ошондуктан дифференциалдык теңдемелерди изилдөө математиканын гана эмес физиканын жана техниканын заманбап актуалдуу маселелердин бири болуп саналат.

Бүгүнкү күндө маалыматтык технологиялар жогорку ылдамтык менен өнүгүп келе жатышат. Математик-программисттердагы четте турбай математикалык моделдерин компьютердик моделдерин түзүү үчүн ар кандай математикалык пакеттерди иштеп чыгышууда. Мисалы, Maple, Matlab, MathCad, Mathematica, ж.б.

Бул пакеттердин ичинен биз кеңири таралган Maple пакетине токтолобуз. 1984-жылы Waterloo Maple Inc компаниясы тарабынан Maple пакети сунушталган. Maple пакетинин жардамында физиканын, математиканын, статистиканын дээрлик бардык тармактарынын маселелеринин аналитикалык, сандык жана графикалык чыгарылыштарын тургузууга болот. Интернетте Maple дин өзүнүн сайты бар https://www.maple.com/ ушул жерден пакет жөнүндө кеңири маалымат алууга болот. Мына ушул Maple пакетинде дифференциалдык теңдемелерди чыгарууну карайбыз.

Кадимки дифференциалдык теңдемелер үчүн

**dsolve(eq, var, options)**

командасы колдонобуз, мында eq – дифференциалдык теңдеме, var – белгисиз функциялар, options – параметрлер.

options параметрлерде дифференциалдык теңдемени чыгаруунун методдору көрсөтүлөт. Эгерде бул параметр көрсөтүлбөсө, анда система автоматтык түрдө (по умолчанию) аналитикалык чыгарылышты тургузат: **type=exact**.

Негизинен дифференциалдык теңдемелердин теориясында чыгарылыштардын фундаменталдык системасы деген өтө маанилүү түшүнүк бар. Maple пакетинде чыгарылыштардын фундаменталдык системасын (ЧФС) табуу үчүн **dsolve** командасынын параметрине **output=basis** деп жазуу керек. Мисалдар келтиребиз:

*1-мисал.* Maple пакетинде $y''(x)+2y'(x)+y(x)=0$ дифференциалдык теңдеменин ЧФСин тургузуу үчүн төмөнкү командалардын удаалаштыгы берилет:

$$>eq1:=y''(x)+2y'(x)+y(x)=0:$$

$$>\ dsolve(eq1,y(x),output=basis);$$

$$\left[e^{-x},e^{-x}x\right]$$

Демек, ЧФС: $y_1(x)=e^{-x},\ y_2(x)=xe^{-x}$ болот.

*2-мисал.* Төмөнкү баштыпкы маселенин чыгарылышын табууну жана графигин тургузгула карайбыз:

$$y'(x)+xy(x)=1,\ y(0)=1.$$

*Чыгаруу. а*) теңдемени кийиребиз: > $eq2:=y'(x)+xy(x)=1:$

> $dsolve(eq2,y(x)):$ # жалпы чыгарылышты алуу үчүн

$$y(x)=\left(\sqrt{\pi}\ \mathrm{erf}\left(\frac{1}{2}\sqrt{-2}x\right)+_C_1\right)e^{-\frac{x^2}{2}},$$

мында $_C_1$ – эрктүү турактуу, # белги коментарий жазуу үчүн колдонулат.

б) Баштапкы шартты канааттандырган жекече чыгарылышты тургузабыз:

$>ics := y(0)=1:$

> dsolve({eq2, ics});

$$y(x)=\left(\sqrt{\pi}\ \mathrm{erf}\left(\frac{1}{2}\sqrt{-2}x\right)+1\right)e^{-\frac{x^2}{2}}$$

Бул функциянын графигин тургузабыз:

> **y1:=rhs(%):**

графикти тургузуу үчүн **plot** командасын чакырабыз:

**> plot(y1,x=0..2,thickness=2);**




Maple чөйрөсүндө чек аралык маселесинин чыгарылышын табуу үчүн **cond** командасы колдонулат.

*3-мисал.* $y''(x)+y(x)=2x-\pi,\ y(0)=0,\ y(\pi/2)=0$ чек аралык маселесинин чыгарылышын жана анын графигин тургузабыз.

Маселени чечүү үчүн төмөнкү командаларды ирети менен кийиребиз:

> **restart; de3:=diff(y(x),x$2)+y(x)=2*x-Pi:**

> **cond:=y(0)=0,y(Pi/2)=0:**

> **dsolve({de,cond},y(x));**

$$y(x)=2x-\pi+\pi\cos(x)$$

Жооп: $y(x)=2x-\pi+\pi\cos(x)$.

Графигин тургузабыз:

> **y1:=rhs(%):**

**>plot(y1,x=-10..20,thickness=2);**

*4-мисал.* Системаса үчүн баштапкы маселени изилдейбиз:

$$\begin{cases} x' = 4x + 2y - 2z,\ y' = x + 3y - z,\ z' = 3x + 3y - z, \\ x(0) = 1,\ y(0) = -1,\ z(0) = 3. \end{cases}$$

Чыгаруу.Төмөнкү командаларды ирети менен беребиз:

```
> S:=D(x)(t)=4*x(t)+2*y(t)-2*z(t),D(y)(t)=x(t)+3*y(t)-z(t),D(z)(t)=3*x(t)+3*y(t)-z(t):
> NU:=x(0)=1,y(0)=-1,z(0)=3:
> dsolve({S,NU});
```

натыйжада төмөнкү жоопту алабыз:

$$\{z(t) = e^{(2t)}(3 - 9t),\ x(t) = (-6t + 1)\,e^{(2t)},\ y(t) = e^{(2t)}(-1 - 3t)\}$$

Бул системанын сандык чыгарылышын тургузса да болот, ал үчүн төмөнкү командаларды беребиз:

```
> R:=dsolve({S,NU},numeric):
> with(plots): odeplot(R,[[t,x(t)],[t,y(t)],[t,z(t)]],t=0..1);
```




Maple пакетинде кадимки дифференциалдык теңдемелерди анализдөө үчүн атайын ODE analyzer Assistant терезеси орнотулган. Бул ассистенти жүктөө үчүн tools/Assistants/ ODE Analyzer… маршруту боюнча жүктөйбүз:




Differential Equation терезеге кадимки дифференциалдык теңдемени ассистенттин жардамында кийиребиз. Conditions терезесине баштапкы же чек аралык же башка шарттарды кийиребиз. Parameters терезесине эгерде теңдемеде кандайдыр параметрлер

катышкан болсо, ошол параметрлердин маанилерин кийиребиз. Мисалы, дифференциалдык теңдеме кичи параметрди кармаган болсо, анда ошол кичи параметрдин маанилери кийирилет. Edit баскычтарынын жардамында теңдемени же шарттарды же параметрлердин маанилерин редактирлоого (оңдоо же өзгөртүү) болот. Solve Numerically баскычынын жардамында биз чандык чыгарылышты тургуза алабыз, ал эми Solve Symbolically баскычынын жардамында аналитикалык чыгарылышты алабыз. Help – суроолор пайда болсо басабыз. Quit – терезени жаап ассистенттен чыгып кетүү.

## АДАБИЯТТАР

1. Аладьев В.З., Бойко В.К., Ровба Е.А. Программирование в пакетах Maple и Mathematica: Сравнительный аспект / Монография / Гродно: Гродненский Госуниверситет, 2011, 517 с.

2. Кирсанов М. Н. Практика программирования в системе Maple. М.: Издательский дом МЭИ, 2011, 208с.

3. Кирсанов М. Н. Задачи по теоретической механике с решениями в Maple 11. М.: Физматлит, 2010, 264с.

4. Коробов В.И., Очков В.Ф. Химическая кинетика: введение с Mathcad/Maple/MCS. М.: Горячая линия-Телеком, 2009.

5. Чарльз Генри Эдвардс, Пенни Дэвид Э. Дифференциальные уравнения и краевые задачи: моделирование и вычисление с помощью Mathematica, Maple и MATLAB. 3-е издание. Киев.: Диалектика-Вильямс, 2007. ISBN 978-5-8459-1166-7.

6. Кирсанов М. Н. Графы в Maple. М.: Физматлит, 2007, 168с.

7. Аладьев В.З., Бойко В.К., Ровба Е.А. Программирование и разработка приложений в Maple. Гродно, Таллин, 2007.

8. Аладьев В.З. Основы программирования в Maple. Таллин, 2006.

9. Алексеев Е. Р., Чеснокова О. В. Решение задач вычислительной математики в пакетах Mathcad 12, MATLAB 7, Maple 9. М: НТ Пресс, 2006, 496с. ISBN: 5-477-00208-5.

10. Аладьев В.З. Системы компьютерной алгебры. MAPLE: Искусство программирования. Бином.Лаборатория знаний, 2006.

11. Дьяконов В.П. Maple 9 в математике, физике и образовании. М.: СОЛОН-Пресс, 2004.

12. Голоскоков Д.П. Уравнения математической физики. Решение задач в системе Maple. С-Пб: Питер, 2004.

13. Дьяконов В.П. Maple 8 в математике, физике и образовании. М.: СОЛОН-Пресс, 2003.

14. Сдвижков О.А. Математика на компьютере: Maple 8, Солон-пресс, 2003.

15. Васильев А. Н. Maple 8. Самоучитель, М.: Диалектика, Вильямс, 2003.

МАТЕМАТИКА

УДК 517.923

# БӨЛЧӨК ТАРТИПТЕГИ ДИФФЕРЕНЦИАЛДЫК ТЕҢДЕМЕЛЕР

Турсунов Д.А.
ф.-м.и.д., проф. ОшМУ
Мамасидиков Э., Турсунбаева Р.Б.
ОшМУнун магистранттары

**Аннотация**. Макала бөлчөк тартиптеги кадимки дифференциалдык теңдемелерди изилдөөгө арналган. Илимде жана техникада дифференциалдык теңдемелердин чоң мааниге ээ кэндиги бизге белгилүү. Адатта дифференциалдык теңдеме дегенде изделүүчү белгисиз функция теңдемеге бүтүн тартиптеги туундулар менен гана катышкан учурун элестетебиз. Бирок, акыркы жылдары бөлчөк тартиптеги дифференциалдык теңдемелерге болгон кызыгуу аябай күчөдү. Бөлчөк туунду (же бөлчөк тартиптеги туунду) –математикалык туунду түшүнүгүнүн жалпыланышы. Бул түшүнүктү жалпылаштыруунун бир нече ар кандай жолдору бар, бирок алардын бардыгы табигый тартипте болгондо кадимки туунду түшүнүгү менен дал келет. Туундунун бөлчөк гана эмес, терс тартибин да карап чыкканда, мындай туундуга адатта дифферинтеграл термини колдонулат. Мындай дифференциалдык теңдемелерде изделүүчү белгисиз функциялардын туундуларынын тартиби бүтүн эмес, бөлчөк болот.

**Негизги сөздөр**: бөлчөк туунду, бөлчөк интеграл, Риман-Лиувилдин бөлчөк туундусу, Риман-Лиувилдин бөлчөк интегралы, Капутонун бөлчөк туундусу, Адамардын бөлчөк туундусу, Адамардын бөлчөк интегралы, туунду, бөлчөк туундулуу дифференциалдык теңдеме, оператор.

# ДИФФЕРЕНЦИАЛЬНЫЕ УРАВНЕНИЯ ДРОБНОГО ПОРЯДКА

Турсунов Д.А.
д.ф.-м.н., проф. ОшГУ
Мамасидиков Э., Турсунбаева Р.Б.
магистранты ОшГУ

**Аннотация.** Статья посвящена исследованию обыкновенных дифференциальных уравнений дробного порядка. Мы знаем, что дифференциальные уравнения имеют большое значение в науке и технике. Обычно, когда мы говорим «дифференциальное уравнение», мы представляем себе случай, когда искомая неизвестная функция входит в уравнение только с производными целого порядка. Однако в последние годы интерес к

дробным дифференциальным уравнениям чрезвычайно возрос. Дробная производная (или производная дробного порядка) является обобщением математического понятия производной. Существует несколько разных способов обобщить это понятие, но все они совпадают с понятием обычной производной в случае натурального порядка. Когда рассматриваются не только дробные, но и отрицательные порядки производной, к такой производной обычно применяется термин дифферинтеграл. В таких дифференциальных уравнениях порядок производных искомых неизвестных функций является дробным, а не целым.

**Ключевые слова**: дробная производная, дробный интеграл, дробная производная Римана-Лиувиля, дробный интеграл Римана-Лиувиля, дробная производная Капуто, дробная производная Адамара, дробный интеграл Адамара, производная, дифференциальное уравнение дробного порядка, оператор.

Илимде жана техникада дифференциалдык теңдемелердин чоң мааниге ээ кэендиги бизге белгилүү. Адатта дифференциалдык теңдеме дегенде изделүүчү белгисиз функция теңдемеге бүтүн тартиптеги туундулар менен гана катышкан учурун элестетебиз. Бирок, акыркы жылдары бөлчөк тартиптеги дифференциалдык теңдемелерге болгон кызыгуу аябай күчөдү. Мындай дифференциалдык теңдемелерде изделүүчү белгисиз функциялардын туундуларынын тартиби бүтүн эмес, бөлчөк болот.

Мисалы,

$y'(x)+y(x)=x+1$ – биринчи тартиптеги кадимки дифференциалдык теңдеме;

$y^{(0,5)}(x)+y(x)=x+1$ – экиден биринчи (бүтүн эмес) тартиптеги кадимки дифференциалдык теңдеме.

Бөлчөк тартиптеги дифференцирлөө жана интегралдоо теориясынын өнүгүүсү жана алардын илимдин ар түрдүү тармактарында колдонулушу бөлчөк тартиптеги дифференциалдык теңдемелердин да теориясынын өнүгүүсүнө өз салымын кошту [1]-[4].

[1]-[4] монографиялар менен макалалардан физика, механика, химия, инженерия жана илимдин жана табият таануунун башка тармактарындагы бөлчөк тартиптеги дифференциалдык теңдемелердин ар кандай колдонулушун, бул тармактардагы эмгектердин библиографиясын табууга болот. Бөлчөк тартиптеги кадимки дифференциалдык теңдемелердин жалпы көрүнүшүн төмөнкүдөй жазууга болот:

$$F[x, y(x), D^{\alpha_1}y(x), D^{\alpha_2}y(x), ..., D^{\alpha m}y(x)] = f(x), \tag{1}$$

мында $x=(x_1,...,x_l)$ – $l$ ченемдүү $\mathbf{R}^l$ ($l\in\mathbf{N}=\{1,2,\dots\}$) Евклиддик мейкиндиктеги чекит, $F[x,y_1,y_2,\dots,y_l]$ жана $f(x)$ – берилген функциялар, ал эми $D^{\alpha_k}$ – $\alpha_k$ тартиптеги бөлчөк тартиптеги дифференцирлөө оператору (мында 0< $\alpha_k$ – чыныгы, же 0<$Re(\alpha_k)$ – комплекстик сан), $k$=1,2,…,$m$.

Тиешелүү сызыктуу теңдемелер төмөнкү көрүнүштө берилет

$$A_0 y(x)+\sum_{k=1}^{m} A_k(x)(D^{\alpha_k}y)(x)=f(x), \qquad (2)$$

мында $A_k(x)$ ($k$=0,1,2…,$m$) жана $f(x)$ берилген белгилүү функциялар.

Бөлчөк тартиптеги кадимки дифференциалдык теңдемелердин арасынан эң көп изилденгени бул Риман-Лиувилдин $D^{\alpha}y=D^{\alpha}_{a+}y$ бөлчөк туундуларын кармаган теңдемелер, мында $a\in\mathbf{R}$. Мындай оң тартиптеги бөлчөк туундулар төмөнкү формуланын жардамында аныкталат:

$$(D^{\alpha}_{a+}y)(x)=\left(\frac{d}{dx}\right)^{n}(I^{n-\alpha}_{a+}y)(x), \quad (a<x;\ n=[\alpha]+1), \qquad (3)$$

мында $I^{\alpha}_{a+}y$ – Риман-Лиувилдин 0<α тартиптеги бөлчөк интегралы:

$$(I^{\alpha}_{a+}y)(x)=\frac{1}{\Gamma(\alpha)}\int_a^x \frac{y(t)dt}{(x-t)^{1-\alpha}} \quad (a<x) \qquad (4)$$

мында Γ(α) – Эйлердин гамма-функциясы.

XX кылымдын 80-жылдарынан баштап төмөнкү барабардык менен аныкталган туундуларды кармаган кадимки дифференциалдык теңдемелер изилдене башталган:

$$({}^{C}D^{\alpha}_{a+}y)(x)=\left(D^{\alpha}_{a+}\left[y(t)-\sum_{k=0}^{n-1}\frac{y^{(k)}(0)}{k!}(t-a)^k\right]\right)(x), \qquad (5)$$

мында $n=[\alpha]+1$, $\alpha\notin N$ жана $\alpha\in N$ болгондо $n=\alpha$.

Эгерде $\alpha\notin N_0$ болсо, анда дифференцирленүүчү $y$ функциялар үчүн төмөнкү формула орун алат:

$$({}^{C}D^{\alpha}_{0+}y)(x)=\frac{1}{\Gamma(n-\alpha)}\int_a^x \frac{y^{(n)}(t)dt}{(x-t)^{\alpha-n+1}}, \qquad n=[\alpha]+1 \qquad (6)$$

Жекече учурда 0<α<1 жана $a$=0 болгон учурда ${}^{C}D^{\alpha}_{0+}y$ оператору төмөнкү көрүнүшкө келет:

$$({}^{C}D^{\alpha}_{0+}y)(x)=\frac{1}{\Gamma(1-\alpha)}\int_0^x \frac{y'(t)dt}{(x-t)^{\alpha}}, \qquad (0<x,\ 0<\alpha<1) \qquad (7)$$

Бул конструкция 1967-жылы италиялык механик М. Капуто тарабынан кийирилген. Ошондуктан (6) жана (7) туундулар Капутонун бөлчөк туундулары деп аталат.

Бүгүнкү күндө бир ченемдүү (2)-дифференциалдык теңдемелер Адамардын $D^{\alpha_k}y={}^H D_{0+}^{\alpha_k}y$ бөлчөк туундулары менен изилдөөлөр жүрүп жатат, мында 0<α – туундунун тартиби. Мындай конструкциялар **R**₊=(0,∞) жарым окто төмөнкү формула менен аныкталат:

$$({}^H D_{0+}^{\alpha}y)(x)=\delta^n(\partial_{0+}^{n-\alpha}y)(x), \qquad (a<x,\ n=[\alpha]+1)$$

(8)

мында $\delta=xD,\ D=d/dx$ – дельта туунду, $\partial_{0+}^{n-\alpha}y$ – 0<α тартиптеги Адамардын бөлчөк интегралы:

$$(\partial_{0+}^{n-\alpha}y)(x)=\frac{1}{\Gamma(\alpha)}\int_0^x(\log\frac{x}{t})^{\alpha-1}\frac{y(t)}{t}dt \qquad (0<x)$$

(9)

Риман-Лиувиллдин бөлчөк туундусун кармаган жөнөкөй теңдемени карайбыз:

$$(D_0^{\alpha}y)(x)=h(x), \quad (0<x), \tag{10}$$

мында α – каалагандай оң сан, $h(x)$ – белгилүү функция, $y(x)$ – изделүүчү функция.

Чыгаруу. (10)- теңдемени чыгаруу үчүн (10)- барабардыктын эки жагына тең Риман-Лиувилдин 0<α тартиптеги (4)- бөлчөк интегралы операторун колдонобуз:

$$y(x)=\frac{1}{\Gamma(\alpha)}\int_0^x\frac{h(t)dt}{(x-t)^{1-\alpha}} \quad (0<x). \tag{11}$$

(11)- функция (10) теңдемени канааттандырат, бирок ал теңдеменин жалпы чыгарылышы боло албайт. Теңдеменин жалпы чыгарылышын жазуу үчүн биз төмөнкү касиетти пайдаланабыз:

1⁰) Эгерде $f(x)$ жана $g(x)$ функцияларынын α тартиптеги ($n-1<\alpha<n,\ n\in N$) туундулары бирдей болсо, анда төмөнкү катыш орун алат:

$$f(x)=g(x)+\sum_{j=1}^{n}c_jx^{\alpha-j}$$ , мында $c_j$ – эрктүү туруктуулар.

Ошондуктан (10)- теңдеменин жалпы чыгарылышы

$$y(x)=\frac{1}{\Gamma(\alpha)}\int_0^x\frac{h(t)dt}{(x-t)^{1-\alpha}}+\sum_{j=1}^{n}c_jx^{\alpha-j} \tag{12}$$

болот, жалпы чыгарылыш [α]+1=$n$ туруктууну кармашы керек. Ал $c_j$ эрктүү туруктуулар баштапкы же чек аралык шарттардан аныкталышы мүмкүн.

Мисалы, эгерде $(D_0^{3/2}y)(x)=x^5$ болсо, анда (12)-нын негизинде

$$y(x)=\frac{1}{\Gamma(3/2)}\int_0^x\frac{t^5dt}{(x-t)^{1-3/2}}+\sum_{j=1}^{2}c_jx^{3/2-j} \text{ алабыз.}$$

Мындан

$y(x)=\frac{1}{\Gamma(3/2)}\int_0^x t^5\sqrt{x-t}dt+c_1x^{1/2}+c_2x^{-1/2}=\frac{\Gamma(6)}{\Gamma(15/2)}x^{13/2}+c_1x^{1/2}+c_2x^{-1/2}$ келип чыгат. Бул жердеги $c_1$ жана $c_2$ турактууларды аныктоо үчүн $(D_0^{1/2}y)(0+)$ жана $(D_0^{-1/2}y)(0+)$ туундулардын маанилери керек болот.

Белгилеп кетүү керек, Капутонун бөлчөк теңдемеси болгон учурда :

$$({}^C D_0^{\alpha}y)(x)=\left(D_0^{\alpha}\left[y(t)-\sum_{k=0}^{n-1}\frac{t^k}{k!}y^{(k)}(0+)\right]\right)(x)=h(x),\ 0<x,\ n-1<\alpha\le n$$

чек аралык шарттар $y^{(k)}(0+)$ бүтүн туундуларды колдонуу менен берилет

Эгерде (10)-теңдемеде $h(t)\equiv 0$ болсо, анда ал теңдеменин чыгарылышы

$$y(x)=\sum_{j=1}^{n}c_jx^{\alpha-j} \text{ болот.}$$

Мисалы,

1) $(\mathrm{D}_0^{4/3}y)(x)=0\Rightarrow y(x)=\sum_{j=1}^{2}c_jx^{4/3-j}=c_1x^{1/3}+c_2x^{-2/3}.$

2) $(\mathrm{D}_0^{7/2}y)(x)=0\Rightarrow y(x)=\sum_{j=1}^{4}c_jx^{7/2-j}=c_1x^{5/2}+c_2x^{3/2}+c_3x^{1/2}+c_4x^{-1/2}.$

## ИНТЕГРАЛДЫК ТЕҢДЕМЕГЕ АЛЫП КЕЛҮҮ

$\alpha\in(0,1)$ бөлчөк тартиптеги теңдеме үчүн Кошинин маселесин карайбыз:

$$(D_0^{\alpha}y)(x)-ay(x)=h(x),\quad (D_0^{\alpha-1}y)(0+)=b. \tag{13}$$

(13)- теңдемеде $H(x)=ay(x)+h(x)$ белгилөө кийирип, төмөнкү көрүнүштө жазып алабыз:

$$(D_0^{\alpha}y)(x)=H(x), \tag{14}$$

мында $H(x)=ay(x)+h(x)$ функцияны азырынча белгилүү деп эсептейбиз.

Анда (14)-теңдеменин жалпы чыгарылышы $\alpha\in(0,1)$ болгон учурда

$$y(x)=\frac{b}{\Gamma(\alpha)}x^{\alpha-1}+(D_0^{-\alpha}H)(x) \text{ болот.}$$

Демек, (13)- Кошинин маселеси

$$y(x)=\frac{a}{\Gamma(\alpha)}\int_0^x \frac{y(t)}{(x-t)^{1-\alpha}}dt+\frac{b}{\Gamma(\alpha)}x^{\alpha-1}+\frac{1}{\Gamma(\alpha)}\int_0^x \frac{h(t)}{(x-t)^{1-\alpha}}dt$$

Вольтерранын экинчи түрдөгү интегралдык теңдемесине тең күчтүү экен.

УДААЛАШ ЖАКЫНДАТУУ МЕТОДУ

$\alpha\in(0,1)$ бөлчөк тартиптеги теңдеме үчүн Кошинин маселесин карайбыз:

$$(D_0^{\alpha}y)(x)-ay(x)=h(x),\quad (D_0^{\alpha-1}y)(0+)=b. \tag{15}$$

Кошинин (15)-маселесин Вольтерранын интегралдык теңдемеси менен алмаштырып алабыз:

$$y(x)=\frac{a}{\Gamma(\alpha)}\int_0^x \frac{y(t)}{(x-t)^{1-\alpha}}dt+y_0(x) \tag{16}$$

мында $y_0(x)=\frac{b}{\Gamma(\alpha)}x^{\alpha-1}+\frac{1}{\Gamma(\alpha)}\int_0^x \frac{h(t)}{(x-t)^{1-\alpha}}dt$ .

Удаалаш жакындатуу методунун идеясына таянып (16)- теңдемени төмөнкү көрүнүштө жазып алабыз:

$$y_m(x)=\frac{a}{\Gamma(\alpha)}\int_0^x \frac{y_{m-1}(t)}{(x-t)^{1-\alpha}}dt+y_0(x),\ m=1,2,3,...$$

Удаалаш ордуна коюуларды аткарабыз:

$m$=1 болгон учурда:

$$y_1(x)=\frac{a}{\Gamma(\alpha)}\int_0^x \frac{y_0(t)}{(x-t)^{1-\alpha}}dt+y_0(x)=b\sum_{k=1}^{2}\frac{a^{k-1}x^{\alpha k-1}}{\Gamma(\alpha k)}+\int_0^x\left(\frac{(x-t)^{\alpha-1}}{\Gamma(\alpha)}\right)h(t)dt,$$

$m$=2 болгон учурда:

$$y_2(x)=\frac{a}{\Gamma(\alpha)}\int_0^x \frac{y_1(t)}{(x-t)^{1-\alpha}}dt+y_0(x)=b\sum_{k=1}^{3}\frac{a^{k-1}x^{\alpha k-1}}{\Gamma(\alpha k)}+\int_0^x\left(\sum_{k=1}^{2}\frac{a^{k-1}(x-t)^{\alpha k-1}}{\Gamma(\alpha k)}\right)h(t)dt,$$

ушул процессти аналогиялуу түрдө улантып жана закон ченемдүүлүктү байкап, төмөнкүнү жазабыз:

$$y_m(x)=b\sum_{k=1}^{m+1}\frac{a^{k-1}x^{\alpha k-1}}{\Gamma(\alpha k)}+\int_0^x\left(\sum_{k=1}^{m}\frac{a^{k-1}(x-t)^{\alpha k-1}}{\Gamma(\alpha k)}\right)h(t)dt$$

жана $m\to\infty$ де $f_m(x)\to f(x)$ экендигин эске алып:

$$y(x)=b\sum_{k=1}^{\infty}\frac{a^{k-1}x^{\alpha k-1}}{\Gamma(\alpha k)}+\int_0^x\left(\sum_{k=1}^{\infty}\frac{a^{k-1}(x-t)^{\alpha k-1}}{\Gamma(\alpha k)}\right)h(t)dt$$

алабыз. Натыйжада коюлган маселенин чыгарылышы Миттаг-Леффлердин формуласы аркылу жазылат деген тыянакка келебиз:

$$y(x)=bx^{\alpha-1}E_{\alpha,\alpha}(ax^{\alpha})+\int_0^x(x-t)^{\alpha-1}E_{\alpha,\alpha}(a(x-t)^{\alpha})h(t)dt.$$

Жекече учурда $\alpha=1/2$ болгон учурда, б.а.

$$(D_0^{1/2}y)(x)-ay(x)=h(x),\quad (D_0^{-1/2}y)(0+)=b \tag{17}$$

(4)- маселенин чыгарылышы

$$y(x)=\frac{b}{\sqrt{x}}E_{\frac{1}{2},\frac{1}{2}}(a\sqrt{x})+\int_0^x\frac{h(t)}{\sqrt{x-t}}E_{\frac{1}{2},\frac{1}{2}}(a\sqrt{x-t})dt \text{ болот.}$$

Эгерде теңдеменин тартиби $1<\alpha<2$ болсо, б.а.

$$(D_0^{\alpha}y)(x)-ay(x)=h(x),\quad (D_0^{\alpha-1}y)(0+)=b,\ (D_0^{\alpha-2}y)(0+)=c \tag{18}$$

(18)- маселенин чыгарылышы

$$y(x)=bx^{\alpha-1}E_{\alpha,\alpha}(ax^{\alpha})+cx^{\alpha-2}E_{\alpha,\alpha-1}(ax^{\alpha})+\int_0^x(x-t)^{\alpha-1}E_{\alpha,\alpha}(a(x-t)^{\alpha})h(t)dt$$

болот.

**АДАБИЯТТАР**


1. Oldham K.B., Spanier, J. The Fractional Calculus. New York-London: Academic Press. 1974.

2. Самко С.Г., Килбас А.А., Маричев О.И. Интегралы и поизводные дробного порядка и некоторые их приложения. Минск: Наука и техника. 1987. Samko S.G., Kilbas A.A., Marichev O.I. Fractional Integrals and Derivatives. Theory and Applications. New York: Gordon and Breach. 1993. (Расширенное и дополненное русское издание).

3. Miller K.S., Ross B. An Introduction to the Fractional Calculus and Fractional Differential Equations. New York: John Wiley and Sons. 1993.

4. Carpintery A., Mainardi F. (Eds.) Fractals and Fractional Calculus in Continuum Mechanics. CIAM Cources and Lectures. Vol. 376. Wien: Springer. 1997.

ИНФОРМАЦИОННЫЕ ТЕХНОЛОГИИ

УДК: 004.942

# ANYLOGIC ИМИТАЦИЯЛЫК МОДЕЛДӨӨ ЧӨЙРӨСҮНДӨ СОРТТООЧУНУН МОДЕЛИН ИШТЕП ЧЫГУУ

Чамашев Марат Какарович
доцент ОшМУ
marat2771@mail.ru,
Абдыраимов Жумадил Аскарович
магистрант ОшМУ

**Аннотация:** Макалада сорттоочунун моделдөө ыкмасы сунушталат. Ош шаарындагы бир ишкананын имитациялык моделин түзүү максаты коюлат. Ага жетүү үчүн милдеттери аныкталган. Аларды чечүү үчүн AnyLogic моделдөө чөйрөсү тандалган. Имитациялык эксперимент жүргүзүүдө кийрүү параметрлери талап кылынат, алынган моделдөө натыйжаларын талдоо, аларды күтүлгөн көрсөткүчтөр менен салыштыруу жана сорттоочунун ишин оптималдаштыруу үчүн зарыл жыйынтыктарды чыгаруу көрсөтүлөт. Бул долбоордун визуализациясы транспорт тармагынын түрүнө ылайык жүргүзүлдү, анда жолдор- каналдар, ал эми сигналдарды түзүү жана иштетүү чекиттери- баштапкы жана аяктоочу чекиттер болуп саналат. AnyLogic тутумунун ийкемдүүлүгүнүн жана күчтүү арсеналынын аркасында татаал системаларды моделдөөгө жана моделдөөнүүчү система жөнүндө тиешелүү маалыматтарды чогултууга болот, бул системанын реалдуулукта жүрүм-турумун болжолдуу түрдө аныктоого мүмкүндүк берет.

**Ачкыч сөздөр**: anylogic, моделдөө, окшоштуруу модели, сыноо

# РАЗРАБОТКА МОДЕЛИ СОРТИРОВЩИКА В СРЕДЕ ИМИТАЦИОННОГО МОДЕЛИРОВАНИЯ ANYLOGIC

Чамашев Марат Какарович
доцент ОшГУ
marat2771@mail.ru,
Абдыраимов Жумадил Аскарович
магистрант ОшГУ

**Аннотация:** В статье представлен метод моделирования сортировщика. Цель – создать имитационную модель предприятия в Оше. Определены задачи для ее достижения. Для их решения была выбрана среда моделирования AnyLogic. При проведении имитационного эксперимента требуются входные параметры, проводится анализ полученных результатов моделирования, их сравнение с ожидаемыми показателями и

делаются необходимые выводы для оптимизации работы сортировщика. Визуализация данного проекта была произведена по типу транспортной сети, в которой пути – это каналы, а точки генерации и обработки сигналов – это начальные и конечные пункты. Благодаря гибкости и мощному арсеналу системы AnyLogic возможно моделирование сложных систем и сбор соответствующей информации о моделируемой системе, что позволяет примерно определить поведение системы в реальности

**Ключевые слова**: anylogic, моделирование, имитационная модель, испытания.

Коомдун өнүгүүсүнүн азыркы этабында моделдөө инструменттерине кызыгуу өсүүдө. Бул моделдөө тутумдарынын олуттуу технологиялык өнүгүүсүнө байланыштуу, алар бүгүнкү күндө эң акыркы арсеналды өзүнө сиңирген күчтүү аналитикалык курал болуп саналат.

Имитациялоо(окшоштуруу) модели - бул керектүү түрдө болуп жаткан процесстердин параметрлеринин жыйындысын жана деталдын деңгээлине коюлган тапшырмаларды окшоштуруп көрсөтүүгө мүмкүнчүлүк берген атайын программа.

Моделди түзүүнун натыйжасында, жасалма процесстер жөнүндө статистикалык маалымат автоматтык түрдө чогултулат.

Имитациялык моделдөөдө, баарынан көп үч негизги ыкма колдонулат: дискреттик-окуялык моделдөө, тутумдун динамикасы жана агенттерге негизделген моделдөө.

Бул макала AnyLogic моделдөө чөйрөсүндө сорттоочу моделди иштеп чыгууну сунуштайт. Сорттоочу өндүрүштө материалдарды кайра иштетүү жана сорттоо процессинин маанилүү элементи болуп саналат. Бул моделдин максаты сорттоо процессинин натыйжалуулугун изилдөө жана өндүрүштүн натыйжалуулугун жогорулатуу үчүн анын параметрлерин оптималдаштыруу болуп саналат.

Моделди иштеп чыгуу үчүн окшоштурууга негизделген ыкма колдонулган. AnyLogic деталдары жана татаалдыгы ар кандай деңгээлдеги окшоштуруулуучу моделдерди түзүү үчүн кеңири мүмкүнчүлүктөрдү камсыз кылат.

Сорттоочу модели бир нече негизги компоненттерден турат:

1. Материалды берүү: Модель материалды сорттоо үчүн берүү механизмин камтыйт.

2. Сорттоочу конвейер: Конвейер сорттоо процессинин негизги элементи болуп саналат, мында материал сорттоонун ар кандай этаптарынан өтөт.

3. Сенсорлор жана сорттоо механизмдери: Модель материалдын мүнөздөмөлөрүн аныктоо үчүн сенсорлорду жана анын касиеттерине жараша материалды керектүү багытка багыттоо үчүн сорттоо механизмдерин ишке ашырат.

4. Көзөмөлдөө жана мониторинг: Сорттоо процессин оптималдаштыруу үчүн модель башкаруу жана аткарууну көзөмөлдөө механизмдерин камсыз кылат.

Тигил же бул жол менен биз складдарга сорттоочу түзүлүштөрдү киргизүү зарылдыгын аныктай алмакпыз. Бирок бул муктаждык кайдан келип чыгат жана аларды киргизүүнүн жалгыз себеби онлайн соода беле деген суроо жаралбай койбойт. Андыктан, келгиле, бул маселе боюнча билимди бир аз системалаштырууга аракет кылалы.

Сорттоочуларга суроо-талаптын көбөйүшүнүн себептеринин бири болуп, жеткиликтүү продукциянын ассортиментин дайыма көбөйтүп, жеткирүү убактысынын кыскарышы (E-COM) саналат, натыйжада сорттоо ыкмаларын ишке ашыруу зарылчылыгы келип чыгат. Өзүңүзгө туура ыкманы тандоо үчүн, кээ бир систематиканы киргизүү керек.

Сорттоо жасалышы мүмкүн болгон жолдор аныкталган:

• түзмөктөрдүн же алгоритмдердин жардамында менен кол менен жасалуучу;

• жарым автоматтык, мында адамдын эмгеги механизациянын элементтери менен толукталат;

• автоматтык түрдө, IN & OUT агымдары алыстатылган түрдө иштетилет.

Сорттоо процесстери муктаждыгына жараша төмөнкүлөргө бөлүнөт:

• бөлүм (мисалы, буйрутма түрү, таңгактоо);

• консолидация (мисалы, багыттар жана маршруттар);

• иерархия (мисалы, ABC категориясы, рейтинг);

• текшерүү жана көзөмөлдөө (мисалы, READ-NO READ, сапатты көзөмөлдөө, жеткирүүчүлөр).

Бардык сорттоо системалары технологияга мүнөздүү белгилүү бир калыпта тапшырманы аткаруу үчүн зарыл болгон бир нече негизги процесс элементтерине ээ болушат.

| **Кийрүү** | **Даярдоо** | **Верификация** | **Сорттоо** | **Артка тартуу** |
|---|---|---|---|---|
| Коддоо<br>салмактоо<br>ыйгаруу | Консолидация<br>Бөлүү<br>багытто | Саноо<br>Ээлик кылуу | Кийрүү<br>Бөлүштүрүү<br>топтоо | Буферди тазалоо<br>Транспорт<br>Таңгактоо |

Биз сорттоо технологиясын тандап жатканда, төмөнкүлөрдү эске алуу менен тандоонуу уюштуруубуз керек:

Диапазонго карата: сорттоо, консолидациялоо

Системага байланыштуу күтүүлөр боюнча: өткөрүү жөндөмдүүлүгү, бөлүү жолдорунун саны, буфердик сыйымдуулук, кампадагы бош орундардын санын эске алуу менен.

Сорттолуучу товарларга карата болсо: өлчөмдөрү жана салмактарын эске алып, товардын морттугуна карап, тартылуу борбору да эске алынат жана сүрүлүү коэффициенти да мааниге ээ.

Ал эми ишти уюштуруу жагдайында болсо: өткөрүү жөндөмдүүлүгү, иш убактысы, саны, топтоо сааттары, кампадагы бош орундуктар, буферлердин сыйымдуулугу жана аларды бошотуу жыштыгы сыяктуу маселелер эске алынат.

Айлана-чөйрө шарттары:

• күйүүчүлүк касиеттери

• нымдуулук

• температура

• ызы-чуу жаратуу жүктөмү

Ошону менен катар экономикалык шарттары да каралуусу керек, мисалы:

• болжолдуу ROI жана бюджет

• убадаланган жеткирүү убактысы

• эмгек ресурстарынын болушу

Рынокто сорттоочу аппараттар абдан көп жана биз колдонуучулар же пландоочулар катары: "Колдо болгон түзмөктөрдүн кайсынысы менин кампамдагы ролун эң натыйжалуу аткарат?" деген жагдайга туш болобуз.

Тырмакча ичиндеги "эң эффективдүү" деген сөз тандоо учурунда негизги мааниге ээ болуп саналат, анткени приборлордун параметрлерин, мисалы, алардын механикалык сыйымдуулугун карап жатканда, биз эң эффективдүү түзүлүш туура деп эсептейбиз. Мындай "азгырыктарга" алдырбоо жана процесстин натыйжалуулугуна таасир этүүчү түзүлүштөрдүн курамдык бөлүктөрүн жакшыраак түшүнүү үчүн, биз дагы бир систематиканы киргизебиз. Бул жолу биз сорттоо ыкмасын эске алып, ошол эле учурда алардын ар биринин негизги функционалдуулугун сүрөттөп беребиз.

4. Требования к веб-сайтам государственных органов и органов местного самоуправлении Кыргызской Республики. Приложение, утвержденный распоряжением Кабинета Министров Кыргызской Республики от 17 февраля 2023 года № 59-р.

ИНФОРМАЦИОННЫЕ ТЕХНОЛОГИИ

УДК 004.621.377.6

# МОБИЛДИК ТИРКЕМЕЛЕР ЖАНА АЛАРДЫ ОКУУ ПРОЦЕССИНДЕ КОЛДОНУУ

Шамшиева Гүлмира Асилидиновна
улук окутуучу ОшМУ
gshamshieva@oshsu.kg,
Гаипова Сүйүта Адамзатовна
окутуучу ОшМУ
sgaipova@oshsu.kg

**Аннотация:** Бул макалада мобилдик тиркемелерди билим берүү системасында колдонуу жана аны окуу процессинде эффективдүү пайдалануу,  бул жааттагы жолдорду кеңейтүү каралат. Мобилдик окутуу классикалык билим берүү процессинин алкагында студент менен мугалимдин өз ара аракеттенүүсүн сактоо жана виртуалдык компонентти кошуу жолу катары каралат. Билим берүүдө колдонулуучу мобилдик тиркемелердин артыкчылыктары жана аларды колдонуудагы көйгөйлөр (техникалык мүнөздөгү) берилген. Мазмундук жана функционалдык өзгөчөлүктөрүнүн негизинде мобилдик тиркемелерди классификациялоо берилген жана тандоонун негизги критерийи ишенимдүүлүк болушу керек. Информатика, математика, тил ж.б. сабактарды окутууда колдонулуучу тиркемелердин мисалдары келтирилген.

**Ачкыч сөздөр:** мобилдик окутуу, мобилдик тиркеме, мобилдик технологиялар, дистанттык билим берүү.

# МОБИЛЬНЫЕ ПРИЛОЖЕНИЯ И ИХ ИСПОЛЬЗОВАНИЕ В УЧЕБНОМ ПРОЦЕССЕ

Шамшиева Гүлмира Асилидиновна
старший преподаватель ОшГУ
gshamshieva@oshsu.kg,
Гаипова Сүйүта Адамзатовна
преподаватель ОшГУ
sgaipova@oshsu.kg

**Аннотация:** В данной статье рассматривается использование мобильных приложении в образовательной системе и его эффективного использования в процессе обучения, расширение путей в этой области. Рассматривается мобильное обучение как подход, при сохранении взаимодействия между студентом и преподавателем в рамках классического учебного процесса и добавлении виртуального компонента.

Предъявлены преимущества мобильных приложений для обучения и проблемы (технического характера) использования. Приведены классификации используемых в обучении мобильных приложений на основе содержательного и функционального признаков, главным критерием выбора которых должна быть надежность. Представлены примеры приложений, используемых при обучении информатике, математике, языку и пр.

**Ключевые слова:** мобильное обучение, мобильное приложение, мобильные технологии, дистанционное образование.

*Киришүү.* Мобилдик, маалыматтык технология адам баласынын жашоосун өтө тездик менен кескин түрдө өзгөртүп жатат жана ал биздин жаңы нерселерди үйрөнүү, маалыматтарды алуу жолдорубузду да аябай өзгөртүп салды. Ошондуктан, учурда маалыматтык жана телекоммуникациялык технологиялардын билим берүү тармагында ролу абдан жогорулап бара жатат. Бүгүнкү күндө 6 миллиарддан ашык адам тармакка туташкан мобилдик телефон, компьютер, ноутбук, планшет ж.б түзүлүштөр аркылуу интернетке кирүү мүмкүнчүлүгүнө ээ. Портативдик эсептөөчү зымсыз тармактары бар түзүлүштөрдү (мисалы, iPad, ноутбуктар, планшеттер, компьютерлер, PDAлар жана смартфондор) колдонуу мобилдүүлүктү жана мобилдик үйрөнүүнү камсыздайт, о.э. бул үйрөтүүнү жана окутууну салттуу класстан тышкаркы мейкиндиктерге кенен жайылтууга мүмкүндүк берет. Маалыматтык технологиялар окуу процессин уюштурууда өзгөртүүлөрдү киргизүү зарылдыгын жаратат жана ошол эле учурда буга мүмкүнчүлүк берет. Анткени электрондук (виртуалдык) компонентти киргизүү аркылуу мугалим бара-бара жөнөкөй лектордон студенттерди кызыктыра турган жана мотивациялай турган жол менен, алардын жаңы көндүмдөрдү, билимдерди алуусунун уюштуруучусуна айланат. М.Азизежад, М.Хашеминин ж.б айтымында, [7, б. 2477], электрондук окутуу (e-learning) жана мобилдик түзүлүштөрдүн күнүмдүк жашоодогу ролунун жогорулашы мобилдик окутуу (МО) деп аталган окуунун жаңы ыкмасынын пайда болушуна алып келди. Ошол эле учурда окутуунун жана окуунун сапатын жогорулатуу үчүн олуттуу потенциалга ээ болгон мобилдик тиркемелер (МТ) - МОнун эң маанилүү компоненти болуп саналат. Бул макалада мобилдик тиркемелердин окуу процессинде, билим берүү системасында колдонулушу жана аны окуу процессинде эффективдүү пайдалануу, бул жааттагы жолдорду кеңейтүү, мобилдик тиркемелердин маанилүүлүгү, алардын түрлөрү, натыйжалуулугу ж.б. каралат.

**Изилдөө методдору жана материалдар.**

***Мобилдик окутуу***

Бул макалада негизги түшүнүк мобилдик окутуу (МО), ошондуктан, анын маанисин аныктоо маанилүү болуп саналат. Education Technology Solutions журналында жарыяланган макалага ылайык [11, б. 55-56], МО- бул мобилдик жана маалыматтык-

коммуникациялык технологияларды колдонуу менен, каалаган убакта жана каалаган жерде окуу чөйрөсүн түзүүнүн салттуу эмес бир жолу. Н.Хокли [8, с. 81] мобилдик окутууну, класстын ичинде жана сыртында формалдуу жана формалдуу эмес окутууну айкалыштырган ыкма катары аныктайт, б.а. МО – бул окуу чөйрөсү билим берүү мекемесинин хронотопу менен чектелбестен, бардык жерде жана каалаган убакта колдонула берүүчү ыкма. Ошол эле учурда окуучу менен мугалимдин өз ара аракеттенүүсү классикалык билим берүү процессинин алкагында да, виртуалдык түрдө да ишке ашырылышы мүмкүн, бул класста формалдуу окутууну жана андан тышкаркы формалдуу эмес окутууну айкалыштырууга мүмкүндүк берет.

Класста мобилдик түзүлүштөрдү колдонуудан мурда, МОну колдонуунун артыкчылыктары да, кыйынчылыктары да бар экендигин эске алуу керек. М.Азизежад, М.Хашеми ж.б.дын айтымында, [7, б. 2479], окуу процессинде мобилдик түзүлүштөрду пайдалануу мугалимдер жана студенттер үчүн компьютердик түзүлүштөрдү пайдаланып салттуу окутууга салыштырмалуу бир катар артыкчылыктарга ээ. Мисалы, МОну колдонуу студенттер менен мугалимдин ортосундагы өз ара аракеттенүүнүн сапатын жакшыртууга алып келет: байланыш форматы салттуу форматка көбүрөөк окшош болуп калат. Катышуучулар компьютер мониторлорунун артына жашынбастан, жандуу баарлашууга тартылышат. Мындан тышкары, мобилдик түзүлүштөрдү колдонуу жана жайгаштыруу компьютерлерге же ноутбуктарга караганда оңой. Мобилдик түзүлүштөр компьютерлерге же мониторлорго караганда жеңилирээк жана тапшырмаларды бөлүшүүнү жана башка студенттер же мугалим менен электрондук кат жөнөтүү, текстти кесип алуу жана көчүрүү аркылуу иштөөнү жеңилдетет. Мындан тышкары, мобилдик аппараттар аралыктан окутууда да түрдүү тиркемелер жардамында байланыш үчүн, тапшырмаларды алуу, аткаруу, бири-бирине жеке өзүнө же топко жөнөтүүдө, видео-аудио байланышка чыгууда ыңгайлуу каражат катары колдонулууда.

Экинчи жагынан, мугалимдер жана студенттер окутууда жана окууда мобилдик түзүлүштөрдү, анын ичинде чакан экрандарды колдонуу көйгөйлөрүн, мисалы андагы маалыматтын көлөмүн чектөө, маалыматтарды көрүү, окуу ыңгайсыздыгы, көздүн көрүүсүн начарлатуу, аппараттын батареяларынын кубатынын түгөнүп калуусу ж.б да көйгөйлөрүн эске алышы керек. Студенттер аппаратты билим берүү максатында колдонуудан мурун батареянын толук заряддалганын текшериши керек, о.э. кээ бир мобилдик түзүлүштөр Wi-Fi зымсыз тармагынан, мобилдик интернеттен көз каранды жана байланышуу, маалымат алуу, жиберүү ж.б. кызматтарды интернетсиз колдонууга болбой тургандыгын эске алышы керек. [7, б. 2479].

*Мобилдик тиркемелер*

МОну колдонуу менен байланышкан бир катар көйгөйлөргө карабастан, ал билим берүү тармагында абдан популярдуу болуп калды. Бул ыкманын таралышы биринчи кезекте МТ менен байланыштуу, анткени аларды каалаган жерде жана каалаган убакта колдонууга мүмкүн. Тиркемелердин саны жыл сайын өтө тездик менен көбөйүүдө жана 2012-жылдагы изилдөөлөргө ылайык [9, б. 54–57; 13], бардыгы болуп 454 966 колдонмо, 385 969 оюнсуз тиркеме бар болсо, 2021-жылы басып чыгаруучулар 2 миллион жаңы мобилдик тиркемелерди жана оюндарды чыгарышып, алардын жалпы санын 21 миллионго жеткиришти. Чыгарылгандардын 77% Google Play'деги колдонмолор. 2021-жылы колдонуучулар мобилдик тиркемелерде рекорддук 3,8 триллион саат, ал эми 10 ири рынокто күнүнө 4,8 саат өткөрүшкөн. Дүйнө жүзү боюнча МТ га жалпы чыгым 170 миллиард долларды түздү, бул 2020-жылга салыштырмалуу 19%га көп. Жыл ичинде жүктөөлөрдүн көлөмү 5% га өсүп, 230 миллиард жүктөмөгө жетти. Бул көрсөткүчтөр МТ нын аябай популярдуу болуп кеткенинин далили.

Бир катар сөздүктөрдө "тиркеме" термини компьютердик программа катары аныкталат. П. Кристенссон [2] тиркемени компьютердик программа катары аныктайт, мисалы, электрондук почта, оюндар, утилиталар ж.б., бирок, мобилдик тиркеме (приложения) жөнүндө сөз болгондо, көпчүлүк сөздүктөр аны мобилдик программа катары аныкташат. Оксфорд сөздүгүндө тиркеме – бул адам (колдонуучу) тарабынан интернеттен жүктөлүп алынган жана мобилдик түзүлүшкө орнотулган программа катары аныкталат [4]. Dictionary.com сайтына ылайык, МТ- бул кичинекей программалык камсыздоо, өзгөчө мобилдик телефонго орнотулган программалык камсыздоо [3].

Тиркемелерди класста колдонуудан же аларды окуучуларга көрсөтүүдөн мурда окутуучу же мугалим ар кандай типтеги тиркемелерди окуу процессине кантип интеграциялоону так түшүнүшү керек. К.Шипмандын айтымында [16, б. 32–33], билим берүү МТсынын ар кандай түрлөрү бар:

● берилгенге жаңы маалыматты кошо ала турган мазмундук тиркемелер (контенттик колдонмолор (content apps));

● студенттерге, окуучуларга маалыматты чогултууга жана сактоого жардам берген практикалык колдонмолор (fieldwork apps);

● үн жана визуалдык тиркемелер, мында студенттер, окуучулар башка адамдардын сүйлөгөнүн уга алышат же өздөрү жаздыра алышат (sound and vision apps);

● студенттерге, окуучуларга карталар жана жерлер жөнүндө маалымат берүүчү, карталарды түзүү колдонмолору (mapping apps);

● студенттер, окуучулар өз жумуштарына маалымат кошуу жана өз сүрөттөрүн жакшырта ала турган чыгармачыл колдонмолор (creative apps);

Андан сырткары МТ ларды функциялардын санына жараша эки топко классификациялоого болот:

1. бир функциялуу тиркемелер (single function apps);

2. бир нече функциялуу тиркемелер (multiple function apps). Мисалы, МР Epocrates дары-дармектер жана медициналык калькуляторлор жөнүндө маалыматтарды камтыйт [6, б. 3136]. Бул технология инструкциянын жаңы тиби катары же теманы жетектөө үчүн колдонулушу мүмкүн.

Ф.Хэддже жана С.Латтенмандын эмгектери боюнча МТнын эффективдүүлүгүн баалоо үчүн үч параметр бар: ылдамдык, ишенимдүүлүк жана жөнөкөйлүк (speed, security, simplicity) [10, б. 121]. МТ ылдамдыгы студенттерге жана мугалимдерге ар кандай түзүлүштөрдөн тиркемелерди колдонуу мүмкүнчүлүгүн берүү менен тезирээк жана натыйжалуу иштөөгө мүмкүндүк берет; ишенимдүүлүк параметри бул МТны колдонгон адамдар берилген тапшырмаларды натыйжалуу аткара аларын жана материалды өздөштүрүүдө өздөрүнүн жөндөмдүүлүктөрүн ишенимдүү сезе аларын камсыздайт; жөнөкөйлүк параметри МТны колдонуу канчалык оңой жана эффективдүү экендигин аныктайт.

Окуу куралы катары МТ тандоодо бир катар баалоо критерийлерин эске алуу керек. Д.Нисбет жана Д.Остин [12, с. 1–7] төмөнкү критерийлерди колдонушат:

1) практикалык (практичность);

2) жеткиликтүүлүк (доступность);

3) колдонуунун жөнөкөйлүгү (удобство использования);

4) сапат (качество).

МПны колдонуудан мурун студенттер жана мугалимдер анын ишенимдүүлүгүнө баа бериши керек жана МТ нын авторун билүү да маанилүү. МТ тиешелүү маалыматтардын баарын камтышы керек, анткени кээ бир тиркемелерди башка өлкөдө колдонууга болбойт же чет өлкөлүк колдонуучуга тиешеси жок маалыматтарды камтышы мүмкүн. Визуалдык эффекттер МТны тандоонун дагы бир маанилүү критерийи болуп саналат, анткени алар мугалимдер жана студенттер үчүн колдонууга ылайыктуу жана жеңил болушу керек [9, б. 54–57]. Мындан тышкары, изилдөөчүлөр МТ нын баа боюнча критерийлеринин классификациясын да беришет:

1) бекер көчүрүп алса болот жана бардык колдонуучуларга жеткиликтүү МТлар;

2) МТнын акы төлөнүүчү жана бекер версиялары (б.а. акысыз версияда сиз төлөшүңүз керек болгон кошумча функциялар да болушу мүмкүн);

3) минималдуу же олуттуу баасы менен МТ;

4) өз окуу жайынын атынан жазылганда гана колдонуучуларга мүмкүнчүлүк берген МТ лар. Бирок, МТ лардын акы төлөнүүчү версиясын тандоодо, аларды сатып алардан мурун сынап көрүү абдан кыйын. Сатып алуучулардын мурунку комментарийлери да тандап алууда пайдалуу болушу мүмкүн, чечим кабыл алууда сиз көбүнчө тиркеменин сыпаттамасын жана скриншотторун колдонсоңуз болот [6, б. 3136–3138]. Мындан тышкары, Д.Сисай [15, с. 55–60] сүрөттү, колдонмонун сүрөттөмөсүн, мазмунду жана тиркемеге навигацияны камтыган окутуучу МТ ларды тандоо критерийлеринин кеңейтилген тизмесин колдонгон. Аталган изилдөөлөргө ылайык, МТ ларды тандоонун эң кеңири таралган критерийлери болуп баа, колдонууга ыңгайлуулук, ишенимдүүлүк, визуалдык элементтер жана мазмун саналат деп жыйынтыктоого болот. Башка жагынан алганда, билим берүү максаттары үчүн МТ тандоодон мурун, аны ким жана кандай максаттарда колдонуу керек экенин карап чыгуу абдан маанилүү.

*Билим берүүдөгү мобилдик тиркемелер*

Тиркемелер медицина, математика, информатика, тил жана география сыяктуу билим берүүнүн дээрлик ар кандай тармактарында колдонулушу мүмкүн. МТ аралыктан окутууда да пайдалуу болушу мүмкүн, бул Ф.Хаддже жана С.Латтенмандын изилдөөсүндө көрсөтүлгөн [10, б. 119–128], анда немис тилин үйрөнүүчүлөрдүн 70% жана австралиялык тил үйрөнүүчүлөрдүн 85% окутуу процессинде МТ колдонуунун натыйжалуулугун тастыкташкан. О.Франко жана Т.Тиррелл (2012) МТ лер медициналык практикада колдонулушун изилдешкен. МТны колдонуу медициналык практикага жаңы технологияларды киргизүүгө өбөлгө түзөт экен. Бирок, Франко менен Тирреллдин изилдөөсү [6, б. 3135–3139] МТ ларды медициналык практикада кантип колдонсо болорун түшүндүрбөйт. Мындан тышкары, МТ жаратылыш кубулуштарын көрсөтүү үчүн курал катары колдонулушу мүмкүн. Мисалы, К.Шипман [16, б. 32–33] жер титирөөнүн факторлорун көрсөтүү үчүн география сабактарында МТ колдонот, мисалы, титирөөнүн күчү же эпицентрдин тереңдиги. Мындан тышкары, ал тапшырмалардын ар кандай формаларын колдонот, ошондой эле жеке, жуптук жана топтук иштерди айкалыштырат.

МТ студенттердин мотивациясын жогорулатып, окутулуучу курсту студенттер үчүн кызыктуураак кыла алат. А.Дригас жана М.Паппас боюнча [5, б. 18–23], МТ арифметика, маселе чыгаруу көндүмдөрүн жана математика үчүн талап кылынган башка көндүмдөрдү жакшыртууга, ошондой эле окуучулардын катышуусун жогорулатууга жана математика классында салттуу эмес окуу чөйрөсүн түзүүгө жардам берет. Мындан тышкары, студенттер тесттерди иштөө жана текшерүү иштерин бүтүрүү, сабактын мазмунун жүктөп алуу үчүн классташтары же мугалимдери менен баарлашуу үчүн МТ колдонушат.

Ф.Хэддже жана С.Латтенман [10, б. 119–128] окутууда колдонула турган бир катар МТларды сунушташат:

- Kindle - окуу, китептерди жүктөө ж.б. үчүн колдонулушу мүмкүн;
- Pages - текстти түзүү жана башкаруу үчүн колдонулушу мүмкүн;
- Gmail жана Calendar- байланышуу жана графиктерди бөлүшүү үчүн колдонулушу мүмкүн;
- Sites- өз алдынча жаңы сайттарды түзүү үчүн колдонулат;
- Mental Note- эскертүүнү терүү, сүрөт тартуу, сүрөттөргө сөз кошуу;
- Khan Academy- Бул колдонмо математика, информатика, музыка жана башка предметтер боюнча 4000ден ашык билим берүүчү видеолорду камтыйт;
- Duolingo- чет тилдерди үйрөнүү үчүн тиркеме. Ал сүрөттөрдү алардын маанилери менен дал келтирип, үйрөнүшүңүз керек болгон сөздөрдү көрсөтөт. МТ француз, испан, италия, португал жана башка тилдерди үйрөнүүгө жардам берет;
- Scribd- 1 миллиондон ашык китептерди, аудиокитептерди жана башка академиялык документтерди камтыйт. МТ мурунку кызыгууңузга негизделген жаңы китептерди сунуштай алат;
- LinguaLeo - бул англис тилин үйрөнүү үчүн МТ болуп саналат.

Тилди окутууда жана үйрөнүүдө МТны колдонуу жөнүндө айта турган болсок, бул багытта жетиштүү изилдөөлөр жүргүзүлбөгөндүгүн белгилей кетүү керек. Кээ бир МТ лар тилден жабыркаган студенттерге жазуу, окуу жана сүйлөө сыяктуу сабаттуулук көндүмдөрүн үйрөнүүгө жардам берүү үчүн колдонулат. К.Бозер жана С.Уэйланд [1, с. 22] жети тиркемени карап чыкты, анын ичинде VizZle, Crack the books, AutltsMate, Avaz, Clicker Sentences жана Clicker Docs жана Abilipad, алар студенттерге жеткиликтүү, көркөм сүйлөө жана жазуу көндүмдөрүн, ошондой эле кабыл алуу, окуу жана угуу көндүмдөрүн өнүктүрүүгө жардам берет. Мисалы, Crack the books - бул 1-8- класска чейинки бардык жөндөмдүүлүктөр үчүн бир катар китептерди камтыган интерактивдүү МТ. Бул китептерде сонун сүрөттөр, анимациялар, видеолор жана билим берүүчү маалыматтар бар. МТ англис тилин окутууда жана үйрөнүүдө, айрыкча студенттердин сөз байлыгын жогорулатууда колдонулат. Д.Нисбет жана Д.Остин [12, с. 1–7] сөздүктөр, котормочулар, карточкалар ж.б. камтыган МТ лар студенттердин сөз байлыгын натыйжалуу жогорулатат деп эсептешет. Мисалы, Dictionary.com колдонмосу студенттерге сөздүн маанисин билүүгө гана жардам бербестен, айтылышын, идиомаларды, оюндарды ж.б.ды сунуштайт. Мындан тышкары, класста окутуучу жаңы МТ көрсөтүү менен чектелбестен, окуучулар бул МТны натыйжаларды жакшыртуу жана окуу максаттарына жетүү үчүн кантип колдонсо болорун түшүндүрүү жана көрсөтүү зарыл [12, б. 1–7].

Биздин окуу жайда да МТ ны окуу процесинде активдүү колдонушат. Ар бир мугалим өз предметин окутууда сөзсүз түрдө кайсы бир МТ пайдаланат. Факультетибизде студенттерге сабактардын жадыбалын билүү үчүн, окуу акысын төлөө, сабактардан сынактарды тапшыруу баллын көрүү ж.б.окуу процессине байланышкан жумуштарга байланыштуу "ОшМУ-Студент", мугалимдер үчүн журнал толтуруу, студенттерди жоктоо, жумушчу программаны пайдалануу ж.б бардык тиешелүү окуу жумуштары үчүн "ОшМУ-преподаватель" МТ ларын активдүү колдонуп жатышат. Бул да өз кезегинде окуу процессинин ишин бир кыйла жеңилдетүүдө.

*Корутунду.*

Мугалимдер окуучуларды мотивациялоо жана дем берүү үчүн класста ар кандай жаңы технологияны, ыкманы колдонушат. Ар бир окуу жайлар, мектептер окуу процессинин жумушун жеңилдетүү үчүн студенттер, окуучулар, мугалимдер үчүн ыңгайлуу МТларды иштеп чыгышууда. Акыркы жылдары мобилдик окутуунун популярдуулугу тынымсыз өсүүдө [11, б. 55–56; 8, б. 80–84]. Ушул себептен улам, мугалимдер МТ ны математика, медицина, география, химия, биология, физика, информатика, тил сыяктуу бардык билим берүү тармактарына киргизип, демонстрациялоо, сабактын темасына кошумча маалыматтарды кошуу же окуу процессинин салттуу эмес форматын түзүүдө, окуучулар, ата-энелери менен кайтарым байланыш түзүүдө активдүү колдоно башташты. Студенттер, окуучулар үчүн ар кандай татаалдыктагы үй тапшырмаларын аткаруу, бардык предметтерден кошумча даярдануу, ОРТга, сынактарга даярдануу, кайтарым байланышка жеңил чыгуу МТларды пайдалануу менен өзүнүн жакшы натыйжасын берүүдө. Башка жагынан алганда, билим берүү тармагында МТ колдонуунун көптөгөн артыкчылыктарына карабастан, мобилдик тиркемелер аркылуу үйрөтүү жана үйрөнүү боюнча изилдөөлөр аз болууда. Мобилдик тиркемелерди кантип интеграциялоо жана реалдуу убакыт режиминде окутууда колдонуу маселеси жетиштүү изилденген эмес. Кийинки макалаларыбызда бул темага дагы да кенениреек изилдөө жүргүзүү менен токтолууга болот.

## АДАБИЯТТАР


1. Boser K., Wayland S. 7 Apps That Teach Literacy Skills: Visual and Sonic Aids Can Help Students with Language Disorders Improve Their Reading, Writing and Speaking // THE J. (Technological Horizons In Education). 2014. № 41 (2). с. 22.
2. Christensson P. Application Definition. URL: http://techterms.com (retrieved 17.04.2018).
3. Definition of app // Dictionary.com. URL: ttp://www.dictionary.com/browse/app (Retrieved 18.04.2018)

4. Definition of application // Merriam-webster.com. URL: http://www.merriamwebster.com/dictionary/application (retrieved 14.04.2018).

5. Drigas A., Pappas M. A Review of Mobile Learning Applications for Mathematics // iJIM. 2015. № 9 (3). P. 18–21.

6. Franko O., Tirrell T. Smartphone App Use Among Medical Providers in ACGME Training Programs // J. Med Syst. 2011. № 36 (5). P. 3135–3139.

7. Hashemi M., Azizinezhad M., Najafi V., Nesari A. What is Mobile Learning? Challenges and Capabilities // Procedia – Social And Behavioral Sciences. 2011. № 30. P. 2477–2481.

8. Hockly N. Mobile learning // ELT J.: English Language Teaching J. 2013. № 67 (1). P. 80–84.

9. Jonas-Dwyer D.D., Clark C., Celenza A., Siddiqui Z.S. Evaluating Apps for Learning and Teaching // Intern. J. of Emerging Technologies In Learning. 2012. № 7 (1). P. 54 – 57. Khaddage F., Lattenmann C. The future of mobile apps for teaching and learning / Berge, Zane L., Muilenburg, Lin Y.(Eds) // Handbook of mobile learning. NY: Routledge, 2013. P. 119–128.

10. Kinash S., Kordyban R., Hives L. What mobile learning looks like // Education technology solutions. 2012. № 49. P. 55–56.

11. Nisbet D., Austin D. Enhancing ESL Vocabulary Development Through the Use of Mobile Technology // MPAEA J. Of Adult Education. 2013. № 42 (1). P. 1–7. 13. Number of apps available in leading app stores 2015 // Statista URL: http://www.statista.com/statistics/276623/number-of-apps-available-in-leadingapp-stores/ (retrieved 15.04.2016).

14. Oxford Dictionary URL: http://www.oxforddictionaries.com/ definition/english/app (retrieved 13.04.2016).

15. Sesay D. Thinking about 'apps' for classroom use: An introduction to get you thinking! // Literacy Learning: The Middle Years. 2014. № 22 (3). P. 55–60.

16. Shipman K. Using apps in the classroom // Teaching Geography. 2014. № 39 (1). P. 32–33.

ИНФОРМАЦИОННЫЕ ТЕХНОЛОГИИ

УДК: 681.3

# ПРИМЕНЕНИЕ ГИС ТЕХНОЛОГИЙ В ПРОТИВОПОЖАРНОЙ СЛУЖБЕ

Эркебаев Ж.
магистрант ОшГУ,
Тажибаев А.
магистрант ОшГУ,
Насиров А.С.
магистрант ОшГУ,
Кочконбаева Б.О.
доцент кафедры ИСП ОшГУ

**Аннотация.** В борьбе с возгораниями и обеспечении безопасности общества противопожарная служба играет ключевую роль. В современном мире, где технологии становятся неотъемлемой частью нашей жизни, географические информационные системы (ГИС) представляют собой мощный инструмент для улучшения эффективности и оперативности работы пожарных служб. Это статья посвящено рассмотрению применения ГИС технологий в противопожарной службе и их важности для повышения эффективности предотвращения и борьбы с пожарами.

**Ключевые слова**: ГИС, пожарная безопасность, информационные технологии, пространственный анализ

# ӨРТКӨ КАРШЫ КЫЗМАТТА ГИС ТЕХНОЛОГИЯЛАРЫН КОЛДОНУУ

Эркебаев Ж.
магистрант ОшМУ,
Тажибаев А.
магистрант ОшМУ,
Насиров А.С.,
магистрант ОшМУ,
Кочконбаева Б.О.
доцент ОшМУ

**Аннотация.** Өрт өчүрүү кызматы өрт менен күрөшүүдө жана адамдардын коопсуздугун сактоодо негизги ролду ойнойт. Технология биздин жашообуздун ажырагыс бөлүгү болуп калган азыркы дүйнөдө, Географиялык маалымат системалары (ГИС) өрткө каршы кызматтардын эффективдүүлүгүн жана ыкчамдыгын жогорулатуунун күчтүү куралы болуп саналат. Бул макала өрткө каршы кызматта ГИС

технологияларын колдонууну жана алардын өрттүн алдын алуунун жана көзөмөлдөөнүн натыйжалуулугун жогорулатуу үчүн маанилүүлүгүн карайт.

**Ачкыч сөздөр**: ГИС, өрт коопсуздугу, маалымат технологиялары, мейкиндикте анализдөө

*Постановка задачи.* Город Ош, как и многие другие города, сталкивается с рядом проблем в области противопожарной защиты. Эти проблемы вызваны различными факторами: - нехватка оборудования и технических средств;

- недостаточная подготовка и обучение персонала;
- плотная застройка и старые здания;
- недостаточная осведомленность населения о мерах пожарной безопасности.

Из вышеперечисленных проблем самым острым в городе остается протная застройка и старые здания, которые непрерывно соединены между собой. Обычно пожарные не спешат использовать новые методы управления, потому что, высокая цена переустановки элементов противопожарной службы. В некоторых частях города не имеется канализационных служб и даже проблемы с водой очень негативно влияют на решение проблем в этой области. Тем не менее, увеличение спроса населения на коммунальные услуги в сочетании с уменьшением готовности платить за те услуги, подтолкнуло администраторам противопожарной службы, чтобы искать инструменты, которые позволяют им более эффективно распределять ресурсы.

*Анализ данных.* В связи с тем, что пожарная безопасность города характеризуются географической распределенностью, в деятельности управления государственной противопожарной службы большое количество технологических задач, для планирования и управления которыми необходимо провести пространственный анализ взаиморасположения и связи объектов. Это такие процессы, как проектирование новых объектов, планирование технического обслуживания, контроль растительности, эксплуатация линий электропередачи и подстанций и т.д.

Проанализировав пожарные происшествия, за период с 01.01.2014 до 30.09.2014 года, получили следующую диаграмму (рис.1).






а) б)







в) г)

Рис.1 а) диаграмма причины пожаров б) диаграмма потери от пожаров в) диаграмма объектов пожара (потери) г) количественная диаграмма объектов пожара

Потери от пожарных происшествий за указанный период составляет 19006202 сомов. Это большая сумма для небольшого города. Проблема является актуальной и для сокращения потерь в этой области мы должны применять конкретные меры. ГИС-технологии позволяют существенно сократить время от обнаружения пожара до выезда пожарных подразделений на место возгорания.

*Применение ГИС.* ГИС представляют собой системы, способные собирать, хранить, анализировать и представлять географическую информацию. Эти системы позволяют интегрировать данные о местности, инфраструктуре, климате, истории пожаров и других факторах, влияющих на риск возгорания, в единое пространственное представление. Это делает ГИС незаменимым инструментом для пожарных служб, позволяя им лучше понимать и анализировать среду, в которой они работают.

Одним из ключевых преимуществ применения ГИС в противопожарной службе является возможность создания детальных карт, отображающих географическое распределение рисков и уязвимостей. Это позволяет определить приоритетные районы для профилактических мероприятий, например, установки дополнительных сигнализаций или создания барьеров для ограничения распространения огня. А также, ГИС позволяют оптимизировать планирование и реагирование на чрезвычайные ситуации. С их помощью пожарные службы могут создавать маршруты для быстрого доступа к местам возгорания, учитывая особенности местности, расположение гидрантов и другие факторы. Это способствует более эффективному использованию ресурсов и быстрому реагированию на чрезвычайные ситуации. ГИС могут использоваться для анализа и прогнозирования пожароопасных условий. Путем интеграции данных о климате, ветровых потоках, наличии горючих материалов и других факторов. ГИС позволяют пожарным службам предсказывать вероятность возникновения пожаров и разработать соответствующие

стратегии предотвращения. Компьютерные технологии позволили пожарных анализировать данные в сложной манере без траты много времени. Это снизило зависимость пожарных от внешних отделов и консультантов. Это выгодно, потому что требования пожаротушения настолько строго, что это трудно для аутсайдеров моделировать их все точно при разработке плана распределения ресурсов. Появление настольных ГИС ускорил темп движения пожарных с использованием этой технологии.

*Выводы.* Проблемы в этой области требуют комплексного подхода и совместных усилий со стороны городских властей, общественных организаций и жителей города Ош. Необходимо проводить регулярные анализы уязвимостей, модернизировать инфраструктуру противопожарной защиты, повышать квалификацию персонала и улучшать координацию между различными службами и структурами. А также нужно применять современные методы с использованием ГИС. Только таким образом можно обеспечить безопасность горожан и минимизировать угрозу пожаров.

## ЛИТЕРАТУРА


1. Геоинформационные системы в дорожном строительстве: Справочная энциклопедия дорожника (СЭД). Т. VI./ А.В.Скворцов, П.И.Поспелов, В.Н.Бойков, С.П.Крысин. – М.: ФГУП "ИНФОРММАВТОДОР", 2006.
2. Основы геоинформатики: В 2-х кн. Кн. 1: Учеб. пособие для студ. вузов / Е.Г.Капралов, А.В.Кошкарев, В.С.Тикунов и др.; под ред. В.С.Тикунова. – М.: Издательский центр "Академия", 2004.
3. Основы геоинформатики: В 2-х кн. Кн. 2: Учеб. пособие для студ. вузов / Е.Г. Капралов, А.В.Кошкарев, В.С.Тикунов и др.; под ред. В.С.Тикунова. – М.: Издательский центр "Академия", 2004.
4. Майкл де Мерс, Географические информационные системы. М.: "Дата+", 2000.
5. Введение в Arc Info версии 7.1.1. М.: "ГИСпроект", 1998.
6. Введение в ArcView GIS. Рязань. "РИНФО", 1999.

ИНФОРМАЦИОННЫЕ ТЕХНОЛОГИИ

УДК 004/34

# САНАРИПТИК ТЕХНОЛОГИЯЛАРДЫ ЮРИДИКАЛЫК ИШМЕРДҮҮЛҮКТӨ КОЛДОНУУНУН ПРЕСПЕКТИВАЛАРЫ

Эркинов Амантур
студент юридикалык факультети ОшМУ
amanerkinov9@gmail.com,
Кулчинова Гулшайыр Абдурахмановна,
Окутуучу ОшМУ
kgulya1975@gmail.com

**Аннотация**. Бул макалада маалыматтык укук тармагында жогорку мааниге ээ болгон адистиктин пайда болушу жана зарылчылыгы, ошондой эле санариптик технологиялардын өнүгүшү жана көйгөйлөрү талкууланат. Кеп блокчейн жана финтех-тиркемелеринде веб-иштелмесин иштеп чыгууда түзүлгөн коркунучтарды эскертуу жөнүндө болмокчу. Макалада IT-юристтин иш чөйрөсү, көндүмдөрү жана кесиптик ишмердүүлүктү жүргүзүү үчүн адистик боюнча алган билимдерине талаптар, ошондой эле Smart contract (акылдуу контракт) сыяктуу инновациялык технологияларды киргизүүнүн келечеги жөнүндө сөз болот.

**Ачкыч сөздөр.** IT-юрист, веб-иштелмеси, санариптештирүү, жасалма интеллект, Smart contract, блокчейн, криптовалюта, жарандык укук.

# ПЕРСПЕКТИВЫ ПРИМЕНЕНИЯ ЦИФРОВЫХ ТЕХНОЛОГИЙ В ЮРИДИЧЕСКОЙ ДЕЯТЕЛЬНОСТИ

Эркинов Амантур
студент, юридический факультет ОшГУ,
amanerkinov9@gmail.com
Кулчинова Гулшайыр Абдурахмановна
преподаватель ОшГУ,
kgulya1975@gmail.com

**Аннотация**. В данной работе рассматриваются вопросы возникновения и необходимости узкопрофильного специалиста в области информационного права, также развитие и проблемы цифровых технологий. Говорится о создаваемой веб-разработке предупреждениях рисков в блокчейн и финтех-

приложениях. В статье рассказывается о сфере работы IT-юриста, умениях и навыках, выделяются требования на полученные знания по специальности для осуществления профессиональной деятельности, также о перспективах внедрения инновационных технологий как Smart contract (умный контракт).

**Ключевые слова**. IT-юрист, web-разработка, цифровизация, искусственный интеллект, Smart contract, блокчейн, криптовалюта, гражданское право.

С развитием цифрового пространства появляются и потребность в специалистах в данной сфере. В связи с переходом экономики Кыргызстана в цифровизацию для полноценного функционирования требуется подготовка компетентных специалистов, обладающих техническими знаниями, также знаниями в области юриспруденции или IT-юристов.

В учебных заведениях обучающих будущих юристов, есть возможность выбора студентами разных направлений в области права, последнее время в этом списке появился - юрист в области информационного права.

С компьютеризацией производств и других отраслей экономики, переходом бумагооборотов в цифровизацию, урегулирования правоотношений в информационной среде решение возникших задач должны выполняться специалистами, подготовленными в области информационного права.

Зарождение профессии юриста уходит в глубокую историю, так как человеческие взаимоотношения требовали справедливого решения. По развитию общества, а также развития разных направлений экономики, с расширением международных отношений породило нужду в специалистах компетентных именно в своем направлении, юристы информационного права, считающегося, узкопрофильным направлением возникла тоже по этой причине.

Практически все хозяйствующие субъекты для развития своей деятельности сталкиваются с информационными технологиями и потребность в специалистах растет пропорционально.

Квалифицированные специалисты в области информационного права востребованы в организациях, осуществляющих деятельность в киберпространстве такие как: web-разработки, разработка игрового софта, стартапер в цифровой индустрии, разработка программного обеспечения, в различных маркет плейсах, также сайты оказывающие услуги и организации применяющие цифровые платформы.




Относительно новое в Кыргызстане направление в области права так называемый IT-юрист решает задачи на стыке двух сфер, помимо знаний в области права он должен обладать еще и знаниями в IT.

Если на начальном этапе развития цифровой индустрии IT технологии использовались для простой коммуникации, то прогресс технологий с применением нейронных сетей дает обширные возможности.

Применение искусственного интеллекта во многих сферах деятельности человека является гарантом успеха на цифровом поле.

Достижения науки, развитие инновационных технологий в цифровой индустрии нуждается также и в защите от различных противодействий. Возникают спорные вопросы в лицензировании, в защите интеллектуальной собственности, в защите конфиденциальности данных, которые требуют вмешательство IT-юристов.





В Кыргызстане экономика переходит на цифровое обеспечение, к примеру по поручению правительства создана информационная система «Тундук», «Салык» и многие другие. В 2024 году должен заработать Цифровой кодекс Кыргызской Республики. По словам председателя кабинета министров А.Жапарова «Это значительно упрощает взаимодействие граждан, бизнеса и государственных органов с цифровыми услугами. Цифровой кодекс призван ликвидировать правовые коллизии и несоответствие, существующий в текущем множестве разрозненных законов, и способствовать более эффективному и скоординированному переходу к цифровому государству. Этот шаг станет

основой для дальнейшего развития цифровой экономки и укрепления информационной безопасности Кыргызстана».

Цифровая технология дает возможность обычным потребителям совершать различные финансовые операции через предлагаемой системой приложения, платежи коммунальных услуг, выдачи микрозаймов, выдача заработной платы, перевод денежных средств и многое другое. С насыщением цифрового рынка появились также и площадки для вложения, торговли финансовыми средствами без участия посредников, к примеру биткойн в начале своего зарождения 2009 году 1300 биткойнов стоили 1$, в 2024 году побил рекорд и 1 биткойн стоил до 6277450 сомов, такие достижения на рынке криптовалюты вызывают у людей желание вложить в любую биржу которая предлагает выгодные процентные ставки. Клиенты видят вложение и получение обещанных процентов, при этом пропускают что будет на протяжении достижения цели.




По причине безграмотного составления договора, вероятность получения прибыли сводится к нулю, бывают моменты невозврата вложенных средств. На бирже цифровых валют ориентироваться простому инвестору тяжело. Если потенциальный инвестор пожелает подстраховаться или свести к минимуму ожидаемые риски, то необходимость услуг юриста на информационно-цифровом пространстве возрастает по мере увеличения объема услуг в этой достаточно новой сфере.



В классических случаях вложений капитала и извлечений из этого прибыли вся операция заранее анализируется специалистами, предлагающими свои услуги.

При вложениях на криптобирже ситуация совсем иная, криптовалюта считается привлекательной для инвестирования, но не благонадежной и степень риска высок.

Урегулирование отношений и сделок на цифровом поле в Кыргызстане требуют более тщательного подхода к этому вопросу.

С ростом цифровизации увеличивается потребность в необходимых услугах правого урегулирования и сопровождения профессиональными юристами также платформами блокчейн и финтех-проектов, криптовалютных и других сервисов. Во всем мире цифровые активы, использование блокчейна привлекательная тема по причине нарастания прибыли. Сфера криптоинвестий и финтех-приложений находятся на стадии зарождения и регулирования, и участники этих проектов должны быть знакомы также с законодательными аспектами.

К решению задач надо подходить юридически правильно, чтобы не нарушить законы и в итоге не нести за это наказание. Во многих странах инновационная технология smart contract в блокчейне и в сфере криптовалют законодательно полностью не урегулировано, они на стадии появления.




К примеру, в момент расследования преступлений по хищению криптовалют, возврата незаконно переведенных активов децентрализованный и анонимный характер криптовалют порождают трудности, требуется применение технологий, превышающих по своим возможностям чем у зачинщиков процесса.

Smart contracts (умные контракты) имеют потенциал для революционизации юриспруденции и сферы права. Могут быть использованы:

✓ Для автоматического исполнения условий контрактов после выполнения определенных условий. Например, в случае нарушения договора, умный контракт может автоматически применить соответствующие штрафы или выплаты без необходимости обращения в суд.

✓ С помощью умных контрактов можно управлять правами на интеллектуальную собственность, такую как авторские права, патенты и торговые марки. Это позволяет автоматически регистрировать и защищать права, а также управлять лицензированием и распределением доходов.

✓ В сфере недвижимости умные контракты могут упростить процессы покупки, продажи и аренды недвижимости. Они автоматически выполняют условия сделок, включая передачу собственности и выплату средств после завершения сделки.

✓ Для разрешения споров путем создания программных условий, которые автоматически определяют результат спора и принимают соответствующие действия. Это может значительно сократить время и затраты на рассмотрение.

✓ Для создания и управления доверенностями. Например, они могут вычислить условия доступа к отдельным активам или информации и автоматически выполнять их при наступлении определенных событий.

Предположим, а) есть судебное решение о выплате определенной суммы денег от одной стороны к другой. Вместо того чтобы полагаться на традиционные методы исполнения, которые могут быть долгими и подвержены ошибкам, это исполнение может быть автоматизировано с помощью умного контракта.

б) Суд может создать умный контракт, который будет содержать информацию о судебном решении, сторонах и сумме, подлежащей выплате. Этот контракт будет программирован таким образом, чтобы автоматически выполняться, когда выполнены определенные условия.

в) Когда наступают условия, определенные в умном контракте (например, определенная дата или условие завершения оплаты), контракт автоматически выполняется. Средства могут быть автоматически переведены со счета должника на счет кредитора, без необходимости вмешательства третьих сторон.

г) Вся информация о выполнении контракта записывается в блокчейн, что обеспечивает прозрачность и невозможность изменения данных. Каждая сторона может проверить статус выполнения контракта в реальном времени, что способствует доверию и снижает риск мошенничества или споров.

И, поэтому применение умных контрактов в юриспруденции позволяет автоматизировать и обеспечить надежность в исполнении судебных решений, что может значительно сократить время и затраты на соблюдение контрактов и решений суда.

Помощь IT-юриста также необходима при поиске легальных способов обхода ограничений, при возврате замороженных активов на бирже и поиске криптовалют. Если в компаниях задачи на поле информационного права выполняет штатный IT-юрист, то для

граждан, не имеющих такой возможности также необходима, услуга юриста в таких ситуациях, как поиск утерянных и похищенных монет, стороннее действие с криптовалютой и декларирование криптовалют.

Таким образом задачей IT-юриста входит в урегулирование правовых норм между производителем и потребителем на цифровом поле применяя инновационные технологии.

Для выполнения этих задач подготовка специалистов требуют особого подхода и должна интенсивно гибко меняться, включать в себя изучение динамично развивающихся технологий для успешного применения на правовом поле.

Как уже отмечалось специалисты в данной сфере будут вести свою деятельность на стыке двух взаимодействующих направлений.

Такие критерии как способность адаптироваться новым реалиям, применение инноваций, умение сосредоточиться на потребителе, умение вести мониторинг и анализ - залог успешной карьеры будущих IT-юристов.

Поскольку IT-юрист смежная специальность и процесс подготовки ведется на разных формах обучения, для абитуриентов обучение ведется с нулевого цикла, а для профессиональных юристов достаточно курсов по повышению квалификации в области цифровых технологий. Профессиональным юристам для осуществления деятельности по направлению IT-юрист следует осваивать такие программы, как Ayfie, BanyanRFP, Case.one, doeLEGAL, EpiqSistems, Heretik,innovative Development, intensic, Lawclerk, LEAP, LexisHexis, logikcull, Minesoft, MyCase, Planet Data, Uptime Legal Sistems, Vuture и другие, также на цифровом пространстве появляются более усовершенствованные программы для юридического сопровождения различного рода задач, которые также следует изучить. Поэтому относительно новая специальность IT-юрист требует постоянного совершенствования навыков и умений.

Актуальность подготовки и переподготовки специалистов в области цифрового права увеличивается по мере цифровизации различных сфер деятельности человека.

Наравне с появлением инновационных технологий растет и спрос на специалистов умеющих применять эти технологии на практике. Поэтому, образовательным учреждениям необходимо своевременно реагировать на быстро меняющуюся цифровую сферу.

Уделяя внимание на подготовку востребованных на рынке труда специалистов в области информационного права, образовательная сфера в партнёрстве с цифровым бизнесом в итоге получат обоюдную выгоду.

## ЛИТЕРАТУРА

1.Кузнецов, П. У. Информационные технологии в юридической деятельности: учеб. для бакалавров / П. У. Кузнецов – М.: Юрайт, 2016.

2.Минаева, В. А. Информатика и информационные технологии в юридической деятельности: учебное пособие / под ред. В. А. Минаева, А. П. Фисуна, К. М. Бондаря. Хабаровск: Дальневосточный юридический институт МВД РФ, 2011. 380 с.

3.Геращенко, Е. А. Информационные технологии в юридической деятельности: учеб. пособие : в 2 ч. / М. М. Геращенко, Е. А. Печенкина, В. Н. Храпов ; СибАГС. Новосибирск: Изд-во СибАГС, 2012. Ч. 2. 191 с.

4.Закон КР от 6 августа 2018 года № 87 «О противодействии…» (minjust.gov.kg)

5.Закон КР «О виртуальных активах» от 21 января 2022 года № 12 Источник: https://cbd.minjust.gov.kg/112346;

6.К электронной системе «Тундук» подключили 14 государственных органов // Режим доступа https://24.kg/vlast/88621_ kelektronnoy_sisteme_tunduk_podklyuchili_14gosudarstvennyih_organov/

7.Официальный сайт Государственного комитета информационных технологий и связи Кыргызской Республики // Режим доступа http://www.ict.gov.kg/index.php?r=site%2Fabout

8.Кыргызстан вводит регулирование рынка криптовалют. Источник: https://cabar.asia/ru/kyrgyzstan-vvodit-regulirovanie-rynka-kriptovalyut

9.Закон Кыргызской Республики «Об Электронной подписи» от 19 июля 2017 года № 128 Источник: https://cbd.minjust.gov.kg/111635

10. Цифровой кодекс Кыргызской Республики https://24.kg/vlast/285930_vkyirgyizstane_poyavitsya_svoy_tsifrovoy_kodeks

11.Овчинников, А.И. Цифровые права как объекты гражданских прав / Овчинников А.И., Фатхи В.И.// Философия права, 2019, №3(90) - С.106;

12. Санникова, Л.В. Цифровые активы как объекты предпринимательского оборота / Санникова Л.В., Харитонова Ю.С. // Право и экономика. 2018. № 4.6

**МАТЕМАТИКА, ФИЗИКА, ТЕХНИКА ЖАНА ИНФОРМАЦИЯЛЫК ТЕХНОЛОГИЯЛАР ИНСТИТУТУНУН “ЖАШ ОКУМУШТУУ” ИЛИМИЙ ЖУРНАЛЫ**

**НАУЧНЫЙ ЖУРНАЛ «МОЛОДОЙ УЧЕНЫЙ» ИНСТИТУТА МАТЕМАТИКИ, ФИЗИКИ, ТЕХНИКИ И ИНФОРМАЦИОННЫХ ТЕХНОЛОГИЙ**

***Технический редактор:*** ***Абдирайимова Назигай Абдинабиевна***

Наш адрес: 723500, улица Ленина 331, г. Ош

Телефон: +996 550039753

Электронный адрес: journal-mpht@oshsu.kg

Сайт: www.oshsu.kg